КЫРГЫЗ
РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ЖОГОРКУ
СОТУНУН
**БЮЛЛЕТЕНИ**

**БЮЛЛЕТЕНЬ**
ВЕРХОВНОГО
СУДА
КЫРГЫЗСКОЙ
РЕСПУБЛИКИ

№1 (73)
2024-ж.

1991-ЖЫЛЫ ЯНВАРДА
НЕГИЗДЕЛГЕН

ОСНОВАН В ЯНВАРЕ
1991 ГОДА

**РЕДАКЦИЯЛЫК КОЛЛЕГИЯ**
**РЕДАКЦИОННАЯ КОЛЛЕГИЯ**
Давлетов А.А.
*(коллегиянын төрагасы,*
*юридика илимдеринин доктору)*
*(председатель коллегии,*
*доктор юридических наук)*

**Коллегиянын мүчөлөрү:**
**Члены коллегии:**
Чаргынова Т. Т.
Токтомамбетов К.Б.
Аманалиева Б.К.
Мыкыев С.А.
Бапаев К.А.
Мамытканова Ч. Дж.
Дүйшенова Э.М.

## М А З М У Н У

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленуму жөнүндө............................................ 4

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун төрагасынын орун басары Н.А.Мусаевдин кылмыш-жаза иштери боюнча соттук коллегиясынын 2023-жылдагы аткарган иштери жөнүндө маалыматы.....................................................................................................5

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун төрагасынын орун басары Ш.Р.Камчыбековдун жарандык жана экономикалык иштер боюнча соттук коллегиясынын 2023-жылдагы аткарган иштери жөнүндө маалыматы.....................................................................................15

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун төрагасынын орун басары Н.Ж.Бакированын административдик иштер боюнча соттук коллегиясынын 2023-жылдагы аткарган иштери жөнүндө маалыматы.....................................................................................................20

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун 2023-жылы караган иштери боюнча маалымат (2022-жылга салыштырмалуу).....................................................................................28

Кыргыз Республикасынын жергиликтүү сотторунун 2023-жылы караган иштери боюнча маалымат (2022-жылга салыштырмалуу)........................................................................33

Кыргыз Репубrликасынын сот тутумуна 100 жыл ....................................................................68

Сүрөттөр.....................................................................................................................71

«Жыныстык кол тийбестикке жана жыныстык эркиндикке каршы кылмыштар жөнүндө иштер боюнча соттук практика тууралуу» Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленумунун 2024-жылдын 17-октябрындагы №26 токтому...................................................76

«Соттор тарабынан айлана-чөйрөнү коргоого байланышкан жарандык иштерди кароодо мыйзамдарды колдонуунун айрым маселелери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленумунун 2024-жылдын 17-октябрындагы №27 токтому ....................................85

«Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленумунун 2018-жылдын 28-февралындагы №4 "Соттук чечим жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленумунун 2024-жылдын 17-октябрындагы №28 токтому......................................................................................................................94

«Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленумунун 2019-жылдын 24-майындагы №13 "Соттук өкүм жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленумунун 2024-жылдын 17-октябрындагы №29 токтому......................................................................................................................95

«Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленумунун 2022-жылдын 25-февралындагы "Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун алдындагы Илимий-консультациялык кеңештин курамын бекитүү жөнүндө" №8-токтомуна өзгөртүү киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленумунун 2024-жылдын 17-октябрындагы №31 токтому......................................................................................................................96

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун төрагасынын орун басары Н.А.Мусаевдин кылмыш-жаза иштери боюнча соттук коллегиясынын 2024-жылдагы аткарган иштери жөнүндө маалыматы.............................................................................................105-114

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун төрагасынын орун басары Ш.Р.Камчыбековдун жарандык жана экономикалык иштер боюнча соттук коллегиясынын 2024-жылдагы аткарган иштери жөнүндө маалыматы....................................................................................................106

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун төрагасынын орун басары Н.Ж. Бакированын административдик иштер боюнча соттук коллегиясынын 2024-жылдагы аткарган иштери жөнүндө маалыматы...........................................................................................................112

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун 2024-жылы караган иштери боюнча маалымат (2023-жылга салыштырмалуу)...............................................................................................116

Кыргыз Республикасынын жергиликтүү сотторунун 2024-жылы караган иштери боюнча маалымат(2023-жылгасалыштырмалуу)........................................................................................121

Кутман курагыңыздар кут болсун ..............................................................................................258

**Кыргыз Республикасынын**
**Жогорку сотунун Пленуму**

“Кыргыз Республикасынын Жогорку соту жана жергиликтүү соттор жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамына ылайык, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленумунун жыйналыштары 2024-жылдын 22-февралында жана 17-октябрында өткөрүлдү.

Пленумдун жыйналышына Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун судьялары, Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын кызматкерлери, Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын соттор жана прокуратура органдары менен өз ара аракеттенүү бөлүмүнүн, Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин, Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин, Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин өкүлдөрү катышты. Жергиликтүү соттордун судьялары видеоконференц-байланыш тутумун пайдалануу аркылуу катышышты.

2024-жылдын 22-февралындагы Пленумдун жыйналышында Жогорку соттун төрагасынын орун басарларынын - Жогорку соттун соттук коллегияларынын төрагаларынын 2023-жылдагы коллегиялардын иши жөнүндө маалыматтары угулду.

2024-жылдын 17-октябрындагы Пленумдун жыйналышында төмөнкү Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленумунун токтомдору кабыл алынды:

«Жыныстык кол тийбестикке жана жыныстык эркиндикке каршы кылмыштар жөнүндө иштер боюнча соттук практика тууралуу»;

«Соттор тарабынан айлана-чөйрөнү коргоого байланышкан жарандык иштерди кароодо мыйзамдарды колдонуунун айрым маселелери жөнүндө»;

«Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленумунун 2018-жылдын 28-февралындагы №4 “Соттук чечим жөнүндө” токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө»;

«Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленумунун 2019-жылдын 24-майындагы №13 “Соттук өкүм жөнүндө” токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө»;

«Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленумунун 2022-жылдын 25-февралындагы “Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун алдындагы Илимий-консультациялык кеңештин курамын бекитүү жөнүндө” №8-токтомуна өзгөртүү киргизүү жөнүндө.

**Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун төрагасынын орун басары Н.Мусаевдин кылмыш-жаза иштери боюнча соттук коллегиясынын 2023-жылдагы аткарган иштери жөнүндө маалыматы**

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун кылмыш-жаза иштери боюнча соттук коллегиясы тарабынан (мынадан ары соттук коллегия) **2023**-жылы жергиликтүү соттордун мыйзамдуу күчүнө кирген актыларын кассациялык тартибинде 1069 кылмыш иши (1398 адамга карата) каралган. Бул көрсөткүч мурунку жылга караганда 21,9 % көптүк кылат, анткени **2022**-жылы – 835 кылмыш иш каралган.

799 кассациялык даттануулардан – 331 (41,4 %) даттануу канааттандырылып, ал эми 468 ( 58,5 %) канааттандырылуусуз калтырылган.

260 прокурордун сунуштарынын 113 (43,4%) канааттандырылып, 147 (56,5 %) канааттандыруусуз калтырылган. Ошондой эле 10 кассациялык өндүрүш кыскартылган.

Мындан сырткары, кассациялык тартипте 15 соттук материал каралып, анын ичинен 10 соттук материал күчүндө, 2 жокко, 3 кассациялык өндүрүш кыскартылган, башкача айтканда 2023-жылы 34,7% азыраак түшкөн (2022-жылы – 23).

Жаңы жана кайтадан ачылган жагдайлар боюнча 655 адамдарга карата иштер каралып, алардын ичинен 538 (82,1 %) арыз жана 8 (1,2 %) сунуш канааттандырылган, 104 (15,8 %) арыз жана 5 (0,7 %) сунуш канааттандыруусуз калтырылган, ал эми 2022-жылга салыштырмалуу 2023-жылы 52,7 % адамдарга карата төмөнүрөөк иш каралган (2022-жылы – 1387).

Экстрадиция материалдары боюнча 282 материалдар түшүп, алардын ичинен 260 каралып: 226 (86,9 %) прокурордун сунушу канааттандырылып, 7 (2,6 %) сунуш канааттандыруусуз, сунушту чакыртып алуу 27 (10,3 %), ал эми, экстрадиция материалдарын кароосуз кайтарылгандыгы боюнча 4 (1.5%), башкача айтканда 2023-жылы соттук коллегия 42,6 % көбүрөөк карашкан (2022-жылы – 149).

2023-жылы соттук коллегиянын бир судьясына орто эсеп менен бир айда болгон иш жүктөм жалпы 19 ишти түздү (2022-ж. – 26,9 иш) анын ичинде 10 кылмыш-жаза иш (2022-ж. – 9,7 иш); 9 жаңы же кайтадан ачылган жагдайлар боюнча иштер, соттук материалдар жана экстрадиция материалдар (2022-ж. – 17,4 иш).

**Кассациялык жана апелляциялык даттануу менен сунуштардын негизинде каралган жергиликтүү соттордун иш кароосунун сапаты төмөндөгүдөй көрсөткүчтөр менен мүнөздөлөт (адамдардын саны боюнча)**:

Биринчи инстанциялык соттор тарабынан жалпы 11 661 адамга карата соттук актылар кабыл алынган, анын ичинен апелляциялык тартипте 3 173 адамга карата кылмыш иши каралып: 1 618 адамга карата күчүндө (50,99 %), 634 адамга карата жокко чыгарылып (19,98 %), 921 адамга карата өзгөртүлгөн (29,02 %).

Ал эми кассациялык тартипте 1 398 адамга карата (1069 иш) каралып, алардын ичинен: - 815 адамга карата биринчи жана экинчи инстанциялык соттордун өкүмдөрү күчүндө калтырылган (58,29 %); - 277 адамга карата өзгөртүлгөн (19,81 %); - 20 адамга карата кароосуз калтырылган (1,43 %), - 195 адамга карата жокко чыгарылган (13,94 %); - 61 адамга карата экинчи инстанциялык соттун өкүмү жокко чыгарылып, биринчи инстанциялык соттун өкүмү күчүндө калтырылган (4,36 %); - 30 адамга карата кыскартылган (2,78 %) анын ичинен:

- кылмыштын курамы жок болгонуна байланыштуу 21 адамга карата иш (КЖПКнин 27 берененин 1-бөлүгүнүн 2 пункту негизинде);
- жосундун декриминалдашуусуна байланыштуу 1 адамга карата иш (КЖПКнин 27 берененин 1-бөлүгүнүн 10 пунктунун негизинде);
- жабырлануучу жеке-айык айыптоону колдоодон баш тартканда – 7 адамга карата иш (КЖПКнин 27 берененин 1-бөлүгүнүн 13 пунктунун негизинде);
- каза болгондугуна байланыштуу 1 адамга карата иш (КЖПКнин 27 берененин 1-бөлүгүнүн 7 пунктунун негизинде).

Бүгүнкү күндө Кыргыз Республикасында соттук практикада болуп жаткан көйгөйлүү маселелерге, ошондой эле соттордун ишин уюштуруу, процессуалдык ченемдерин сакталышы, соттук чечимдердин аткарылышы, сот адилеттигин ишке ашырууну камсыздоо маселелери чоң мааниге ээ.

Белгилүү болгондой, сот тутумунда түзүлгөн инстанциялык баскычта апелляциялык инстанциядагы соттордун ролу абдан чоң. Жогору турган соттор тарабынан чыгарылган сот чечимдери тилекке каршы тийиштүү тариздөөнүн жана юридикалык негиздүүлүктүн дайыма эле үлгүсү болуп кызмат кылбайт.

Аппеляциялык инстанция соту биринчи инстанция сотунун мыйзамдуу чечимин негизсиз жокко чыгарган учурлар дагы кездешет. Анын жыйынтыгы болуп Жогорку соттун токтому боюнча облустук соттун чечими жокко чыгарылып, райондук соттун чечими күчүндө калтырылууда. 2023-жылы апелляциялык инстанциядагы соттордун 61 адамдарга карата соттук актылары жокко чыгарылып (өткөн 2022-жылы 35 адамдарга карата), биринчи инстанциядагы соттун чечими күчүндө калтырылган.

**Таблица №1**

| | Соттордун аталышы | Жылдар | Соттук актылардын саны | Адамдарга карата |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Бишкек шаардык соту | 2023-ж. | 13 | 14 адамга карата |
| 2 | Ош облустук соту | 2023-ж. | 4 | 10 адамга карата |
| 3 | Чүй облустук соту | 2023-ж. | 8 | 12 адамга карата |
| 4 | Жалал-Абад облустук соту | 2023-ж. | 6 | 6 адамга карата |
| 5 | Ысык-Көл облустук соту | 2023-ж. | 4 | 4 адамга карата |
| 6 | Баткен облустук соту | 2023-ж. | 3 | 7 адамга карата |
| 7 | Нарын облустук соту | 2023-ж. | 3 | 4 адамга карата |
| 8 | Талас облустук соту | 2023-ж. | 4 | 4 адамга карата |

Соттук актылардын бузулушунун дагы бир себеби, апелляциялык инстанциядагы соттордун процесстик мыйзамдарында көрсөтүлгөн ыйгарым укуктарын толук колдонбой, чечим чыгаруудан качып, формалдуу негизде биринчи инстанциядагы соттун соттук актысын жокко чыгарып, ишти кайра кароого жибергендиги. Ошондой эле, соттор тарабынан иш үчүн мааниге ээ болгон фактыларга баа бербестен кабыл алынган соттук актылар да кездешүүдө.

Экинчи инстанциядагы сот кылмыш - жаза ишин апелляциялык тартипте караган учурда иштин фактылай жагдайларын белгилөөнүн жана жазык мыйзамын колдонуунун тууралыгын, ошондой эле ишти кароодо жана чечүүдө жазык процесстик мыйзамдын сакталышын текшерүүгө, жазык иши боюнча чогулган тергөө жана биринчи инстанциядагы соттун жыйынтыгын тастыктоочу же четке кагуучу баардык материалдарга жана биринчи инстанциядагы соттук отурумунун жүрүшүнө, анын өкүмүнө толук баа берүүгө толук укуктуу экендигин белгилеп кетким келет.

Мындан сырткары, соттук коллегиянын практикасында жергиликтүү соттун соттук актысы жогорудагы негиздер менен жокко чыгарылып, иш жаңыдан кароого кайра жиберилген болсо, ушул эле иш мурда Жогорку сот тарабынан жергиликтүү соттордун кемчиликтерин четтетүү жана ишти мыйзамга ылайык так кароо керектигин көрсөтүү менен жаңыдан кароого жиберилген учурлар бар экендигин белгилеп кетүү зарыл.

Мисалы:

1. Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун жазык иштери боюнча соттук коллегиясынын 2022-жылдын 11-майындагы токтому менен Октябрь райондук сотунун 2021-жылдын 27-майындагы жана Бишкек шаардык сотунун жазык иштери жана жоруктар жөнүндө иштери боюнча соттук коллегиясынын 2021-жылдын 18-ноябрындагы Н.Н.Сыдыковго карата чыгарылган өкүмдөрү жокко чыгарылып, кылмыш ишти кайра кароо үчүн Октябрь райондук сотуна жөнөтүлгөн.

Бирок, кайра эле ошол иш кассациялык тартипте кароого түшүп Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун жазык иштери боюнча соттук коллегиясынын 2023-жылдын 23-августундагы токтому менен Октябрь райондук сотунун 2023-жылдын 2-февралындагы жана Бишкек шаардык сотунун жазык иштери жана жоруктар жөнүндө иштери боюнча соттук коллегиясынын 2023-жылдын 29-мартындагы Н.Н.Сыдыковго карата чыгарылган өкүмдөрү жокко чыгарылып, кылмыш иши кайра кароого Октябрь райондук сотуна жөнөтүлгөн.

2. Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун жазык иштери боюнча соттук коллегиясынын 2022-жылдын 11-октябрындагы токтому менен Ош облустук сотунун жазык иштери жана жоруктар жөнүндө иштери боюнча соттук коллегиясынын 2022-жылдын 28-июлундагы З.А.Туйбаевага карата чыгарылган өкүмү жокко чыгарылып, кылмыш иши кайра кароого Ош облустук сотуна жөнөтүлгөн.

Ошол эле иш кайра келип, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун жазык иштери боюнча соттук коллегиясынын 2023-жылдын 12-апрелиндеги токтому менен Ош облустук сотунун жазык иштери жана жоруктар жөнүндө иштери боюнча соттук коллегиясынын 2023-жылдын 23-январындагы З.А.Туйбаева карата чыгарылган өкүмү жана аныктамасы жокко чыгарылып, кылмыш иши кайра кароого Ош облустук сотуна жөнөтүлгөн.

3. Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун жазык иштери боюнча соттук коллегиясынын 2022-жылдын 20-апрелиндеги токтому менен Чуй облустук сотунун жазык иштери жана жоруктар жөнүндө иштери боюнча соттук коллегиясынын 2021-жылдын 29-ноябрындагы З.К.Сатывалдиев, Дж.Бейшенов, Дж.Бейшеновага карата чыгарылган өкүмү жокко чыгарылып, кылмыш иши кайра кароого Чүй облустук сотуна жөнөтүлгөн.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун жазык иштери боюнча соттук коллегиясынын 2023-жылдын 16-январындагы токтому менен Чуй облустук сотунун жазык иштери жана жоруктар жөнүндө иштери боюнча соттук коллегиясынын 2022-жылдын 16-августундагы З.К.Сатывалдиев, Дж.Бейшенов, Дж.Бейшенова карата чыгарылган өкүмү жокко чыгарылып, кылмыш иши кайра кароого Чүй облустук сотуна жөнөтүлгөн.

Ошондой эле соттук коллегия тарабынан жергиликтүү соттордун соттук актылары 195 адамга карата жокко чыгарылгандыгын белгилейм, анын себептери:

1. иштин материалдарынын иликтенбегендиги;
2. соттун тыянактарынын иштин фактылай жагдайларына ылайык келбеши;
3. иштин материалына туура юридикалык баа берилбегендиги;
4. туура эмес квалификациялагандыгы;
5. процессуалдык жана материалдык укук ченемдер туура колдонулбагандыгы саналат.
6. "Өкүм жөнүндө" Жогорку сотунун Пленумунун токтомун талаптары сакталбаганы

Мисалы:

1.) Мухамедсали уулу Ибрагимге карата чыгарылган Чүй облусунун Сокулук райондук сотунун 2022-жылдын 7-июлундагы жана Чуй облустук сотунун кылмыш иштери жана жоруктар жөнүндө иштери боюнча соттук коллегиясынын 2022-жылдын 5-октябрындагы өкүмдөрү жокко чыгарылып, кылмыш иш жаңыдан башка курамда кароо үчүн Чүй облусунун Сокулук райондук сотуна жиберилген.

Негиз: Биринчи жана апелляциялык инстанциядагы соттор И.Мухамедсали уулуна Кыргыз Республикасынын КЖКнин 280-беренесинин 2-бөлүгүнүн 1-пункту боюнча жаза дайындоодо өзүнүн соттук актысында соттолгондун мурдагы Чүй облустук сотунун 2022-жылдын 15-апрелиндеги өкүмү боюнча өтөлбөгөн жазанын мөөнөтү жаңы өкүмгө жарым-жартылай кошулууга жатаарын көрсөтүп, бирок аталган өкүм иш материалдарына тиркелген эмес жана ага кандай жаза дайындалып, өтөлбөгөн жазанын канча мөөнөтү калгандыгы тууралуу маалымат жок. Тактап айтканда, И.Мухамедсали уулуна жаза дайындоодо жазаларды бириктирип, жаңы чечим кабыл алууда эки инстанциядагы соттор эмненин негизинде жогорудагыдай тыянакка келгендиги белгисиз. *Судья Солкулук райондук соту А.Э.Боромбаев*, *Чүй облустук сотунун судьялары баяндоочу Т.Абдырашитов, судьялар: А.Абдугапаров, У.Калыбеков)*

2.) Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун токтому менен Боржуев Какенге карата чыгарылган Жалал-Абад облустук сотунун жазык иштери жана жоруктар жөнүндө иштер боюнча соттук коллегиясынын 2022-жылдын 21-июнундагы аныктамасы жокко чыгарылган. Кылмыш иш жаңыдан башка курамда кароо үчүн Жалал-Абад облустук сотуна жиберилген.

Негиз**:** Кыргыз Республикасынын КЖПКнин 27-беренесинин 1-бөлүгүнүн 12-пунктунда кылмыш куугунтугунун эскирүү мөөнөтү өтүп кеткенде кылмыш иши козголушу мүмкүн эмес, ал эми козголгон иш кыскартылууга жатаары көрсөтүлгөн. Ошондой эле ушул эле берененин 4-бөлүгүнүн талабына ылайык эгерде айыпталуучу буга каршы болсо, ушул берененин 1-бөлүгүнүн 10-12 жана 14-пункттарында көрсөтүлгөн негиздер боюнча ишти кыскартууга жол берилбейт. Бул учурда иш боюнча өндүрүш улантыла берет жана ага негиздер болгондо актоо өкүмүн же соттолгон адамды жаза өтөөдөн бошоткон айыптоо өкүмүн чыгаруу менен аяктайт. Ал эми бул иштин ичиндеги материалдарга караганда биринчи инстанциядагы соттук отурумда айыпталуучунун жактоочусу А. Кадыркулов Кыргыз Республикасынын ЖКнин 359-беренесинин 1,2-бөлүктөрү менен угузулган айыбы боюнча Кыргыз Республикасынын ЖПКнин 26-беренесинин 1-бөлүгүнүн 12-пунктунун талабына ылайык эскирүү мөөнөтү өтүп кеткендигине байланыштуу К. Боржуевдин кылмыш ишин кыскартып берүүнү суранган. Ал эми айыпталуучу К.Боржуев бул өтүнүчтү колдоорун билдирген. Мамлекеттик айыптоочу Т.Кенжебаев айыпталуучу К.Боржуевдин Кыргыз Республикасынын ЖКнин 359-беренесинин 1,2-бөлүктөрү менен угузулган айыбы боюнча кылмыш ишти Кыргыз Республикасынын ЖПКнин 26-беренесинин 1-бөлүгүнүн 12-пунктунун талабына ылайык, кыскартып, ал эми Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинин 210-беренесинин 1-бөлүгү менен угузулган айыбы боюнча эң минималдуу жаза белгилеп, пробациялык көзөмөл колдонууну сураган. Бирок апелляциялык инстанциядагы сот жабырлануучунун апелляциялык даттануусунун негизинде ишти карап, соттук отурумда К.Боржуев күнөөсүн мойнуна албай актап берүүнү сурангандыгын негиз кылып, Кыргыз Республикасынын КЖПКнин талаптарын эске албастан биринчи инстанциядагы соттун соттук актысын жокко чыгарып негизсиз жыйынтыкка келген. (*Ош облусунун судьялары О.Тункатаров, У.Мукамбетов, К.Эстебесов – баяндоочу).*

3) Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун 2023-жылдын 30-майындагы токтому менен Адиева Ырысбу Арыковнага карата чыгарылган Бишкек шаарынын Свердлов райондук сотунун 2022-жылдын 28-октябрындагы жана Бишкек шаардык сотунун жазык иштери жана жоруктар жөнүндө иштер боюнча соттук коллегиясынын 2023-жылдын 24-январындагы өкүмдөрү жокко чыгарылган. Кылмыш иши жаңыдан башка курамда кароо үчүн Бишкек шаарынын Свердлов райондук сотуна жиберилген.

Негиз: Биринчи жана апелляциялык инстанциядагы соттор тарабынан жогоруда көрсөтүлгөн соттук актыларын кабыл алууда иштин ичиндеги материалдарга тийиштүү түрдө баа берилбегендиги көрүнөт. Атап айтканда, соттор тарабынан жабырлануучу жана күбөлөр менен айыпталуучунун көрсөтмөлөрүндөгү карама-каршылыктар жоюлган эмес. Биринчи жана апелляциялык инстанциядагы соттор, кылмыш иш боюнча жогорудагыдай

чечим кабыл алууда далилдердин жыйындысын толугу менен изилдебестен, актоо өкүмүнө ылайык келген далилдерди колдонуп, ал эми ылайык келбегендери тууралуу юридикалык баа бербестен жыйынтыкка келген. (*Свердлов райондук сотунун судьясы Т.К. Абыкеев, Бишкек шаарынын судьялары баяндоочу-А.Кубатов А.Момуналиев, Н.Кожомбердиев)*

**Таблица №2**

| | **Соттун аталышы** | **Биринчи жана экинчи инстанциялык соттордун соттук актылары жокко чыгарылган саны** | **Апелляциялык инстанциядагы сотунун соттук актылары жокко чыгарылып, кайра кароого ошол эле сотко жөнөтүлгөндүн саны** | **Жалпы** |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Бишкек шаардык соту жана райондук соттор | 21 | 14 | 35 |
| 2 | Чүй облустук жана райондук соттор | 20 | 9 | 29 |
| 3 | Ош облустук жана райондук соттор | 9 | 9 | 18 |
| 4 | Жалал-Абад облустук жана райондук соттор | 8 | 8 | 16 |
| 5 | Баткен облустук жана райондук соттор | 5 | 0 | 5 |
| 6 | Талас облустук жана райондук соттор | 3 | 0 | 3 |
| 7 | Ыссык-Көл облустук жана райондук соттор | 5 | 2 | 7 |
| 8 | Нарын облустук жана райондук соттор | 3 | 0 | 3 |
| | | **Жалпы 74** | **Жалпы 42** | |

Бишкек шаары жана облустук соттору боюнча эң көп бузулган соттук актылар Бишкек шаардык сотунун судьялары А.Момуналиев, З.Джунусов (баяндоочулар) – 8, Чүй облустук сотунун судьясы Т.Абдырашитов (баяндоочу) - 9, Жалал-Абад облусунун сотунун судьясы У. Муканбетов (баяндоочу) – 8, Талас облусунун судьясы Т. Умуркулов (баяндоочу) – 6.

Ошондой эле белгилей кетсек, 2023-жылдын биринчи жарым жылдыгында Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун судьялары тарабынан кылмыш иштерин кароонун сапатын жакшыртуу маселеси боюнча жергиликтүү сотторго методикалык жана практикалык жардам көрсөтүү максатында кылмыш иштер жана соттук материалдар текшерилип келген.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун судьялары кылмыш иштерин жана соттук материалдарын текшерүүдө жергиликтүү соттор тарабынан канча бир КЖПКнын талаптарын бузулгандыгы боюнча фактылар табылган.

Мисалы:

**Чүй облусунун Жайыл райондук сотунун судьялары**

Судья Г.Жоробаева**:** - Р.Маматовго карата козголгон кылмыш иши боюнча 2022-жылдын башынан баштап сот отурумун протоколдору же аудио-видео жаздыруулар боюнча дисктери жок болгондугу аныкталган. Ошондой эле кылмыш иш 2022-жылдын 10-октябрында Р.Маматовго издөө жарыяланып, өндүрүштү токтотуу боюнча токтом чыгарылып, ал эми 2023-жылдын 13-мартында башкача айтканда 1 жыл өткөндөн кийин эскертме жөнөткөн.

Судья Н.Сооронбаев**:** - Т.Шералиевге карата козголгон кылмыш иши боюнча сот отурумун протоколдору же аудио-видео жаздыруулар боюнча дисктердин жоктугу, сот

отурумунун катчысы тарабынан түзүлө турган протоколдорунун жоктугу, тараптарга жөнөтүлгөн тескемелерде чыгыш № жана колу коюлбаганы аныкталган. Ошондой эле аталган кылмыш иш негизсиз токтотулган. Судья Н.Сооронбаевдин аталган иш боюнча иш кагаздарынын маанисине, кабыл алынган чечимдеринин аткарылуусуна жана жалпы иш материалдарына жетишсиз жана тийиштүү көңүл бурбагандыгы аныкталган.

**Жалал-Абад облусунун Аксы райондук сотунун** *(мурда Нарын облусунун Кочкор райондук сотунун)* судьясы

Судья Ө.Сарыбаедин өндүрүшүндө И.А.Калбаялиев, Т.Расулбек уулу, С.Сулайманова, Д.Кичинебатыровго карата козголгон кылмыш иши Наарын шаардык сотунан Кочкор райондук сотуна 2016-жылдын 8-апрелинде келип түшкөн. Бирок, судья М.Султаналиев Жалал-Абад облусунун Аксы райондук сотуна которулгандыгына байланыштуу кылмыш иши 2022-жылдын 24-майында Кочкор райондук сотунун судьясы О. Сарыбаевдин өндүрүшүнө өткөрүлүп берилген. Бул кылмыш иши боюнча судья М.Султаналиев тарабынан 2016-жылдын 28-апрелинен 2022-жылдын 15-апрелине чейинки 6 жылда 3 жолу экспертиза дайындалып, иштин каралуусу токтотулуп, **судья** М.Султаналиев тарабынан көзөмөлдөнбөй, натыйжада бул кылмыш иштин каралуусу жылдап созулуп, соттук кароонун процессуалдык мөөнөтү бузулган, ошондой эле бул жагдай бул кылмыш иштин эскирүү мөөнөтүнүн өтүшүнө таасирин тийгизген.

**Ош облусунун Кара-Суу райондук соту**

Судья Б.Иманбеков: – Р.Нурматова, А.Абылова, З.Паттахунова карата козголгон жазык иши 2022-жылдын 20-июлунда сот өзүнүн өндүрүшүнө кабыл алган, бирок бир жылга жакын иш каралып бүтө элегин, кылмыш ишке тийиштүү документтер ишке тигилбегени, соттук отурумунун протоколу жоктугу аныкталган.

И.Алибеков, У.Кочорбай уулуна карата козголгон кылмыш иштердин соттук отурумунун протоколдорунда судьянын жана катчынын колдору коюлбай калганы аныкталган.

Г.Базарбаеванын кылмыш иши 2022-жылдын 9-сентябрындагы өкүмү менен судья Б.Иманбековго айып пул түрүндөгү жаза берген, бирок ЖКнин талаптарына ылайык айып жазасы кошумча жаза болуп эсептелинет, ал эми негизи жазасы эркиндигинен ажыратуу жазасы болуп эсептелинет.

**Ош облусунун Ноокат райондук соту**

Судья К.Калиева: - М.Юлдашевдин кылмыш иши боюнча ишти кароодо соттук отурумду 2023-жылдын 22-февралынан 2023-жылдын 28-апрелине жылдырган (2 айга).

М.Маккамбаевдин кылмыш иши 2022-жылдын 3-октябрында сот өндүрүшүнө келип түшкөн. Ишти боюнча сот отуруму 2022-жылдын 14-октябрына дайындалган, тараптар келбегендигине байланыштуу ишти кароо 2022-жылдын 3-ноябрына жылдырылган. Кийин 2022-жылдын 3-ноябрында тараптардын келбегендигине байланыштуу ишти кароодо сот отуруму: 2022-жылдын 23-ноябрына, 2022-жылдын 23-ноябрынан 2022 жылдын 17-декабрына, 2022-жылдын 17-декабрынан 2023-жылдын 17-январына, 2023-жылдын 17-январынан 2023-жылдын 15-февралына, 2023-жылдын 15-февралынан 2023-жылдын 7 мартына, 2023-жылдын 7-мартынан 2023-жылдын 14-апрелине жылдырылган *(ар бир сот отуруму 1 айга жылдырылган).*

И.Маматкадировдун кылмыш иши боюнча 2022-жылдын 10-июнунда айыптоо өкүмү чыккан, айыптоо өкүмүндө негизги жаза белгиленип, бирок кошумча жаза берилбей калган *(2017-жылдагы редакциясы менен).*

Аталаган изилдөөнүн негизинде Кыргыз Республикасынын Жогорку соту - Судьялар кеңешине жергиликтүү соттордун судьяларына Кыргыз Республикасынын судьясынын ар-намыс кодекси менен бекитилген компетенттүүлүк жана аракетчилдик принциптерин одоно бузулгандыгы үчүн судьяга дисциплинардык чара көрүү сунушу менен кайрылган.

Анын жыйынтыгында:

1. 2023-жылдын 9-сентябрындагы Судьялар кеңешинин чечими менен Жалал-Абад

облусунун Аксы райондук сотунун *(мурда Нарын облусунун Кочкор райондук сотунун)* судьясы М.К.Султаналиевге карата сунуш канааттандыруусуз калтырылган.

2. 2023-жылдын 22-сентябрындагы Судьялар кеңешинин чечими менен Чүй облусунун Жайыл райондук сотунун судьясы Г.Ч.Жоробаевага карата сунуш канааттандырылып, эскертүү жарыяланган.

3. 2023-жылдын 10-октябрындагы Судьялар кеңешинин чечими менен Ош облусунун Кара-Суу райондук сотунун судьясы Б.О.Иманбековго карата сунуш канааттандырылып, ага эскертүү жарыяланган.

4. 2023-жылдын 22-сентябрындагы Судьялар кеңешинин чечими менен Чүй облусунун Жайыл райондук сотунун судьясы Н.К.Сооронбаевге карата сунуш канааттандырылып, ага эскертүү жарыяланган.

5. 2023-жылдын 10-октябрындагы Судьялар кеңешинин чечими менен Ош облусунун Ноокат райондук сотунун судьясы К.Дж.Калиевага карата сунуш канааттандырылып, ага эскертүү жарыяланган.

Мындан сырткары, жергиликтүү соттор, тергөө жана прокурорлор КЖПКнын талаптарын бузгандыгына байланыштуу соттук коллегия тарабынан 2023-жылында 2 жеке аныктама кабыл алынган.

| Судьялар | Кимге карата | Соттук | Жооп |
|---|---|---|---|
| А.Сыдыков – төрагалык кылуучу<br>Т.Бекешов -<br>К.Токтомамбетов - баяндоочу<br>2023-жылдын 7-августунда чыгарылган | Арыкбаев Рустамдын кылмыш ишин кароодо Бишкек шаарынын Ленин райондук сотунун судьясы М.Б.Тентимишовдун, Бишкек шаардык сотунун судьялары М.С.Динеев, А.М.Карабеков, А.Т.Калбаевдин Кыргыз Республикасынын КЖПКнин талаптарын одоно түрдө бузгандыгына байланыштуу Кыргыз Республикасынын Жогорку сонунун төрагасы З.Базарбековдун көңүлүн буруу боюнча жеке аныктама | Судьялар кеңешине | Ленин райондук сотунун судьясы М.Б.Тентимишов,<br>Бишкек шаардык сотунун судьялары М.С.Динеев, А.М.Карабеков, А.Т.Калбаевдин – эскертүү жарыяланган. |
| А.Сыдыков – төрагалык кылуучу<br>Т.Бекешов -<br>Н.Атаназаров - баяндоочу<br>2023-жылдын 13-декабрында чыгарылган | Абдуллаев Рустамбек Бахаповичтин кылмыш иши боюнча Кыргыз Республикасынын УКМКнин Жалал-Абад облусу боюнча Башкы башкармалыгынын ТБнүн улук тергөөчүсү юстициянын ага лейтенанты Т.Н. Арыбаев жана Жалал-Абад облусунун прокурорунун орун басары юстициянын майору Зулпукар уулу З. Кыргыз Республикасынын КЖПКнин талаптарын одоно түрдө бузгандыгы үчүн жеке аныктама | Судьялар кеңешине | Комиссия түзүлүп, кызматтык изилдөө жүргүзүүдө |

Ошондой эле жергиликтүү соттор чыгарган жеке аныктамалар жөнүндө айта кетсем: милиция кызматкерлери, прокурорлор, жактоочулар, УКМК кызматкерлери тарабынан

КЖПКнын талаптарын бузулгандыгы үчүн 2023-жылында 444 жеке аныктама кабыл алынган, анын ичинен:

1. Бишкек шаарынын жана райондук соттору тарабынан – 147
2. Чүй облусунун жана райондук соттору тарабынан – 108
3. Ош облусунун жана райондук соттору тарабынан – 71
4. Жалал-Абад облусунун жана райондук соттору тарабынан – 25
5. Талас облусунун жана райондук соттору тарабынан – 21
6. Ысык – Көл облусунун жана райондук соттору тарабынан – 28
7. Баткен облусунун жана райондук соттору тарабынан – 20
8. Нарын облусунун жана райондук соттору тарабынан – 24

Актоо өкүмдөр боюнча, тергөө жана прокурорлор тарабынан кылмыш-жаза иштери толук изилденбей жана юридикалык так баа берилбегендиктен 2023-жылында соттор тарабынан 264 актоо өкүмдөрү кабыл алынган.

| № | Облустар жана Бишкек шаары | Өкүм чыгаруу менен каралган иштердин саны | Өкүм чыгаруу менен каралган иштер боюнча адамдардын саны | Анын ичинен | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | Соттолгон адамдардын саны | Акталган адамдардын саны |
| 1 | Нарын | 159 | 232 | 228 | 4 |
| 2 | Талас | 217 | 264 | 259 | 5 |
| 3 | Чүй | 1155 | 1441 | 1349 | 92 |
| 4 | Ысык-Көл | 489 | 557 | 547 | 10 |
| 5 | Бишкек | 1317 | 1660 | 1524 | 136 |
| 6 | Ош | 881 | 1073 | 1041 | 32 |
| 7 | Баткен | 334 | 397 | 385 | 12 |
| 8 | Жалал-Абад | 706 | 889 | 869 | 20 |
| | Баардыгы | 5258 | 6513 | 6202 | 311 |

2023-жылда апелляциялык инстанциядагы соттордун актоо өкүмдөрүнө даттанууларды караганы жана айыптоо өкүмү жокко чыгарылып, актоо өкүмү кабыл алынгандыгы:

| Адамдарга карата актоочу өкүмдөр апелляциялык тартипте каралган | | | | айыптоо өкүмү жокко чыгарылып, актоо өкүмү кабыл алган (адамдарга карата) |
|---|---|---|---|---|
| жалпы даттанылган | жокко чыгарылган | күчүндө калтырылган | өзгөртүлгөн | |
| 297 | 49 | 202 | 46 | 57 |

2023-жылда Жогорку сот тарабынан актоо өкүмдөрүнө карата кассациялык даттанууларды караганы жана айыптоо өкүмү жокко чыгарылып, актоо өкүмү кабыл алынгандыгы:

| Адамдарга карата актоочу өкүмдөр кассациялык тартипте каралган | | | | айыптоо өкүмү жокко чыгарылып, актоо өкүмү кабыл алган (адам. карата) |
|---|---|---|---|---|
| жалпы даттанылган | 1 жана 2-инстанциянын өкүмдөрү жокко чыгарылган | 1 жана 2-инстанциянын өкүмдөрү күчүндө калтырылган | 1 жана 2-инстанциянын өкүмдөрү өзгөртүлгөн | |
| 117 | 29 | 87 | 1 | 0 |

(311-297=14+202+57=273-117=156+87+21 (КЖПКнин 27-б.) = 264 адамга карата).

Мындан сырткары белгилеп кетсем, 2023-жылында мамлекеттик айыптоочулар айыптоодон баш тарткан учурлар дагы көбөйүүдө. Анын себептери, айыпталуучунун жосунунда кылмыштын курамы жок болгондугуна байланыштуу 14 адамга карата кылмыш-жаза иш кыскарылган:

1. Свердлов райондук соту – 3 адамга карата
2. Ленин райондук соту – 3 адамга карата
3. Октябрь райондук соту - 1 адамга карата
4. Чүй райондук соту – 1 адамга карата
5. Аксы райондук соту – 1 адамга карата
6. Сузак райондук соту - 1 адамга карата
7. Ош облустук соту – 1 адамга карата
8. Ош шаардык соту – 2 адамга карата
9. Баткен райондук соту – 1 адамга карата

Ошондой эле экстрадиция соттук материалдарына кайрыла кетсек, 2023-жылында мамлекеттик айыптоочу тарабынан 27 сунуш чакыртып алынган, ал эми канааттандыруусуз калтырылгандыгы - **7**.

Канааттандыруусуз калтыруунун бирден-бир себеби бул соттолгон адамдар Кыргыз Республикасынын жараны болбогондугу:

Мисалы: Соттолгон Т.Мамедов Азербайжан Республикасынан жараны болгон, Кыргыз Республикасынын аймагында туруктуу жери жок, бирок ага карабастан Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынан сунуш түшкөн (18-январь 2023-жылдын КР Жогорку сотунун токтому).

Соттолгон Р.Турсуновдун материалында Кыргыз Республикасынын жараны болгону тууралуу бир дагы маалымат жок, башкача айтканда паспорт же башка өздүгүн аныктаган документтери тиркелбеген, андан сырткары соттолгон Р.Турсуновдун көрсөтмөсүнө ылайык ал Россия Федерациясынын жараны болгон (19- декабрь 2023-жылдын КР Жогорку сотунун токтому).

Мөөнөтү өтүп каралган кылмыш-жаза иштер боюнча маалымат:

Жергиликтүү соттор тарабынан Кыргыз Республикасынын КЖПКда көрсөтүлгөн кылмыш иштердин мөөнөттөрү боюнча талаптарды бузуп, иштерди караган учурлар дагы бар, алар жалпы Республика боюнча 1 510 ишти түзгөн, анын ичинен:

1) Бишкек шаары жана райондук соттор боюнча – 527 иш,
2) Нарын облусу жана райондук соттор боюнча – 23 иш,
3) Баткен облусу жана райондук соттор боюнча – 37 иш,
4) Ысык-Көл облусу жана райондук соттор боюнча – 123 иш,
5) Жалал-Абад облусу жана райондук соттор боюнча – 86 иш,
6) Ош облусу жана райондук соттор боюнча 366 иш,
7) Талас облусу жана райондук соттор боюнча 17 иш,
8) Чүй облусу жана райондук соттор боюнча – 331 иш.

Мисалы:

1) Р.М.Алыбаеванын кылмыш-жаза иши 2020-жылдын 24-сентябрында Биринчи май райондук сотунун өндүрүшүнө түшкөн. Бирок, аталган иш 2023-жылдын 3-июлунда каралган, башкача айтканда 2 жыл 10 айда соттук акт кабыл алынган *(судья Ч.М.Уметалиева)*
2) У.Бралкиеванын иши боюнча, иш 2021-жылдын 30-сентябрында Биринчи май райондук сотуна түшүп, бирок 2023-жылдын 27-январында аталган иш каралган, башкача айтканда 1 жыл 4 айда соттук акт кабыл алынган *(судья Ч.М.Уметалиева)*
3) Сыдыков И.Дж., А.А. Торобековдун иши 2021-жылдын 24-февралында Биринчи май

райондук сотуна түшкөн. Бирок, иш 2023-жылдын 9-январында каралган, башкача айтканда 1 жыл 11 айда соттук акт кабыл алынган *(судья М.Термечиков )*

4) Батыралиева А.Дж., Хезан Цзяньхун, Шаршенбаева К.А., Султанова С.А., Алутина А.И., Джумалиева А.М., Д.А. Исмаилованын иши 2018-жылдын 3-ноябрында Биринчи май райондук сотуна түшкөн. Бирок, 2023-жылдын 27-сентябрында аталган иш каралган, башкача айтканда 4 жыл 11 айда соттук акт кабыл алынган *(судья М.Термечиков)*
5) М.Сагынбековдун иши боюнча 2020-жылдын 15-июнунда Нарын шаардык сотунун өндүрүшүнө түшкөн. Бирок, 2023-жылдын 10-октябрында аталган иш каралып, башкача айтканда 2 жыл 4 айда соттук акт кабыл алынган *(судья Г.Эрматова).*
6) А.Р.Мамбетказиеванын иши боюнча 2016-жылдын 20-октябрында Джети-Өгүз райондук сотуна түшкөн. Бирок, 2023-жылдын 12-январында аталган иш каралган, башкача айтканда 6 жыл 3 айда соттук акт кабыл алынган *(судья Н.А.Бекташов).*

Жергиликтүү соттор тарабынан токтотулган иштер боюнча маалымат:

Республика боюнча жергиликтүү соттор тарабынан 465 кылмыш иштери токтотулуп турат, анын ичинен:

1. Бишкек шаары жана райондук соттор – 244
2. Чүй облусу жана райондук соттор – 87
3. Нарын облусу жана райондук соттор – 4
4. Баткен облусу жана райондук соттор – 8
5. Ысык-Кол облусу жана райондук соттор – 25
6. Жалал-Абад облусу жана райондук соттор – 46
7. Ош облусу жана райондук соттор – 39
8. Талас облусу жана райондук соттор – 12

Кылмыш иштерди өндүрүштөн токтотуунун себептери болуп - тараптар келбегендигине, айыпталуучу ооруп жаткандыгына байланыштуу, тараптардын өтүнүчтөрү боюнча жана соттук экспертизаларга жөнөтүү саналат.

Материалдык зыян боюнча 2023-жылдын маалыматы:

Материалдык зыян келтирилгендиги боюнча жергиликтүү соттор тарабынан жалпы мамлекеттин пайдасына - 964 825 977,68 сом, тарапка – 710 809 356,856 сом өндүрүлгөн.

Аткарылганы: мамлекетке – 160 722 370,88 сом, тарапка 237 443 973 сом.

| № | Соттун аты жөнү | Канча сумма | | Канча төлөнгөнү | | Калдык | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Мамлекетке | Тарапка | Мамлекетке | Тарапка | Мамлекетке | Тарапка |
| 1 | Бишкек шаардык соту жана район-дук соттор | 578 312 578,2 | 422 377 845,956 | 11 077 980,4 | 78 499 393,6 | 567 234 597,8 | 343 878 452,356 |
| 2 | Чуй облусу жана райондук соттор | 14 874 570 | 159 233 819 | 1 041 131 | 99 767 971 | 8 180 613 | 50 835 656 |
| 3 | Ош облусу жана райондук соттор | 223 718 951 | | 105 129 000 | 4 740 010 | 54 260 553 | 59 789 388 |
| 4 | Жалал-Абад облу-су жана райондук соттор | 84 073 627 | 93 655 225 | 14 317 739 | 39 481 332 | 69 755 888 | 54 173 893 |
| 5 | Талас облусу жана райондук соттор | 20 606 967,08 | 13 538 378 | 5 301 214,08 | 699 693 | 15 305 753 | 12 838 685 |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 6 | Ыссык-Көл облусу жана райондук соттор | 6 028 873 | 14 164803 | 3 595 964 | 6 758 204 | 2 432 909 | 7 406 599 |
| 7 | Нарын облусу жана райондук соттор | 10 288 058,4 | 16 707 73,9 | 610 918,4 | 1 571 619,4 | 9 677 140 | 15 136 418 |
| 8 | Баткен облусу жана райондук соттор | 26 922 353 | 6168512 | 19 648 424 | 5 925 750 | 17 219 535 | 7 273 929 |

Моралдык зыян боюнча 2023-жылдын маалыматы:
Моралдык зыян келтирилгендиги боюнча жергиликтүү соттор тарабынан жалпы мамлекеттин пайдасына – 0, тарапка - 12 489 157 00 сом өндүрүлгөн.
Аткарылганы: мамлекетке – 0, тарапка 607 000 сом

## Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун төрагасынын орун басары Ш.Р. Камчыбековдун жарандык жана экономикалык иштер боюнча сот коллегиясынын 2023-жылдагы ишинин жыйынтыктары жөнүндө БАЯНДАМАСЫ

2023-жылы жарандык жана экономикалык иштерди жана сот материалдарын кароо боюнча соттор тарабынан аткарылган иштерге токтолгум келет.

2023-жылы 1-инстанциядагы сотторго 91 986 доо арыз жана 20 701 соттук материалдар келип түшкөн, бардыгы - 112 687 иш. 2022-жылга салыштырмалуу өткөн жылы 19 459 ишке көп түшкөн. Өсүш 17,30% түзөт.

2023-жылы доо арызды бергенде төлөнгөн мамлекеттик алымдын суммасы 205 026 520,74 сомду түздү. Сот тарабынан иштерди кароонун жыйынтыгы боюнча 207 282 526,42 сом өндүрүлгөн. Ишти кароого байланышкан коромжулар 125 950,64 сом түзгөн.

2023-жылы Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун жарандык жана экономикалык иштер боюнча соттук коллегиясы тарабынан кассация тартибинде 2780 жарандык иш каралган, бул көрсөткүч 2022-жылга салыштырмалуу 33,2% көбүрөөк, ошондой эле 570 соттук материал каралып, 2022-жылга салыштырмалуу 33% төмөн. Жалпысынан 3350 жарандык жана экономикалык иштер каралган (анын ичинен экономикалык иштер- 312) бул көрсөткүч 2022-жылга салыштырмалуу 15,1% көбүрөөк (2022 жылы - 2845 иш). Соттук коллегиянын бир судьясына орточо иш жүктөмү айына 19,42 иш же жылына 233,14 иш түзгөн.

Иштердин эң көп даттанылуучу категориялары:

- бүтүмдү жарактуу/жараксыз деп табуу жөнүндө – 562;
- карызды өндүрүү жөнүндө – 333;
- турак жайдан чыгаруу жөнүндө – 206;
- мурастоо жөнүндө – 156;
- жер укуктук мамилелеринен келип чыгуучу иштер боюнча – 156 иштер.

Каралган иштердин сапаты боюнча белгилеп кетсек, 78 жарандык жана экономикалык иштер, 35 соттук материалдар боюнча жаңы чечимдерди кабыл алган, 15 жарандык жана экономикалык иштер боюнча жергиликтүү соттордун соттук актылары өзгөртүлгөн, 407 жарандык жана экономикалык иштер жана 37 соттук материалдар боюнча сот актылары жокко чыгарылып жаңы кароого жөнөтүлгөн.

Жергиликтүү соттордун соттук актыларын бекитүү жалпысынан 74,4% түзүп, мурдагы жылга салыштырмалуу 7% төмөн. Бул көрсөткүч судьялардын ишинин сапаты төмөндөп кеткендигин тастыктап турат.

Акыркы мезгилде сот тутуму кабыл алынган сот актылары үчүн коом тарабынан чоң сынга алынып келет. Алардын айрымдары адилеттүү жана негиздүү - бул фактыны моюнга

алышыбыз керек. Ушуга байланыштуу мыйзам бузууларга жол бербестен, сот адилеттигин кесипкөй жана адилеттүү жүзөгө ашыруу зарыл. Кабыл алынган сот актысына тараптардын түшүнбөстүгүн жоюу үчүн судьялар өз чечимин түшүндүрүшү керек, анткени бардык жарандар юридикалык жактан компетенттүү эмес жана сот актысынын мазмунун дайыма эле түшүнө беришпейт, бул жарандардын нааразычылыгын азайтууга мүмкүндүк берет.

Жүргүзүлүп жаткан соттук реформанын алкагында Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун төрагасы З.К. Базарбеков тарабынан адилеттүү, заманбап жана санариптик сот системасын түзүү боюнча зор иштерди жүргүзүп жатат, анын бири - судьяларды ротациялоо.

Судьяларды ротациялоонун натыйжасында биздин өлкөнүн региондорунда иштерди кароонун сапатынын деңгээли жогорулаганы көрүнүп турат. Демек, судьялардын ротациясы өзүнүн оң натыйжаларын берди деп айтууга болот. Ошол эле учурда, статистикалык маалыматтардан көрүнүп тургандай, Чүй облусунун жергиликтүү сотторунун көрсөткүчтөрү мурунку жылдарга салыштырмалуу төмөндөгөн. Ошол эле учурда облустук соттун төрагасынын орун басары И.Горшковская тарабынан сот адилеттигин ишке ашырууда ката кетирген биринчи инстанциядагы судьяларды методикалык жана насааттык иштер жүргүзүлүп жатканын белгилеп кетким келет.

Ал эми судья өзүнүн кесиптик милдеттерин ак ниет, адилет, жогорку кесиптик деңгээлде аткарууга тийиш экендигин белгилеп кетким келет. Судья өзүнүн кесиптик квалификациясын жогорулатуу менен дайыма алектенүүгө, сот адилеттигин жүзөгө ашыруу боюнча милдеттерди жүзөгө ашыруу үчүн зарыл болгон билимин жогорку деңгээлде кармап турууга милдеттүү.

Эгерде райондук соттордун бекитүү көрсөткүчтөрү жөнүндө айта турган болсок, апелляциялык тартипте даттанылган сот актылары боюнча жогорку көрсөткүчкө Бишкек шаарынын Свердлов райондук соту ээ - 80%.

Апелляциялык инстанциядагы соттордун ичинен соттук актыларды бекитүүнүн эң жогорку көрсөткүч Нарын облустук сотуна таандык - 83,05%,

-Баткен облустук соту - 82,67%,

-Жалал-Абад облустук соту - 80,71%,

-Бишкек шаардык соту - 76,78%,

-Талас облустук соту - 76,67%,

-Ош облустук соту - 76,17%,

-Ысык-Көл облустук соту - 71,52%,

-Чүй облустук соту - 67,92%.

Экинчи инстанциядагы соттордун судьяларынын ичинен соттук актыларынын бекитилишинин эң төмөнкү көрсөткүч жөнүндө айта турган болсок, Нарын облустук сотунда - судья Б.Мусурманкулов – 58,33%;

-Чүй облустук сотунда - судья Г.Кожобекова – 56,45%;

-Баткен облустук сотунда – судья З.Алгожоев – 55,56%;

-Ысык-Көл облустук сотунда - судья А.Абдраимов – 55%;

-Талас облустук сотунда - судья М.Пазылов – 50%.

Жарандык жана экономикалык иштер боюнча жергиликтүү соттордун кассациялык тартипте даттанылган соттук актыларын жокко чыгаруунун негизги себептерин аныктоо үчүн Кыргыз Республикасынын Жогорку соту тарабынан 2023-жылдын жыйынтыгы боюнча изилдөө жүргүзүлгөн.

Изилдөөнүн жыйынтыгына ылайык, 113 соттук акт (19,76%) материалдык укуктун бузулушунан, 444 акт (77,62%) процесстик укуктун бузулушунан, 15 акт (2,62%) материалдык жана процесстик укуктун ченемдеринин бузулушунан улам жокко чыгарылган.

Кассациялык тартипте каралган иштерден көрүнүп тургандай, жарандык иштерди кароодо төмөн турган соттор материалдык укуктарды колдонууда сот актыларынын жокко

чыгарылышына жана жаңы чечимдердин кабыл алынышына алып келген бузууларга жол беришкен. Бул судьялар аталган иштерди кароодо дайыма эле иштин материалдарына жетиштүү көңүл бурбай, аларга туура эмес баа берип, материалдык укуктун ченемдерин туура эмес колдонушаарын көрсөтүп турат.

Ал эми сот актыларын жокко чыгаруунун эң негизги себептери процессуалдык мыйзамынын талаптарын бузуу болуп саналат. Жергиликтүү соттордун 459 соттук актысы (же 80,24%) Кыргыз Республикасынын ЖПКнын 339,341-беренелеринде каралган процесстик укуктун ченемдерин соттордун бузуусунун натыйжасында гана жокко чыгарылган.

Кабыл алынган чечимдерди жокко чыгаруу жана иштерди жаңыдан кароого жиберүү үчүн негиз болгон негизги процессуалдык бузуулардын катарына чечимдин мыйзамдуулугуна жана негиздүүлүгүнө түздөн-түз таасир келтирген процесстик ченемдеринин олуттуу бузуулары киришет.

Тактап айтканда, соттор тарабынан иштин бардык материалдарын жана жагдайларын толук эмес жана жетишсиз изилдөөгө байланыштуу, ишти кароодо укуктары жана милдеттери козголгон кызыкдар жактарды ишке катышууга тартылбаган үчүн, ишти апелляциялык инстанцияда кароонун чектерин жөнгө салуучу процесстик мыйзамдардын ченемдерин этибарга албагандыгы. Сот актыларын жокко чыгаруунун көрсөтүлгөн негиздери соттор көбүнчө ишти формалдуу түрдө соттук териштирүүгө даярдаганын көрсөтөт.

Апелляциялык инстанциядагы соттор айрым учурларда жаңы фактыларды аныктоо, жаңы жагдайларды иликтөө, иштин материалдарындагы далилдерге жаңы баа берүү, иш боюнча жаңы чечим кабыл алуу боюнча ыйгарым укуктарын эске алышпай, формалдуу түрдөө биринчи инстанциядагы соттун чечимин бузуп, ишти жаңы кароого жөнөтүшөт.

Жалпысынан изилдөөнүн жыйынтыгы боюнча соттор соттук актылардын сапатын жакшыртуу зарылдыгын көрсөттү, буга тиешелүү түрдө ар бир судьянын өзүнчө жана бүтүндөй соттун ишинин көрсөткүчтөрүнө оң таасирин тийгизет. Соттордун төрагалары иштерди кароонун сапатын, соттук актыларды даярдоонун сапатын жогорулатууну, сот адилеттигин жүзөгө ашырууда негизсиз кийинкиге калтырууну жана ишти кароону чою фактыларын жокко чыгарууга карата чараларды көрүшү зарыл.

Көрсөтүлгөн кемчиликтерди жоюу үчүн жергиликтүү соттордун төрагалары процессуалдык мыйзамдардын туура колдонулушуна туруктуу негизде жана усулдук көзөмөл жүргүзүүсү зарыл.

Статистикалык маалыматтарга ылайык соттордо процесстик мөөнөттөрдү бузуу менен иштерди кароо фактылары бар экендиги көрүнүп турат, алар 2023-жылы каралган бардык иштердин - 2,59% түзөт.

Мында негизги себептер катары тараптардын келбей калышы, тараптардын өтүнүчтөрү боюнча иштин кийинкиге калтырылышы ж.б. негиздер көрсөтүлөт. Бирок жогоруда айтылгандар сот процесстеринин талаптагыдай уюштурулбагандыгы, айрым судьялардын кызматтык милдеттерин аткарууга жеңил мамилеси, соттордун аппаратынын кызматкерлеринин аткаруучулук тартибинин төмөндүгү, соттордун төрагалары тарабынан талаптагыдай көзөмөл жоктугу иштерди кароонун процесстик мөөнөттөрүнүн бузулушунун себептери болуп саналаарын билдирет. Бул жетишсиздик сот адилеттигинин натыйжалуулугуна терс таасирин тийгизүүдө, ошондуктан жергиликтүү соттордун төрагаларынын өз милдеттерин талаптагыдай аткаруу, анын ичинде иштердин кыймылын көзөмөлдөө боюнча да өзгөчө көңүлүн буруу зарыл деп эсептейм.

Акыркы мезгилде ак ниетсиз тараптар тарабынан ишти кароону создуктуруу үчүн негизсиз өтүнүчтөрдү киргизип жана аларга карата даттанууларды берүү байкалган. Ушуга байланыштуу негизги иштен айрым соттук актыларга өзүнчө даттануу жөнүндө “Иш кагаздарын жүргүзүү боюнча” Нускамага өзгөртүүлөр киргизилген. Бул жаңылык өз жемишин берип, доону камсыз кылуу боюнча чараларды кабыл алууда негизсиз даттануулардын саны

эселеп төмөндөдү. Бирок азыркы учурда тараптар ишти кароону создуктуруу максатында иштердин сотко караштуулугу боюнча соттук актыларга даттанууларды берип жатышат. Бул маселени чечүү талкуулоодо турат жана анын натыйжалары боюнча тиешелүү чаралар көрүлөт.

Ошондой эле ишти кароо мөөнөтүн өткөрүп жиберүүнүн себептеринин бири болуп судьяларга иш жүктөмүнүн көптүгү болуп эсептелет. Статистикалык маалыматтарга ылайык, Ош жана Бишкек шаарларында, Аламүдүн, Сокулук, Кара-Суу райондук сотторунда жана башкаларда судьялардын жогорку жүктөмү байкалууда.

Аталган көйгөйдү чечүү үчүн коллегиянын судьялары тарабынан Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлиги менен бирдикте Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө мыйзам долбоору иштелип чыккан, ага ылайык талашсыз талаш-тартыштарды соттор тарабынан кароону алып салуу жана аларды нотариустарга өткөрүп берүү, мисалы, алименттерди өндүрүү жөнүндө соттук буйруктар ж.б. Мындан тышкары, айрым категориядагы иштер боюнча талашты сотко чейин милдеттүү түрдө чечүү үчүн жана экстерриториалдык караштуулукту киргизүү жөнүндө талкуулар болуп жатат. Бул мыйзам долбоорлору кабыл алынган учурда судьялардын иштерди кароо боюнча иш жүктөмү төмөндөйт, демек сот адилеттигинин сапаты жогорулайт деп үмүттөнөбүз.

Ошондой эле апелляциялык/кассациялык даттануу берүү тартибин сактабаган тараптын даттанууларын кайтарып берүү маселеси бар. Кээде тараптар ошол эле соттук актыларга карата бир нече жолу даттануу менен кайрылышы мүмкүн, бул соттун кошумча убакыт жана материалдык чыгымдарына алып келет. Мындан тышкары, тараптар даттануу берүүнүн мөөнөтүн өткөрүп жиберишет Бул маселе коллегия тараптан талкууланып, аны жоюу үчүн процессуалдык мыйзамдарга зарыл болгон учурда өзгөртүүлөр киргизилет.

2023-жылы бардык каралган иштерден арыздарды кароосуз калтырганы - 10% түзгөн. Бул көрсөткүчтүн себептеринин бири доогердин келбегендигине байланыштуу атайын арызды кароосуз калтырган ар кандай себептер менен ишти кароону каалабаган судьялардын аракеттеринен деп эсептейм. Бул кыянаттыктар бир нече ай же жылдар бою каралып келген татаал иштер боюнча да байкалат. Арызды негизсиз кароосуз калтыруу, ага даттанууга кошумча бюджеттик каражаттардын чыгымдалышына, ошондой эле жарандардын наразычылыгына алып келет. Андыктан, судьялар арызды негизсиз кароосуз калтырууну практикадан четтетиши керек.

Ошондой эле мамлекеттик органдар жана прокуратура органдары тарабынан доо арыздарын берүүдө даярдыгы начардыгын белгилеп кетким келет. Бул жагдай соттор тарабынан доону аргасыз кайтарууга же кароосуз калтырууга алып келет.

Азыркы учурда соттордун кароосунда прокуратура органдары, мамлекеттик органдар иш боюнча тарап катары, тактап айтканда доогер, жоопкер, кызыкдар жак катары чыккан учурлар көп кездешет.

Мында процесстик документтерди берүүнүн сапаты, ошондой эле мамлекеттик органдардын жана прокуратура органдарынын өкүлдөрүнүн катышуусунун сапаты өтө төмөн деңгээлде турат.

Кыргыз Республикасынын процесстик мыйзамдарынын талаптарында доо арызын, өтүнүчтөрдү, апелляциялык/кассациялык даттанууларды берүүнүн так тартиби, формасы жана мазмуну каралган.

Бирок, аталган документтерди берүүдө прокуратура органдары жана мамлекеттик органдар документтерди берүү тартибин сакташпайт, мисалы, кайсы мыйзам бузуулганын жана доо/даттануу берүүнүн так себептерин көрсөтүшпөйт. Мамлекеттик органдар тарабынан берилген документтердин сапаты грамматикалык жактан да, аналитикалык жактан да өтө төмөн деңгээлде турат.

Доо арыздарын берүүдө мамлекеттик органдардын өкүлдөрү тарабынан атайын ыйгарым укуктар камсыздаган ишеним кат тиркелбейт, ушуга байланыштуу доолордун, өтүнүчтөрдүн же даттануулардын кемчиликтерин жою үчүн кайра кайтарылып берилет. Ал айрым учурларда доо/даттануу мөөнөтүн өткөрүп жиберүүгө жана мамлекеттик бюджеттин ашыкча чыгымдарына алып келет.

Андан тышкары, ишке катышкан мамлекеттик органдардын жана прокуратура органдарынын өкүлдөрү негизинен иштин жагдайлары менен жакшы тааныш эмес, иш боюнча органдын пикирин так айта албайт жана негизинен ишти чечүүнү соттун кароосуна калтырат, б.а. талаш боюнча органдардын пикири жок.

Ушуга байланыштуу, сот отурумдарына катышкан прокуратуранын жана мамлекеттик органдардын кызматкерлерин сотто өз органдарынын кызыкчылыгын татыктуу коргоо үчүн окутуунун зарылдыгы бар деп эсептейм.

Мыйзамдарда белгиленгендей, жарандык сот өндүрүшүнүн максаты юридикалык жактардын жана жарандардын бузулган же талашылып жаткан укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо гана эмес, мыйзамдуулукту, укук тартибин бекемдөөгө жана укук бузуулардын алдын алууга көмөк көрсөтүү болуп саналат.

Мында сот соттук териштирүүнүн жүрүшүндө мыйзамдуулуктун одоно бузулушу аныкталган учурда КР ЖПКнын 226-беренесине ылайык тиешелүү мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, алардын кызмат адамдарынын дарегине жеке аныктама чыгаруу боюнча ыйгарым укуктарга ээ.

2023-жылы Кыргыз Республикасынын Жогорку соту тарабынан 1 жеке аныктама чыгарылган жана ал аткарылган.

Жергиликтүү соттордун тарабынан 153 жеке аныктама чыгарылган, алардын ичинен 120 жооптор алынган.

Бул көрсөткүч албетте 2022-жылга салыштырмалуу бир нече ирээт жогору, бирок азыркы учурда жеке аныктамаларды аткарбоо жана формалдуу аткаруу фактылар да жок эмес. Соттор тарабынан жеке аныктамаларды аткаруу үчүн мыйзамдарда каралган чараларды толук колдонбогондугу көрүнүп жатат. Ошондой эле жеке аныктаманы аткарбагандыгынын себептеринин бири аныктама чыгарылганга чейин күнөөлүү кызматкердин жумуштан бошотулгандыгы да эске алуу керек.

Коллегия тарабынан соттук иштерди жана материалдарды кароонун жыйынтыгы боюнча, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленумдарынын токтомдорунда камтылбаган Кыргыз Республикасынын процесстик мыйзамдарын колдонуу маселелери боюнча жергиликтүү судьяларга түшүндүрмөлөр берилген.

Жарандык жана экономикалык иштер боюнча соттук коллегиясынын судьялар тарабынан 2023-жылы түздөн-түз сотторго баруу менен судьяларга усулдук жардам көрсөтүлгөн. Судьяларга усулдук жардам көрсөтүүнүн жыйынтыгы боюнча соттордо бир катар мыйзам бузуулар да аныкталган.

Мисалы, көптөгөн соттордо иш жүргүзүүсү Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодексинин ченемдеринин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку сотундагы жана жергиликтүү сотторундагы иш-кагаздар өндүрүшү Нускамасынын талаптарын бузуу менен жүргүзүлөт. Көп учурларда ишти өндүрүшкө кабыл алуу жана даярдоо тууралуу аныктамаларда, сот жыйналышынын протоколдорунда соттордун жана сот отурумунун катчысынын кол тамгалары коюлган эмес.

Өндүрүштөн токтотулган иштер иликтенип, анда иш боюнча өндүрүштүн токтотулушуна себеп болгон жагдайлар жоюлгандагы боюнча аракеттер жасалбаган, же болбосо өтө кеч жасалган жана кээ бир учурларда андай иш аракеттер жасалгандыгы тууралуу тастыктаган далилдер ишке тиркелбеген. Мисалы катары келтирсек, Ысык-Көл райондук сотундагы өндүрүшү токтотулган иштер иликтенип, өз убагында суроо талап-кат жөнөтүлбөгөндүгү, анын себебинен жарандык иштер кайра жандандырылбай, негизсиз токтотулуп тургандыгы да аныкталган.

Башка мисал келтирсек, Баткен облусунун Лейлек райондук сотунун судьясы М.Жапаров тарабынан мыйзам бузуулар аныкталып, ага карата Кыргыз Республикасынын Судьяларкеңешинесунуштамажөнөтүлүп,алсудьянынжүрүм-турумунункынтыксыздыгынын талаптарын бузгандыгына байланыштуу ал Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 24-июлундагы жарлыгы менен жергиликтүү соттун судьясынын кызматынан бошотулган.

Ушуга байланыштуу, жергиликтүү соттордун жана облустук соттордун төрагалары судьялар тарабынан мыйзам бузуу фактылары Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна белгилүү болушун күтпөстөн, судьянын аракеттерине баа берүү үчүн сунуштарды өз алдынча Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешине жөнөтүүсү зарыл. Жергиликтүү соттордун төрагаларынын мындай ыйгарым укуктар мыйзам менен бекитилген.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун жарандык жана экономикалык иштер боюнча соттук коллегиясы тарабынан мыйзамдардын айрым ченемдерин колдонуу маселелери боюнча бир нече Пленумунун токтомунун долбоорлору даярдалып, талкуулоодо турат жана аны кабыл алуу жакынкы убакта ишке ашат деп ишенебиз.

Маалымат катары, соттук коллегиясына 2023-жылы 1205 кайрылуу келип түшкөн, анын ичинен 1035 жарандардын кайрылуулары, 170 кат Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппаратынан, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинен, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнөн, министрликтерден жана ведомстволордон келип түшкөн. Бардык келип түшкөн даттануулар, каттар, кайрылуулар «Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө» мыйзамга ылайык, арыз ээлери койгон маселелерди чечүү менен чечилген.

Коллегиянын судьялары сот адилеттигин жүзөгө ашыруу менен гана чектелбестен, башка чөйрөлөрдө да активдүү катышышат.

Ошентип, судья К.К. Жунушпаев Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешинин төрагасы, судья Д.Э. Арстанбаева Кыргыз Республикасынын Судьялар ассоциациясынын төрагасы, судья А.К. Молдакунов Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешинин мүчөсү, судьялар А.А. Сейдакматова жана Н.М. Асанова Кыргыз Республикасынын сот адилеттиги иштери боюнча кеңешинин мүчөлөрү, судья Т.Т.Чаргынова Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленумунун катчысы болуп эмгектенет.

## Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун төрагасынын орун басары Н.Ж.Бакированын административдик иштер боюнча соттук коллегиясынын 2023-жылдагы аткарган иштери жөнүндө маалыматы

2023-жылы административдик соттор тарабынан жалпысынан 5570 (100%) иш жана соттук материалдар каралган. Алардын ичинен 2109 (38,1%) иш апелляциялык тартипте даттанылып, кассациялык тартипте 1275 (23,1%) иш даттанылган. Бул көрсөткүч соттордун көпчүлүк соттук актылары менен тараптардын макул болгондугун далилдейт.

Эми, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун административдик иштер боюнча соттук коллегиясы кассациялык тартипте караган иштерге токтолсок, 2023-жыл ичинде алып барган иши төмөнкү статистикалык көрсөткүчтөр менен мүнөздөлөт.

Жалпы кассация иретинде 2023-жылы соттук коллегияга 1275 иш түшкөн, (2022-ж. -1151, салыштырмалуу 124 ишке же 9,7% жогорулаган), алардын ичинен административдик иштердин саны – 1189 (2022-ж.- 1019) же болбосо 2022-жылга салыштырмалуу 14,2% өскөн, административдик иштер боюнча соттук материалдар - 86 (2022-ж. - 132) же болбосо 2022-жылга салыштырмалуу 53,4% төмөндөгөн.

Каралган иштердин саны - 995 (2022-ж. – 919, салыштырмалуу 76 ишке же 8,2% көбөйгөн, алардын ичинен 933 административдик иш (2022-ж.- 828), 62 административдик иштер боюнча соттук материалдар (2022-ж. -91), арыз ээлерине кайтарылганы – 259 (2022-ж -227), ал эми 2024-жылдын башына калганы - 158 иш.

Соттук коллегиянын ар бир судьясынын иш-жүктөмү бир айда 15 ишти түзгөн (2022-жылы -13).

Каралган 933 административдик иштердин ичинен: 726 иш боюнча соттук актылар күчүндө калтырылган, бул баардык каралган административдик иштердин 77,8% түзөт (2022-жылы 74,2%), 204 иш боюнча сот актылар бузулган же 21,8% түзөт (2022-жылы 24,7%), 3 иш боюнча кассациялык даттануу кароосуз калтырылган же 0,3% түзөт (2022-жылы 0,4%).

Бузулган 204 иштердин ичинен 121 иш кайра кароого жөнөтүлгөн, 16 иш боюнча жаңы чечим кабыл алынган, 13 иш боюнча сот өндүрүшү токтотулган.

Категориялар боюнча карасак, эң эле көп иштер жер тилкесин берүү, алып коюу менен байланышкан мамлекеттик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, алардын кызмат адамдарынын чечимдерин толугу менен же айрым бөлүгүн, аракеттерин (аракетсиздигин) талашуу жөнүндөгү иштер, тагыраак айтканда каралганы - 583, салык талаштары боюнча иштер – 56, андан кийин мамлекеттик бийлик органдарынын жана алардын кызмат адамдарынын ченемдик эмес укуктук актыларын жокко чыгаруу жөнүндөгү талаштар боюнча **-** 53 иш, шайлоо иштери боюнча - 8 иш, сотто каралган аткаруу документтерин аткарууда сот аткаруучусунун токтомун жана аракетин (аракетсиздигин) талашуу жөнүндө иштери боюнча – 67 иш түзөт.

Биринчи инстанциядагы соттордун актыларын кассация тартибинде кароонун жыйынтыгына ылайык бузулган соттук актылардын жалпы даттанылган санга карата пайыздык көрсөткүчтөрү төмөндөгүдөй:

**- Бишкек шаарынын административдик соту**, жалпы даттанылганы - 295 (100%) (*2022ж.-191 (100%*), күчүндө калганы - 261 (88,4%) **(**2022-ж. - 162 (85,1%), бузулганы - 33 (11,1%) (*2022ж.-28 (14,6%*); кассациялык даттануу кароосуз калтырылганы - 1 (0,3%);

- **Жалал-Абад облусунун административдик соту**, жалпы даттанылганы - 133 (100%) *(2022ж.-125 (100%),* күчүндө калганы - 120 (90,2%) **(**2022-ж. - 98 (78,4%), бузулганы - 12 (9,2%) *(2022ж.-27 (21,6%),* кассациялык даттануу кароосуз калтырылганы - 1 (0,7%);

**- Ош облусунун административдик соту**, жалпы даттанылганы - 114 (100%) (*2022ж.-182 (100%*), күчүндө калганы - 86 (75,4%) (2022-ж. - 158 (86,8%), бузулганы - 28 (24,5%) (*2022ж.- 24 (13,1%*);

**- Чүй облусунун административдик соту**, жалпы даттанылганы - **77** (100%) (*2022ж.-68(100%*), күчүндө калганы - 66 (85,7%) (2022-ж. - 49 (72,1%), бузулганы - 10 (13,1%) *(2022ж.-17 (25%)*; кассациялык даттануу кароосуз калтырылганы - 1 (1,2%);

- **Ысык-Көл облусунун административдик соту**, жалпы даттанылганы - 40 (100%) (*2022ж.- 40 (100%*), күчүндө калганы - 29 (72,5%) **(**2022-ж. - 25 (62,5%), бузулганы - **11** (27,5%) (*2022ж.*- 14 (35%);

- **Нарын облусунун административдик соту**, жалпы даттанылганы - 25 (100%) (*2022ж.-14 (100%*), күчүндө калганы **- 23 (92%) (**2022-ж. - 11 (78,5%), бузулганы - 2 (80%) (*2022ж.- 3 (21,4%*);

- **Баткен облусунун административдик соту**, жалпы даттанылганы - 25 (100%) (*2022ж.- 17 (100%*), күчүндө калганы - 19 (76%) **(**2022-ж. - 11 (64,7%), бузулганы - 6 (24%) (*2022ж.- 6 (35,2%*);

- **Талас облусунун административдик соту**, жалпы даттанылганы - 21 (100%) (*2022ж.- 27 (100%*), күчүндө калганы - 17 (81,1%) (2022-ж. - 23 (85,1%), бузулганы - 4 (19,1%) (*2022ж.- 3 (11,1%*).

Биринчи инстанциядагы соттордун жогорудагы көрсөткүчтөрүнө караганда, 2022-жылга салыштырмалуу 2023-жылы Бишкек, Жалал-Абад, Чүй, Ысык-Көл, Нарын, Баткен облустарынын административдик сотторунун күчүндө калтырылган иштердин сан өлчөмү жогорулап, ал эми Ош, Талас облустарынын административдик сотторунун көрсөткүчү төмөндөгөн.

Биринчи инстанциядагы соттордун судьяларынын көрсөткүчтөрүнө ылайык кассациялык тартипте каралган иштер боюнча төмөнкү судьялар жакшы ийгиликтерди жаратты дегенге негиз бар, себеби алар караган иштердин соттук актыларынын бекемделүүсү 90%-100% түзгөн:

Бишкек шаарынын административдик сотунун судьясы Ч.Досмамбетованын 81 ишинен 75 иши боюнча соттук актылар күчүндө калган (92,5%), судья М.Тагаев 101 ишинен 91 иши боюнча соттук актылар күчүндө калган (90%);

Жалал-Абад облусунун административдик сотунун судьясы А.Кудайбергенов 72 ишинен 68 иши боюнча соттук актылар күчүндө калган (94,4%);

Нарын облусунун административдик сотунун судьясы А.Ахметова 11 ишинен 11 иши боюнча соттук актылар күчүндө калган (100%).

Ошону менен бирге караган иштердин сапаты төмөн деген судьяларга көңүл бурсак, бул Ош облусунун административдик сотунун судьясы Ж.Жаныбекова 63 ишинен 45 иши боюнча соттук актылар күчүндө калып (71,4%), 18 иши боюнча соттук актылар жокко чыгарылган (28,5%), Баткен облусунун административдик сотунун судьясы А.Тилемишов 9 ишинен 5 иши боюнча соттук актылар күчүндө калып (55,5%), 4 иши боюнча соттук актылар жокко чыгарылган (44,4%), Ысык-Көл облусунун административдик сотунун судьясы А.Мамадалыев 25 ишинен 18 иши боюнча соттук актылар күчүндө калып (72%), 7 иши боюнча соттук актылар жокко чыгарылган (28%). Бул судьялар өздөрүнүн соттук актыларынын жокко чыгарылган себептерин карап, мыйзамдарды колдонуу боюнча бирдиктүү соттук тажрыйбаны иликтеп, өзүнүн соттук квалификациясын жогорулатуунун үстүнөн иштеп, ишти кароо сапатына көңүл бөлүүсү керек.

Ар бир облустук соттор боюнча ала турган болсок:

- **Бишкек шаардык соту**, жалпы даттанылганы - 358 (100%) *(2022-ж.-258 (100%)*, күчүндө калганы - 293 (81,8%) (2022-ж. - 194 (75,1%), бузулганы - 64 (17,8%) *(2022-ж.- 62 (24,1%)*, кассациялык даттануу кароосуз калтырылганы **-** 1 (0,2%);

- **Жалал-Абад облустук соту**, жалпы даттанылганы - 173 (100%) *(2022-ж.- 168 (100%)*, күчүндө калганы - 141 (81,5%) (2022-ж. - 128 (76,1%), бузулганы - 31 (18,1%) *(2022-ж.- 40 (23,8%),* кассациялык даттануу кароосуз калтырылганы - 1 (0,5%);

- **Ош облустук соту**, жалпы даттанылганы - 172 *(2022-ж.- 231 (100%),* күчүндө калганы - 129 (75%) (2022-ж. - 180 (78,1 %), бузулганы - 43 (25%) *(2022-ж.- 50 (21,6%)*;

- **Чүй облустук соту**, жалпы даттанылганы - 116 *(2022-ж.- 105 (100%)*, күчүндө калганы - 94 (81,1%) (2022-ж. - 69 (65,7%), бузулганы - 21 (18,1%) *(2022-ж.- 33 (31,4%)*; кассациялык даттануу кароосуз калтырылганы **-**1 (0,8%);

- **Ысык-Көл облустук соту**, жалпы даттанылганы - 69 *(2022-ж.- 44 (100%)*, күчүндө калганы - 46 (66,6%) (2022-ж. - 27 (61,3%), бузулганы - 23 (33,3%) *(2022-ж.- 16 (36,3%)*;

- **Баткен облустук соту**, жалпы даттанылганы - 34 *(2022-ж.-28 (100%)*, күчүндө калганы - 25 (73,5%) (2022-ж. - 20 (71,4%), бузулганы - 9 (26,4%) *(2022-ж.- 8 (28,5%)*;

- **Нарын облустук соту**, жалпы даттанылганы - 32 *(2022-ж.-23 (100%),* күчүндө калганы - 22 (68,75%) (2022-ж. - 19 (82,6%), бузулганы - 10 (31,25%) *(2022-ж.- 4 (17,3%)*;

- **Талас облустук соту**, жалпы даттанылганы - 27 *(2022-ж.- 36 (100%),* күчүндө калганы - 18 (66,6 %) (2022-ж. - 28 (77,7%), бузулганы - 9 (33,3%) *(2022ж.- 6 (16,6%).*

Апелляциялык инстанциядагы соттордун жогорудагы көрсөткүчтөрүнө караганда, 2022-жылга салыштырмалуу 2023-жылы Жалал-Абад, Ысык-Көл, Чүй, Баткен облустук сотторунун күчүндө калтырылган иштердин сан өлчөмү жогорулап, ал эми Ош, Нарын, Талас облустук сотторунун көрсөткүчү төмөндөгөн.

Апелляциялык инстанциядагы соттордун судьяларынын көрсөткүчтөрүнө караганда, кассациялык тартипте каралган иштерден төмөнкү судьялар жакшы ийгиликтерди жаратты дегенге негиз бар, себеби алар караган иштердин соттук актыларынын бекемделүүсү 80-86% түзгөн:

Бишкек шаардык сотунун судьясы Б.Сатыбалдиев 72 ишинен 61 иши боюнча соттук актылар күчүндө калган (84,7%);

Жалал-Абад облустук сотунун судьясы К.Аманов 56 ишинен 46 иши боюнча соттук актылар күчүндө калган (82,1%), судья Н.Кыдыралиева 45 ишинен 38 иши боюнча соттук актылар күчүндө калган (84,4%);

Ош облустук сотунун судьясы А.Алыбаев 53 ишинен 43 иши боюнча соттук актылар күчүндө калган (81,1%);

Чүй облустук сотунун судьясы Ж.Мурзалиева 27 ишинен 23 иши боюнча соттук актылар күчүндө калган (85,1%);

Баткен облустук сотунун судьясы А.Алдашов 8 ишинен 7 иши боюнча соттук актылар күчүндө калган (87,5%).

Ошону менен бирге караган иштердин сапаты төмөн деген судьяларга көңүл бурсак, бул Талас облустук сотунун судьясы А.Абылакимов 13 ишинен 8 иши боюнча соттук актылар күчүндө калып (61,5%), 5 иши боюнча соттук актылар жокко чыгарылган (38,4%), Ош облустук сотунун судьясы М.Джаналиева 53 ишинен 34 иши боюнча соттук актылар күчүндө калып (64,1%), 19 иши боюнча соттук актылар жокко чыгарылган (36,4%), Баткен облустук сотунун судьясы Б.Ибраимов 13 ишинен 8 иши боюнча соттук актылар күчүндө калып (61,5%), 5 иши боюнча соттук актылар жокко чыгарылган (38,4%), Ысык-Көл облустук сотунун судьясы А.Бердибеков 27 ишинен 17 иши боюнча соттук актылар күчүндө калып (63%), 10 иши боюнча соттук актылар жокко чыгарылган (43,4%), судья А.Абдраимов 23 ишинен 13 иши боюнча соттук актылар күчүндө калып (56,5%), 10 иши боюнча соттук актылар жокко чыгарылган (43,4%). Бул судьялар өздөрүнүн соттук актыларынын жокко чыгарылган себептерин карап, мыйзамдарды колдонуу боюнча бирдиктүү соттук тажрыйбаны иликтеп, өзүнүн соттук квалификациясын жогорулатуунун үстүнөн иштеп, ишти кароо сапатына көңүл бөлүүсү керек.

Административдик сот өндүрүшүнүн эң негизги милдети административдик иштерди адилеттүү, калыс жана өз убагында кароо жолу менен жеке адамдардын укуктарын, эркиндиктерин жана кызыкчылыктарын жана юридикалык жактардын административдик-укуктук (жалпы-укуктук) мамилелер чөйрөсүндөгү укуктарын жана кызыкчылыктарын административдик органдар жана алардын кызмат адамдары тарабынан бузулуусунан коргоо болуп эсептелинет.

Кассация иретинде 2023-жылы соттук коллегияда каралган 933 (2022-жылы - 828) административдик иштерге сересеп жүргүзүүдө, административдик доо менен сотко кайрылган тараптардын эсеби төмөндөгүдөй:

жеке адамдардан – 511, алардын ичинен иштер маңызы жана маңызы эмес каралып, канааттандырылган доолордун эсеби - 295, канааттандыруусуз калтырылганы – 216;

юридикалык жактардан – 155, алардын ичинен маңызы менен каралып, канааттандырылган доолордун эсеби 34, канааттандыруусуз калтырылганы – 58 (*калган 63 иш маңызы боюнча каралбаган)*;

прокуратурадан –181, алардын ичинен маңызы менен каралып, канааттандырылган доолордун эсеби 36, канааттандыруусуз калтырылганы – 7 иш, (*калган 138 иш маңызы боюнча каралбаган, тактап айтканда доо берүү мөөнөтү менен байланышкан иштер*);

мамлекеттик органдардан жана мекемелерден – 29, алардын ичинен маңызы менен каралып, канааттандырылган доолордун эсеби 6, канааттандыруусуз калтырылганы – 4 ;

жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарынан – 53, алардын ичинен маңызы менен каралып, канааттандырылган доолордун эсеби - 12, канааттандыруусуз калтырылганы – 6 иш *(калган 35 иштер маңызы боюнча каралбаган*).

Эми, жыл ичинде соттук актылардын жокко чыгарылышынын себептерине жана негиздерине токтолсок, алар мурдатан бери белгиленип келгендей, материалдык укук ченемдердин туура эмес колдонулушу, процесстик укук ченемдердин бузулуп, иштин жагдайлары толук изилденбегени кайталанууда.

Кыргыз Республикасынын Административдик процесстик кодексинин 12-беренесинде көрсөтүлгөндөй, судьялар административдик иштерди кароодо активдүү ролду ойноп, талашты чечүүдө, мааниси бар баардык жагдайларды аныкташы керек. Ишке керектүү далилдерди процесстин катышуучуларынан талап кылуу менен эле чектелбестен, керектүү далилдерди өзү да тийиштүү түрдө тараптардан суратып алууга укуктуу.

Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын АПКнын 32-беренесине ылайык, эгерде сот актысы белгилүү бир жактарга сөзсүз же түздөн-түз жайылтылса, анда сот бул жактарды үчүнчү жак катары процесске катыштыруу үчүн ишке тартуусу керек. Бирок соттор процесстик укук ченемдин бул талабын эске албай, тараптардын укуктарына жана мыйзамдуу кызыкчылыктарына таасирин тийгизген чечимдерди кабыл алышууда.

Мындан сырткары, Кыргыз Республикасынын 2023-жылдын 11-апрелиндеги Мыйзамы менен Кыргыз Республикасынын Административдик процесстик кодексинин 110-беренесинин 8-бөлүгү өзгөртүлүп, 10 жылдан кечиктирбестен сотко административдик доо менен кайрылуу мөөнөтү белгиленген. Соттор административдик доо берүү мөөнөтүн калыбына келтирүү өтүнүчтөрдү кароодо жоопкерчиликти белгилөөчү же күчөтүүчү, жарандарга, юридикалык жактарга жаңы жоопкерчиликтерди жүктөөчү же болбосо алардын абалын начарлатуучу ченемдик укуктук актылар артка карата колдонулбагандыгын, административдик доо сотко Кыргыз Республикасынын АПКнын 110-беренесинин 1, 8-бөлүктөрүнө өзгөртүүлөр киргизилген убакытка чейин берилгендиктен белгиленгендей ченемдик укуктук актынын колдонулушу ал күчүнө киргизилгенге чейин келип чыккан мамилелерге карата жайылтылбагандыгын эске албай, укук ченемди туура эмес колдонуп, талаштагы административдик актылар кабыл алынган күндөн тартып 10 жылдан ашык убакыт өткөндүгүн көрсөтүп, иш боюнча өндүрүштү токтотушкан. Соттор ишти сот өндүрүшүнөн токтотуудан мурда административдик доо берүү мөөнөтү өткөнбү же өтпөгөнбү, эгерде өткөн болсо, ал мөөнөт жүйөлүү же жүйөөсүз себептерден улам өткөрүлгөндүгүн тактап, андан кийин калыбына келтирилүүгө же келтирилбөөгө жатаарын аныктоого тийиш.

Апелляциялык инстанциядагы соттордун соттук актылардын бузулушунун себеби Кыргыз Республикасынын АПКнин 24-главасында көрсөтүлгөн ыйгарым укуктарын толук колдонбогону көп кездешүүдө. апелляциялык инстанциядагы сот биринчи инстанциядагы сот тарабынан келтирилген мүчүлүштүктөрдү жойбостон, анын соттук актыларын жаңы кароого жөнөткөн учурлар көп кездешет. Апелляциялык инстанциядагы сот тарабынан биринчи инстанциядагы соттун кемчиликтерин толуктоо менен мыйзамдуу жана негиздүү соттук акты кабыл алууга тийиш болсо да, мындай аракеттер жасалбаган учурлар бар.

Бузулуп же өзгөртүлгөн соттук актылардын дагы бир себептеринин бири бул жергиликтүү соттордун ишти кароодо материалдык укук ченемдердин туура эмес колдонушу болуп келгендиктен, административдик иштер боюнча соттук коллегия тарабынан соттук тажрыйбаны жалпылоо, соттук статистиканы анализдөө жана Жогорку соттун Пленумунун ишин камсыздоо бөлүмү менен биргеликте соттук тажрыйбаларды жалпылоо багытында иш-чаралар жүргүзүлгөн. Атап кетсек, төмөндөгүдөй:

- 2020-2022-жылдары боюнча соттор тарабынан кайтадан ачылган же жаңы жагдайлар боюнча мыйзамдуу күчүнө кирген сот актыларын кайра кароо жөнүндө арыздары боюнча;
- 2020-2022-жылдары боюнча бажы талаштары жөнүндөгү иштерди кароо боюнча;
- Жарандык абал актыларынын жазууларынын туура эместиктерин аныктоо боюнча соттук жалпылоо жүргүзүлгөн.

Аталган жалпылоолор боюнча сунуштар иштелип чыгып, жергиликтүү сотторго маалымкаттар жиберилген.

Ошондой эле, жарандык жана экономикалык иштер боюнча соттук коллегиясы менен бирге “Кайтадан ачылган же жаңы жагдайлар боюнча мыйзамдуу күчүнө кирген сот актыларын кайра кароо жөнүндө арыздарынын кароонун тартиби тууралуу” Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун Пленумунун токтомунун долбоору даярдалып, Пленумдун кароосуна коюлганы турат.

Ал эми, Жогорку сот биринчи жана апелляциялык инстанциялардагы соттордун соттук актыларын жокко чыгарып, жаңы чечим кабыл алган соттук актыларынын негиздерине токтолсок, алар төмөндөгүдөй:

- бул административдик доогердин мыйзам менен корголуучу укугу жана кызыкчылыгы бузулгандыгын тастыктоочу далилдер жоктугу;
- мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу

органдарынын ыйгарым укуктарынын чегинде мыйзамдуу жана негиздүү актыларды кабыл албагандыгы, алардын компетенциясына кирген маселелерди өз убагында жана сапаттуу карабагандыгы;

- талаш жараткан административдик актылар Кыргыз Республикасынын Конституциясына, мыйзамдарына жана башка ченемдик укуктук актыларына ылайык келбей, мыйзамдарда каралган административдик жол-жоболорду сактоо менен чыгарылбагандыгы;
- административдик доо берүү мөөнөтүнүн жүйөөсүз себептер менен өткөрүлгөндүктөн сот өндүрүшүн токтотулгандыгы;
- кассациялык даттанууну (сунуштаманы) берген адам сот актысы чыгарылганга чейин андан баш тарткандыктан, иш боюнча кассациялык өндүрүштү токтотулгандыгы.

Жогорку сот тарабынан кассациялык даттанууну кайтаруунун себептерине токтолуп кетсек, жүргүзүлгөн талдоого ылайык кассациялык даттануулар (сунуштамалар) негизинен Кыргыз Республикасынын АПКнин 254-беренесинде каралган негиздер боюнча кайтарылып берилген, тактап айтсак кассациялык даттануу Кодексте белгиленген мөөнөт аяктагандан кийин берилгендигинен жана өткөрүп жиберилген мөөнөттү калыбына келтирүү тууралуу өтүнүчтүн жоктугунан, өкүл тарабынан берилген кассациялык даттанууга (сунуштамага) ишеним кат же өкүлдүн ыйгарым укуктарын күбөлөндүрүүчү башка документ түп нускада же болбосо талаптагыдай күбөлөндүрүлгөн көчүрмөдө тиркелбей жана юридикалык жактын жетекчисинин колу ошол юридикалык адамдын мөөрү менен ырасталбай берилгендиктен, ошондой эле, даттануу берүүдө мамлекеттик алымдын төлөнгөндүгү тууралуу далилдер тиркелбегендигинин же мамлекеттик алым толугу менен төлөнбөгөндүгүнүн кесепетинен кассациялык даттануулар кайтарылып берилген учурлар көп кездешкен. Айрым учурларда бир эле даттануу жогорудагы себептер боюнча бир нече жолу кайра кайтарылып, натыйжада кассациялык даттануу берүү мөөнөтүнүн бузулушуна алып келген.

Андыктан, бул көйгөйдү чечүү үчүн Кыргыз Республикасынын АПКнине өзгөртүү киргизүү керектигин белгилегим келет. Апелляциялык жана кассациялык даттанууларды да кыймылсыз калтырууну сунуш кылабыз. Анткени даттануулар кайтарылып, алар 1-инстанцияга жиберилип, тараптар убаракерчилик тартып, процесстик мөөнөттү өткөрүп алып жатышат.

Мындан сырткары, административдик иштер Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотуна кассациялык даттануулар менен келип түшкөндө, иш материалдары менен почта аркылуу жиберилген соттук билдирүүлөрдүн жана сот актыларынын реестрлери гана тиркелген, бирок алардын көчүрмөлөрү жиберилгенин жана аларды дарекетелүүчү алгандыгын тастыктоочу документтер тиркелбеген. Бул жагдай процессуалдык мыйзамдардын талаптарын одоно бузуу болуп саналат. Жергиликтүү соттордун судьялары тарабынан ишти кароодо мыйзамдардын талаптарын мындай одоно бузууларды болтурбоо үчүн 2023-жылдын 23-мартында эскертүү кат жиберилген.

Аны менен бирге административдик иштер боюнча Жогорку сотко келип түшкөн даттанууларды кароодо жергиликтүү соттор тарабынан административдик иштерди кароо мөөнөтү бузулгандыгы аныкталууда.

Ошондой эле, жергиликтүү соттор тарабынан административдик иштерди кароо сот өндүрүшү жүргүзүлгөн тил бузулууда. Биринчи инстанциядагы сотто иш башталганда сот өндүрүшү мамлекеттик тилде жүргүзүлүп, бирок соттук актылар расмий тилде кабыл алынууда же тескерисинче болууда. Кыргыз Республикасынын Административдик-процесстик кодексинин 6-беренесинин 2-беренесине ылайык административдик сот өндүрүшү жүзөгө ашырылууга тийиш.

Дагы бир белгилеп кетчү жагдай, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун 2023-жылдын биринчи жарым жылдык иш планына ылайык, жергиликтүү соттордун судьяларына тажрыйбалык жана методикалык жардам көрсөтүү максатында 2023-жылдын

апрель айында административдик иштер боюнча соттук коллегиясынын судьялары тарабынан жергиликтүү соттордун ишмердүүлүгү текшерилип, анын жыйынтыгында бир нече катачылыктар жол берилгендиги аныкталды. Текшерүүнүн жыйынтыгында судьялардын катышуусунда чогулуш өткөрүлүп, аларга кетирилип жаткан кемчиликтерди жоюу максатында бир топ сунуштар берилди.

Кыргыз Республикасынын Жогорку соту кассациялык тартипте караган мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдар тарабынан берилген административдик доолору боюнча иштерге сересеп жүргүзсөк, мамлекеттик органдар административдик доосунда көрсөтүлгөн жүйөөлөр өз ордун таппай, талаштагы административдик актылар менен алардын кандайдыр бир укуктары же кызыкчылыктары бузулбагандыктан, административдик доолор мазмуну боюнча сапатсыз, негизсиз түзүлүп, доолор канааттандыруусуз калтырылган учурлар кездешет. Ошондой эле, мамлекеттик органдары жана жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдары административдик доо менен сотко кеч кайрылып, доо берүү мөөнөтүн калыбына келтирүү өтүнүчтөрүндө формалдуу жүйөөлөр көрсөтүлүп, өтүнүчтөр канаттандыруусуз калтырылып, сот өндүрүшү токтотулуп, же доолор кароосуз калтырылган учурлар көп кездешүүдө.

Ал эми, мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдары административдик жоопкер болгон учурларга токтолсок, Кыргыз Республикасынын Административдик процесстик кодексинин 51-беренесине (далилдөө милдети) ылайык, сотто даттанылып жаткан актынын, аракеттин (аракетсиздиктин) мыйзамдуулугун жана негиздүүлүгүн далилдөө милдети ушундай актыны кабыл алган же ушундай аракетке (аракетсиздикке) жол берген жоопкерге жүктөлөт. Жоопкер административдик актыны кабыл алууга себепчи болгон негиздерге гана таяна алат деп көрсөтүлгөн. Бул мыйзамдын укук ченеми көп учурларда мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдары тарабынан сакталбай келүүдө.

Мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдары кабыл алган административдик актыларын, аракеттеринин (аракетсиздиктеринин) мыйзамдуулугун жана негиздүүлүгүн толугу менен далилдей алышпайт. Буга себеп катары, сотко катышкан өкүлдөрү процесске даярданбай келишет, керектүү документтерди, далилдерди сотко камсыз кылышпайт, сотто берген түшүндүрмөлөрү бүдөмүк. Соттук отурумдарга жүйөсүз себептер менен келбей коюшкандыктан, ишти объективдүү кароо максатында соттор отурумдарды башка күнгө жылдыруу учурлары көп болот.

Соттор тарабынан мамлекеттик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызмат адамдарынын аракеттерин (аракетсиздигин) талашуу жөнүндө иштерин кароодо алардын тийиштүү Жоболорунда бекитилген ыйгарым укуктарына ылайык иш жүргүзбөгөндүгү аныкталууда.

Бул жагдайларга далил катары 2023-жыл ичинде жергиликтүү соттор тарабынан аларга карата чыгарылган 58 жеке аныктамалар (*административдик соттор – 41, Бишкек шаардык жана облустук соттор - 17*) жана процесстик мажбурлоо чарасы катары сотко урмат көрсөтпөгөндүгү үчүн (соттук жыйынга себепсиз келбегендиги, соттук талаптарды аткарбагандыгы үчүн, ж.б.) 41 соттордун аныктамалары менен айып пулдар салынган. Ар бир аймакка бөлүп карасак:

**Бишкек шаары** боюнча – 6 жеке аныктама, 3 айып пул салынган аныктама;
**Чүй облусу** боюнча – 13 жеке аныктама, айып пул жок;
**Ысык-Көл облусу** боюнча – 4 жеке аныктама, 11 айып пул салынган аныктама;
**Талас облусу** боюнча – 8 жеке аныктама, 1 айып пул салынган аныктама;
**Нарын облусу** боюнча – 11 жеке аныктама, айып пул жок;
**Жалал-Абад облусу** боюнча – 6 жеке аныктама, 10 айып пул салынган аныктама;
**Ош облусу** боюнча – 4 жеке аныктама, 12 айып пул салынган аныктама;
**Баткен облусу** боюнча – 6 жеке аныктама, 4 айып пул салынган аныктама.

58 жеке аныктамалардын 2сү гана Жогорку сотко чейин даттанылып, күчүндө калтырылган, ал эми айып пул салынган соттук аныктамалар даттанылбаган. Аталган жеке аныктамалар жана айып пул салынган аныктамалар негизинен 60% аткарылып, салынган айып пулдар төлөнүп, мыйзам бузуулар боюнча мамлекеттик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызмат адамдарына ички ведомстволук тартиптик жазалар (эскертүүлөр, түшүндүрүүлөр, жумуштан бошотулган) колдонулгандыгы жана мындан ары мыйзам бузууларга жол берилбестиги жөнүндө маалыматтар берилген.

Жогоруда айтылган кемчиликтер жеке адамдардын укуктарын, эркиндиктерин жана кызыкчылыктарын жана юридикалык жактардын административдик-укуктук (жалпы-укуктук) мамилелер чөйрөсүндөгү укуктарын жана кызыкчылыктарын административдик органдар жана алардын кызмат адамдары тарабынан бузулуусуна алып келип, мамлекеттик органдарга жана кызмат адамдарына болгон ишенич жоготулат. Андыктан, мамлекеттик органдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары мыйзамдын үстөмдүгүн, мыйзамдуулуктун чыңдалышын, ошондой эле инсандын, коомдун жана мамлекеттин мыйзам менен корголуучу кызыкчылыктарынын сакталышын камсыз кылуу аракетин күчөтүү керек.

“Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө” КР Мыйзамынын негизинде жыл ичинде соттук коллегиянын судьялары жана консультанттарынын аткаруусуна КР Президентинин аппаратынан, КР Жогорку Кеңешинен, КР Өкмөтүнөн, ар тармактагы министрликтерден, ведомстволордон, жарандардан жана юридикалык жактардан түшкөн арыздар жана кайрылуулар – 110 келип түшүп, аларга мыйзамда белгиленген мөөнөтүн сактоо менен жооптору даярдалган. Алардын ичинде эң эле көп жылдагыдай соттордун ишти кароодо кандайдыр бир жеке кызыкчылыктары бар экендиги, соттор бир жактуу иштерди карап жаткандыгы, ушул себептерден сотторго ишенбөөчүлүк пайда болуп жаткандыгы жөнүндө арыздануулары, кайрылуулары жылдан жылга көбөйүүдө.

Мындан сырткары, Жогорку соттун соттук статистиканы анализдөө бөлүмү берген маалыматына караганда, 2023-жылы жергиликтүү соттор боюнча Сот Департменти берген отчетко ылайык, Жогорку соттун эсептик счетуна 3 555 355 сом мамлекеттик алым түшкөн (соттук иштер боюнча түшкөн алымдар).

Жарандардын ишенимин бекемдөөгө жана сот бийлигинин беделин жогорулатууга көмөк көрсөтүү үчүн багытталган www.act.sot.kg интернет-ресурсунда соттук актыларды жарыялоого коллегиянын судьялары активдүү катышып келүүдө.

Эл аралык уюмдар менен, анын ичинде жакынкы жана алыскы чет элдик соттор менен карым-катнаш бутагы боюнча чет элдик донорлордун чакыруусу менен соттук коллегиянын судьялары жергиликтүү соттордун судьялары менен көптөгөн семинарларга, конференцияларга, жолугулушуларга катышып келишти.

Мындан сырткары, Кыргыз Республикасынын Жогорку соту өзүнө тиешелүү маселелер боюнча мыйзам чыгаруу демилге укугуна ээ болгондон кийин, Кыргыз Республикасынын Административдик-процесстик кодексине өзгөртүүлөрдү киргиздик. Ошондой эле, республика боюнча административдик соттордун судьяларынын иш жүктөмү көбөйгөндүгүнө байланыштуу административдик соттордун судьяларынын штаттык бирдиктери боюнча мыйзам өзгөртүлүп, 6 штаттык бирдиктер кошулду.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун судьяларынын квалификацияларын жогорулатуу максатында Мамлекеттик максаттуу программасынын алкагында Сот адилеттигинин жогорку мектеби менен биргеликте бир топ актуалдуу темаларды камтыган тренингдерди өткөрүү 2024-жылга пландаштырылды.

Жогорудагыларды жыйынтыктап айтканда, сот адилеттигин жүзөгө ашыруунун сапатын жогорулатып, жакшыртуу үчүн соттук коллегия мындан ары дагы аракетин жумшаарын белгилеп кетем.

## Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун 2023-жылдагы иши боюнча маалымат (2022-жылга салыштырмалуу)

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 98-беренесине ылайык Жогорку соту сот бийлигинин эң жогорку органы болуп саналат жана жарандык, жазык, экономикалык, административдик жана башка иштер боюнча сот процессинин катышуучуларынын кайрылуулары боюнча мыйзамда аныкталган тартипте сот чечимдерин кайра кароону жүзөгө ашырат. Жогорку соттун Пленуму сот тажрыйбасынын маселелери боюнча түшүнүк берет.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун соттук коллегияларынын статистикалык маалыматтары боюнча 2023-жылы каралган соттук иштер төмөндөгүдөй мүнөздө маалымданат.

### Кассациялык инстанциядагы сотко соттук иштердин жана соттук материалдардын келип түшүшү жана каралышы

Кассациялык инстанциядагы сотко соттук иштердин келип түшүшү

2023-жылы Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна кассациялык тартипте 5545 соттук иш түшкөн (2022-ж. – 4797), 2022-жылга салыштырмалуу 13,49% көбөйгөн, алардын ичинен, иштер:

- 1106 жазык (2022-ж. - 1025), 7,32% көбөйгөн;
- 3244 жарандык жана экономикалык (2022-ж. - 2729), 15,88% көбөйгөн;
- 1189 административдик (2022-ж. - 1019), 14,30% көбөйгөн;
- 6 жоруктар жөнүндө иштер (2022-ж. - 24).

Кассациялык инстанциядагы сотко соттук материалдардын келип түшүшү

Отчёттук мезгил ичинде 1820 соттук материалдар түшкөн, ал эми 2022-жылы 2553 соттук материалдар түшкөн, 2023-жылы 28,71% аз түшкөн, алардын ичинен:

- 454 жазык иштери боюнча (2022-ж. - 368), 18,94% көбөйгөн;
- 646 жаңы же кайтадан ачылган жагдайлар боюнча (2022-ж. – 1185) 45,49% азайган;
- 634 жарандык жана экономикалык иштер боюнча (2022-ж. - 862), 26,45% азайган;
- 86 административдик иштер боюнча (2022-ж. - 132), 34,85% азайган;
- (2022-ж. - жоруктар жөнүндө жаңы же кайтадан ачылган жагдайлар боюнча – 6).

Кассациялык инстанциядагы сот тарабынан соттук иштердин каралышы

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун соттук коллегиялары тарабынан 2023-жылы 4787 соттук иш каралган (2022-ж. – 3785), 2022-ж. салыштырмалуу 20,93% көбөйгөн, алардын ичинен, иштер:

- 1069 жазык (2022-ж. - 835), 21,89% көбөйгөн;
- 2785 жарандык жана экономикалык (2022-ж. - 2092), 24,88% көбөйгөн;
- 933 административдик (2022-ж. - 828), 11,25% көбөйгөн;
- (2022-ж. - жоруктар жөнүндө иштер 30).

Кассациялык инстанциядагы сот тарабынан соттук материалдардын каралышы:

Кыргыз Республикасынын Жогорку соту тарабынан 2023-жылы 1572 соттук материал каралган (2022-ж. – 2414), 2022-жылга салыштырмалуу 34,88% азайган, алардын ичинен:

- 400 жазык иштери боюнча (2022-ж. - 385), 3,75% көбөйгөн;
- 539 жаңы же кайтадан ачылган жагдайлар боюнча (2022-ж. - 1177), 54,21% азайган;
- 571 жарандык жана экономикалык иштер боюнча (2022-ж. - 758), 24,67% азайган;
- 62 административдик иштер боюнча (2022-ж. - 91), 2022-жылга салыштырмалуу 31,87% азайган;
- (2022-ж. - жоруктар жөнүндө жаңы же кайтадан ачылган жагдайлар боюнча – 3).

Кассациялык инстанциядагы сот тарабынан жазык иштердин жана жазык иштери боюнча соттук материалдардын каралышы

Жазык иштердин каралышы

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун жазык иштери жана жоруктар жөнүндө иштер боюнча соттук коллегиясы тарабынан 2023-жылы 1398 адамга карата 1069 жазык иши каралган, мурунку отчёттук мезгилге салыштырмалуу 21,89% көбүрөөк иш каралган (2022-ж. – 1079 адамга карата 835 иш).

799 (2022-ж. – 596) кассациялык даттануулардын ичинен канааттандырылганы - 331 (2022-ж. – 223), 25,41% көбөйгөн.

260 (2022-ж. – 225) прокурордун сунуштарынан канааттандырылганы - 113 иш (2022-ж. - 91), 13,46% көбөйгөн.

10 иш боюнча кассациялык өндүрүш кыскартылган (2022-ж. - 14), 2022-жылга салыштырмалуу 28,57% азайган.

117 адамга карата 91 иш кассациялык тартипте даттанылган (2022-ж. – 110 адамга карата 87 иш), анын ичинен:

- 87 адамга карата же 74,36% I жана II-инстанциялардын өкүмдөрү күчүндө калтырылган (2022-ж. – 89 же 80,91%);
- 29 адамга карата же 24,79% I жана II-инстанциялардын өкүмдөрү жокко чыгарылган (2022-ж. – 21 же 19,09%);
- 1 адамга карата же 0,85% II-инстанциянын өкүмү өзгөртүлгөн.

Кассациялык даттануунун жыйынтыгы боюнча жергиликтүү соттор тарабынан каралган жазык иштердин сапаты (адамга карата)

2023-жылы жалпысынан 1398 ада мга карата соттук актылар даттанылган (2022-ж. - 1079), 2022-жылга салыштырмалуу 22,82% көбөйгөн.

653 адамга карата чыгарылган биринчи инстанциянын соттук актылары даттанылган (2022-ж. - 549), 2022-жылга салыштырмалуу 15,93% көбөйгөн, алардын ичинен:

- 362 адамга карата күчүндө калтырылган (2022-ж. - 353), 2,49% көбөйгөн;
- 138 адамга карата жокко чыгарылган (2022-ж. – 97), 29,71% көбөйгөн;
- 153 адамга карата өзгөртүлгөн (2022-ж. – 99), 35,29% көбөйгөн.

736 адамга карата чыгарылган апелляциялык инстанциянын соттук актылары даттанылган (2022-ж. - 511), 2022-жылга салыштырмалуу 30,57% көбөйгөн, алардын ичинен:

- 452 адамга карата күчүндө калтырылган (2022-ж. - 290), 35,84% көбөйгөн;
- 160 адамга карата жокко чыгарылган (2022-ж. - 122), 23,75% көбөйгөн;
- 124 адамга карата өзгөртүлгөн (2022-ж. - 99), 20,16% көбөйгөн.

9 адамга карата кассациялык өндүрүш кыскартылган (2022-ж. – 19), 2022-жылга салыштырмалуу 52,63% азайган.

Кассациялык тартипте каралаган жазык иштердин негизги категориялары

Менчикке каршы кылмыштар боюнча - 325 иш же 30,40% (2022-ж. - 304 же 36,41%), 2022-жылга салыштырмалуу 6,46% көбөйгөн, алардын ичинен:

- КРнын КЖКнин 209-бер. (алдамчылык) - 171 (2022-ж. – 167), 2,34% көбөйгөн;
- КРнын КЖКнин 205-бер. (уурдоо) - 39 (2022-ж. - 40), 2,50% азайган;
- КРнын КЖКнин 207-бер. (каракчылык) - 25 (2022-ж. - 27), 7,41% азайган;
- КРнын КЖКнин 210-бер. (ишенип берилген мүлктү ыйгарып алуу же коротуу) - 24 (2022-ж. - 17), 29,17% көбөйгөн;
- башка кылмыштар 66 (2022-ж. - 53), 19,70% көбөйгөн.

Өмүргө же ден соолукка каршы кылмыштар боюнча - 146 иш же 13,66% (2022-ж. - 129 же 15,45%), 2022-жылга салыштырмалуу 11,64% көбөйгөн, алардын ичинен:

- КРнын КЖКнин 122-бер. (киши өлтүрүү) - 57 (2022-ж. – 54), 5,26% көбөйгөн;

- КРнын КЖКнин 130-бер. (ден соолукка оор зыян келтирүү) - 34 (2022-ж. - 37), 8,11% азайган;
- башка кылмыштар 55 (2022-ж. - 38), 30,91% көбөйгөн.

Мамлекеттик жана муниципалдык кызматтык кызыкчылыктарына каршы коррупциялык же башка кылмыштар боюнча - 139 иш же 13% (2022-ж. – 73 же 8,74%), 2022-ж. салыштырмалуу 47,48% көбөйгөн, алардын ичинен:
- КРнын КЖКнин 337-бер. (кызмат абалынан кыянаттык менен пайдалануу) - 65 (2022-ж. - 34), 47,69% көбөйгөн;
- КРнын КЖКнин 343-бер. (опузалап пара алуу) - 11 (2022-ж. - 6), 45,45% көбөйгөн;
- КРнын КЖКнин 338-бер. (бийликтен аша чабуу) - 7 (2022-ж. – 8), 12,50% азайган;
- башка кылмыштар – 56 (2022-ж. - 25), 55,36% көбөйгөн.

Баңгизат каражаттарын, психотроптук заттарды, алардын аналогдорун жана прекурсорлорун жүгүртүү чөйрөсүндөгү кылмыштар боюнча - 124 иш же 11,60% (2022-ж. – 113 же 13,53%), 2022-жылга салыштырмалуу 8,87% көбөйгөн, алардын ичинен:
- КРнын КЖКнин 282-бер. (баңгизат каражаттарын, психотроптук заттарды жана алардын аналогдорун сатып өткөрүү максатында мыйзамсыз даярдоо) - 89 (2022-ж. - 82), 7,87% көбөйгөн;
- КРнын КЖКнин 283-бер. (баңгизат каражаттарын, психотроптук заттарды жана алардын аналогдорун сатып өткөрүү максатысыз мыйзамсыз даярдоо) - 30 (2022-ж. – 28), 6,67% көбөйгөн;
- башка кылмыштар 5 (2022-ж. - 3), 40% көбөйгөн.

Жазык иштер боюнча соттук материалдарын каралышы

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун жазык иштери жана жоруктар жөнүндө иштер боюнча соттук коллегиясы тарабынан 2023-жылы 400 соттук материал караган (2022-ж. – 385), мурунку отчёттук мезгилге салыштырмалуу 3,75% көп каралган.

Жаңы же кайтадан ачылган жагдайлар боюнча 539 соттук материал караган (2022-ж. - 1177), 54,21% аз каралган, алардын ичинен:
- канааттандырылганы – 438 (2022-ж. - 244);
- канаттандыруусуз калтырылганы – 101 (2022-ж. - 933).

(2022-ж. - жоруктар жөнүндө 34 адамга карата 30 иш каралган, анын ичинен күчүндө калтырылганы 1 соттук актысы же 2,94%, жокко чыгарылганы 20 же 58,82%, өзгөртүлгөнү 2 же 5,88%, кассациялык өндүрүштүн кыскартылганы 11 же 32,35%. Жаңы же кайтадан ачылгын жагдайлар боюнча 3 жоруктар жөнүндө соттук материал каралган.

Жазык иштери жана жоруктар жөнүндө иштер боюнча соттук коллегиясынын судьясынын иш жүктөмү:

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун жазык иштери жана жоруктар жөнүндө иштер боюнча соттук коллегиясынын судьясынын 2023-жылда орточо эсеп менен 1 айга болгон иш жүктөмү төмөндөгүнү түзгөн:
- жазык иштер 9,9;
- соттук материалдар 8,6.

Жалпысынан судьянын 1 айга болгон иш жүктөмү 18,5 ишти түзгөн.

(Салыштырмалуу 2022-жылы 1 айга болгон иш жүктөм, жазык иштери жана жоруктар жөнүндө иштер боюнча – 8; соттук материалдар боюнча – 14,4; жалпы - 22,5 ишти түзгөн).

## Кассациялык инстанциядагы сот тарабынан жарандык, экономикалык иштердин жана соттук материалдардын каралышы

Жарандык жана экономикалык иштердин каралышы:

2023-жылы Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун жарандык иштер боюнча соттук коллегиясы тарабынан кассациялык тартипте 2785 иш каралган, 2022-жылдын ушул эле мөөнөтүндөгү көрсөткүчкө салыштырмалуу 24,88% көп каралган (2022-ж. - 2092).

Кассациялык даттануунун жыйынтыгы боюнча жергиликтүү соттор тарабынан каралган жарандык жана экономикалык иштердин сапаты

2023-жылы даттанылган соттук актылар:

1) биринчи инстанциядагы соттордун - 1528 же 54,87% (2022-ж. – 1089 же 52,06%), 2022-ж. салыштырмалуу 28,73% көбөйгөн, алардын ичинен:

- күчүндө калтырылганы 1096 же 43,75% (2022-ж.– 776 же 42,15%);
- жокко чыгарылганы 270 же 10,78% (2022-ж. – 206 же 11,19%);
- өзгөртүлгөнү 8 же 0,32% (2022-ж. – 7 же 0,38%);
- мөөнөтүн калыбына келтирүүдөн баш тартылганы - 154 (2022-ж. – 100).

2) апелляциялык инстанциядагы соттордун – 1257 же 45,13% (2022-ж. – 1003 же 47,94%) 2022-ж. салыштырмалуу 20,21% көбөйгөн, алардын ичинен:

- күчүндө калтырылганы 763 же 30,46% (2022-ж.– 617 же 33,51%);
- жокко чыгарылганы 361 же 14,41% (2022-ж. – 230 же 12,49%);
- өзгөртүлгөнү 7 же 0,28% (2022-ж. – 5 же 0,27%);
- мөөнөтүн калыбына келтирүүдөн баш тартылганы 126 (2022-ж. – 151).

Кассациялык тартипте каралган жарандык жана экономикалык иштердин негизги категориялары:

- бүтүмдөрдү жарактуу/жараксыз деп таануу – 516 же 20,60% (2022-ж. – 324 же 17,60%), 2022-жылга салыштырмалуу 37,21% көбөйгөн;
- карызды өндүрүү боюнча 293 же 11,70% (2022-ж. - 170 же 9,23%), 41,98% көбөйгөн;
- эмгек талаштары 248 же 9,90% (2022-ж. - 172 же 9,34%), 30,65% көбөйгөн, алардын ичинен мурунку жумушуна кайрадан калыбына келтирүү – 173 же 6,91% (2022-ж. – 131 же 7,12%), 24,28% көбөйгөн;
- үй-бүлөлүк мамилелерден келип чыккан иштер боюнча 212 же 8,46% (2022-ж. 172 же 9,34%), 18,87% көбөйгөн;
- турак жайдан чыгаруу боюнча 188 же 7,50% (2022-ж. - 142 же 7,71%), 24,47% көбөйгөн;
- мурастоо укуктары боюнча 135 же 5,39% (2022-ж. – 106 же 5,76%), 2022-ж. салыштырмалуу 21,48% көбөйгөн;
- материалдык зыяндын ордун толтуруу боюнча 118 же 4,71% (2022-ж. - 64 же 3,48%), 45,76% көбөйгөн.

Жарандык иштер боюнча соттук материалдарын каралышы

2023-жылы 571 жарандык иштер боюнча соттук материалдар каралган, 2022-жылдын ушул эле мөөнөтүнө салыштырмалуу 24,67% аз каралган (2022-ж. - 758).

Жарандык иштер боюнча соттук коллегиясынын судьясынын иш жүктөмү

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун жарандык иштер боюнча соттук коллегиясынын судьясынын 2023-жылда орточо эсеп менен 1 айга болгон иш жүктөмү төмөндөгүнү түзгөн:

- жарандык жана экономикалык иштер - 16,6;
- соттук материалдар – 3,4;

Жалпысынан судьянын 1 айга болгон иш жүктөмү 20 ишти түзгөн.

(Салыштырмалуу 2022-жылы бир айга болгон иш жүктөм, жарандык иштер боюнча – 13,4; соттук материалдар боюнча - 4,8; жалпысынан – 18,2 ишти түзгөн).

## Кассациялык инстанциядагы сот тарабынан административдик иштердин жана соттук материалдардын каралышы

Административдик иштердин каралышы

2023-жылы 933 административдик иштер каралган, өткөн жылга салыштырмалуу 11,25% көбөйгөн (2022-ж. – 828).

Кассациялык даттануунун жыйынтыгы боюнча жергиликтүү соттордун караган административдик иштеринин сапаты:

2023-жылы даттанылган соттук актылар:

1) биринчи инстанциядагы соттордун – 659 же 70,63% (2022-ж.– 573 же 69,20%), 2022-жылга салыштырмалуу 13,05% көбөйгөн, алардын ичинен:

- күчүндө калтырылганы 550 же 59,14% (2022-ж.– 450 же 54,88%);
- жокко чыгарылганы 106 же 11,40% (2022-ж. – 115 же 14,02%);
- кассациялык даттануунун кароосуз калтырылганы – 3 (2022-ж. – 4);
- (2022-ж. - мөөнөтүн калыбына келтирүүдөн баш тартылганы 4).

2) апелляциялык инстанциядагы соттордун - 274 же 29,37% (2022-ж. – 255 же 30,80%), 2022-жылга салыштырмалуу 6,93% көбөйгөн, алардын ичинен:

- күчүндө калтырылганы 176 же 18,92% (2022-ж. – 165 же 20,12%);
- жокко чыгарылганы 98 же 10,54% (2022-ж. – 90 же 10,98%).

Кассациялык тартипте каралган административдик иштердин негизги категориялары

- жер тилкелери боюнча кабыл алынган административдик актыны же административдик органдын аракеттерин (аракетсиздигин) толук же бир бөлүгүн талашуу жөнүндө 581 же 62,68% (2022-ж. – 600 же 73,89%), 3,17% азайган;
- административдик органдын административдик актысын толук же бир бөлүгүн жараксыз деп таануу жөнүндө 53 же 5,72% (2022-ж. – 73 же 8,99%), 27,40% азайган;
- административдик органдын аракеттерин (аракетсиздиктерин) толук же бир бөлүгүн жараксыз деп таануу жөнүндө 31 же 3,34% (2022-ж. – 25 же 3,08%), 2022-жылга салыштырмалуу 19,35% көбөйгөн.

Административдик иштер боюнча соттук материалдарын каралышы

2023-жылы Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун административдик иштер боюнча соттук коллегиясы тарабынан 62 административдик иштер боюнча соттук материалдар каралган (2022-ж. – 91), 2022-жылга салыштырмалуу 31,87% аз каралган.

Административдик иштер боюнча соттук коллегиясынын судьясынын иш жүктөмү

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун административдик иштер боюнча соттук коллегиясынын судьясынын 2023-жылда орточо эсеп менен 1 айга болгон иш жүктөмү төмөндөгүнү түзгөн:

- административдик иштер – 13;
- соттук материалдар – 0,9.

Жалпысынан судьянын 1 айга болгон иш жүктөмү 13,8 ишти түзгөн.

(Салыштырмалуу 2022-жылы бир айга болгон иш жүктөм, административдик иштер боюнча – 11,5, соттук материалдар боюнча – 1,2, жалпысынан – 12,7 ишти түзгөн).

**Маалымат Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун соттук тажрыйбаны жалпылоо, соттук статистиканы талдоо жана Пленумдун ишин камсыздоо бөлүмү тарабынан даярдалды**

## Кыргыз Республикасынын сотторунун 2023-жылы каралган иштери боюнча маалымат (2022-жылга салыштырмалуу)
## Жергиликтүү соттор

Кыргыз Республикасынын Жогорку соту жана жергиликтүү соттор жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 32-беренесине ылайык Кыргыз Республикасынын жергиликтүү сотторунун тутумун төмөндөгүлөр түзөт: биринчи инстанциядагы соттор: райондук соттор, административдик соттор, шаардагы райондук соттор, шаардык соттор; экинчи инстанциядагы соттор: облустук соттор, Бишкек шаардык соту.

Райондук соттор, шаарлардагы райондук соттор, шаардык соттор жана административдик соттор алардын компетенциясына таандык болгон сот иштерин карашып, биринчи инстанциядагы сот катары иш-аракеттерди жүргүзүшөт.

Облустук соттор, Бишкек шаардык соту алардын компетенциясына таандык болгон сот иштерин апелляциялык даттануу арыздар, прокурордун сунушу боюнча карашып, экинчи инстанциядагы сот катары иш-аракеттерди жүргүзүшөт.

### Соттук иштердин жана соттук материалдардын I инстанциядагы сотторго келип түшүүсү жана каралышы

Соттук иштердин I инстанциядагы сотторго келип түшүүсү:

2023-жылы I инстанциядагы сотторго 132 523 иш келип түшкөн (2022-ж. – 121754), 2022-жылга салыштырмалуу 8,84% көбөйгөн, алардын ичинен, иштер:

- 10 135 кылмыш (2022-ж. – 11 146), 9,07% азайган;
- 26 130 укук бузуулар жөнүндө (2022-ж. – 26 956), 3,06% азайган;
- 91 986 жарандык (2022-ж. – 79 757), 15,33% көбөйгөн;
- 4272 административдик иштер (2022-ж. – 3802), 2022-жылга салыштырмалуу 12,36% көбөйгөн;
- (2022-ж. - жоруктар жөнүндөгү иш 93).

Соттук материалдардын I инстанциядагы сотторго келип түшүүсү:

2023-жылы биринчи инстанциядагы сотторго 66 111 соттук материал келип түшкөн (2022-ж. – 56 449), 2022-жылга салыштырмалуу 17,12% көбөйгөн, алардын ичинен:

- кылмыш иштери боюнча 5086 (2022-ж. – 4789), 6,2% көбөйгөн;
- кылмыш сот өндүрүшү тартибинде карала турган жаңы же кайтадан ачылган жагдайлар боюнча - 1031 (2022-ж. – 1996), 48,35% азайган;
- сотко чейинки өндүрүш тартибиндеги материалдар 37 419 (2022-ж. – 34 579), 8,21% көбөйгөн;
- жоруктар жөнүндөгү жаңы же кайтадан ачылган жагдайлар боюнча 3 (2022-ж. - 21);
- бузуулар жөнүндөгү материалдар 32 (2022-ж. – 27);
- укук бузуулар жөнүндөгү материал 858 (2022-ж. - 710), 20,85% көбөйгөн;
Мындан тышкары, Кытай, Түркия, Азербайжан, Молдова, Беларус, Казакстан, Тажикстан, Өзбекстан жана Арменияның Жогорку сотторунун төрагалары жана орун басарлары, ошондой эле Евразия экономикалык биримдиги сотунун жана Көз карандысыз Мамлекеттер Шериктештигинин Экономикалык сотунун Төрагалары жана Укук аркылуу демократия үчүн Европа комиссиясынын вице-президенти катышышты.

Өз сөзүндө мамлекет башчысы Садыр Жапаров быйыл Кара-Кыргыз автономиялуу облусунун түзүлгөнүнө туура 100 жылдын жүзү болгондугун, ушул даңазалуу дата менен катар Кыргыз Республикасынын сот тутумунун басып өткөн бир кылымдык байсалдуу жолун салтанаттуу белгилеп олтурабыз деп белгиледи.

"*Мамлекет менен тагдырлаш болгон сот тутуму өлкөнүн түптөлүшүнө, өнүгүшүнө,*

*өзүнүн бараандуу салымын кошту десем жаңылышпайм. Анткени сот тутумунун өлкөдө адилеттүүлүк менен укук тартибин камсыз кылуудагы, укуктук мамлекетти өнүктүрүүдөгү ролу абдан жогору.*

*Сот тутумунун өкүлдөрүнүн адилеттүүлүк үчүн күн сайын күрөшүнүн, талыкпаган эмгегинин жана ошондой эле терең билим менен мол тажрыйбага тунган кесипкөйлүгүнүн аркасында өлкөбүздө мыйзам үстөмдүгү өкүм сүрүүдө .Мына ошондуктан жалпы сот тутумунун бардык өкүлдөрүнүн салымын терең урматтоо менен белгилейбиз. Сот тутумунун 100 жылдык маарекесин салтанаттуу белгилөө менен биз өткөн тарыхтан сабак алып, келечекке жаңы максаттарды коюп, сот тутумубузду мындан ары да өркүндөтүүгө умтулабыз*", — деп билдирди мамлекет башчысы Садыр Жапаров.

Бир күн мурда 2024-жылдын 19-сентябрында Бишкекке 12 мамлекеттен 9 делегация келген.

Ошол учурдагы Жогорку соттун төрагасы Замирбек Базарбеков Бишкекте Кыргыз Республикасынын сот тутумунун жүз жылдыгын белгилөө үчүн келген делегациялардын жетекчилери менен эки тараптуу жолугушууларды өткөргөн: Түркия Республикасынын Жогорку кассациялык сотунун төрагасы Өмер Керкез, Азербайжан Республикасынын Жогорку сотунун төрагасы Инам Керимов, Молдова Республикасынын Жогорку сот палатасынын төрагасынын милдетин аткаруучу Стелла Прокопчук, Евразия экономикалык бирлигинин Сотунун төрагасы Алексей Дронов, Көзкарандысыз Мамлекеттер Шериктештигинин Экономикалык сотунун төрагасы Андрей Плотников, Беларусь Республикасынын Жогорку сотунун биринчи орун басары Валерий Калинкович, Казакстан Республикасынын Жогорку сотунун жазык иштери боюнча коллегиясынын төрайымы Назгүль Рахметуллина, Тажикстан Республикасынын Жогорку сотунун төрагасынын орун басары Саидали Сабзали, Өзбекстан Республикасынын Жогорку сотунун төрагасынын орун басары Шухрат Полванов, Армения Республикасынын Кассациялык сотунун Коррупцияга каршы палатасынын төрагасы Артур Давтян жана Европа комиссиясынын демократия үчүн укук боюнча вице-президенти (Венеция комиссиясы) Вероника Билкова. Ошондой эле Кытай Эл Республикасынын Жогорку элдик сотунун төрагасынын орун басары Дэн Сюмин менен эки тараптуу жолугушуу болду.

Мындан тышкары, 2024-жылдын 18-сентябрында республиканын жогорку сот органынын чоң залында «Кыргыз Республикасынын сот тутумуна 100 жыл» юбилейлик медалын иштеп жаткан судьяларга тапшыруу аземи болуп өткөндүгүн белгилей кетүү маанилүү.

Бул маанилүү датага байланыштуу жана сот тутумунун ардагерлеринин эмгегин жогору баалоо менен Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленумунун токтому менен 100дөн ашуун мурдагы судьялар сыйланышты.

Ошондой эле Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Аппаратынын бир катар кызматкерлерине юбилейлик медаль ыйгарылды.




















«ЭНЕСАЙ»


КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН
WWW.SOT.KG
100
100 ЛЕТ СУДЕБНОЙ СИСТЕМЕ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
THE JUDICIAL SYSTEM OF THE
KYRGYZ REPUBLIC 100TH ANNIVERSARY
КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ЖОГОРКУ СОТУ

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН ПЛЕНУМУНУН

# ТОКТОМУ

2024-жылдын 17-октябры Бишкек шаары

№26

**«Жыныстык кол тийбестикке жана жыныстык эркиндикке каршы кылмыштар жөнүндө иштер боюнча соттук практика тууралуу»**

Жыныстык кол тийбестикке жана жыныстык эркиндикке каршы кылмыштар үчүн жоопкерчилик жөнүндө мыйзамдарды соттор тарабынан туура колдонуу, бир түрдүү соттук практиканы түзүү жана ушул категориядагы иштерди кароодо соттук каталардын келип чыгышын болтурбоо максатында Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленуму, 2021-жылдын 15-ноябрындагы №134 «Кыргыз Республикасынын Жогорку соту жана жергиликтүү соттор жөнүндө» конституциялык Мыйзамынын 18 жана 19-беренелерин жетекчиликке алып, сотторго төмөнкүдөй түшүндүрмөлөрдү берүүнү токтом кылат:

**1.** Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин (мындан ары - КР КЖК) 154, 155-беренелеринде каралган кылмыштарга жабырлануучунун эркине каршы жана макулдугусуз жабырлануучуга же башка адамдарга зомбулук көрсөтүү же аны колдоном деп коркутуу жолу менен, же жабырлануучунун алсыз абалын пайдалануу менен жасалган жыныстык катнаш, бачабаздык, лесбиянчылык же бузуку формадагы сексуалдык мүнөздөгү башка аракеттер кирээрине соттордун көңүлү бурулсун.

Адамды шантаж жолу менен же жабырлануучунун материалдык же башка көз карандылыгын пайдалануу менен жыныстык катнашка, бачабаздыкка, лесбиянчылыкка же сексуалдык мүнөздөгү башка аракеттерди жасоого мажбурлоо КР КЖКнын 156-беренесинде каралган кылмыштын курамын түзөт.

Жосунду квалификациялоо үчүн көрсөтүлгөн кылмыштарды жасоонун жүйөсү (жыныстык муктаждыкты канааттандыруу, өч алуу, улуттук же диний жек көрүү, жабырлануучуну басынтууну каалоо ж. б.) мааниге ээ эмес.

**2.** КР КЖКнын 154-156-беренелеринде каралган кылмыштардын ар биринин объектиси жабырлануучунун жыныстык кол тийбестиги же жыныстык эркиндиги болуп эсептелээри сотторго түшүндүрүлсүн жана соттор иштерди кароодо күнөөлүүнүн аракеттеринин мүнөзүн жана жабырлануучу менен болгон өз ара мамилесин, ниетинин багытын жана мазмунун, күнөөсүнүн формасын, зомбулукту колдонуунун мүнөзүн, максаттарын жана жүйөлөрүн жана ишти туура чечүү жана чечим кабыл алуу үчүн мааниси бар башка жагдайларды кылдат тактоого тийиш.

**3.** КР КЖКнын 154-беренесинин мазмуну боюнча зордуктоо деп аял менен табигый түрдө, ага каршы (жабырлануучуга же анын жакындарына зомбулук көрсөтүү же аны колдонуу коркунучу менен) же жабырлануучунун эркинен тышкары (анын алсыз абалын пайдалануу менен) жасалган жыныстык акт түшүнүлөт.

Кылмыш жасоо учуруна карата 14 жашка толгон, акыл-эси жайында эркек адам гана түздөн-түз аткаруучу катары кылмыштуу кол салуунун субъектиси боло алат. Бирок, топтук зордуктоодо, топто эркек кишилердин гана болушу жана ар бири жабырлануучу менен жыныстык катнашта болушу шарт эмес. Жыныстык катнаш бир адам тарабынан жасалып, ал эми калгандары ага көмөктөшкөн учурда дагы зордуктоо топтук болуп эсептелет. Мындай ролду аялдар деле аткарышы мүмкүн. Тактап айтканда, аял каралып жаткан кылмыштын уюштуруучусу, шыкакчысы же жардамчысы ролдорунда боло алат. Эгерде ал жабырлануучунун каршылыгын жеңүүгө катышса, анда аны зордуктоонун кошо аткаруучусу катары таануу керек.

Зордуктоо фактысын шарттаган мыйзамсыз аракеттердин тизмеси толук болуп саналат. Ошондуктан, жыныстык катнаш макулдугуна башка ыкмалар менен жеткен адамдын, мисалы, тажатма сунуштар аркылуу, алдоо же ишенимди кыянаттык менен пайдалануу жолу менен жыныстык катнашка баруу (сүйүүсүн мойнуна алуу, никеге туруучуга атайылап жалган убада берүү, сексуалдык кызмат үчүн акы төлөө жана ушул сыяктуу) аракеттери зордуктоо катары бааланбайт.

**4.** Бала жыныстык кол тийбестикке каршы кылмыштардын эң аялуу курмандыгы болуп саналат, анткени күнөөлүү адам жаш курагына байланыштуу бала эмне болуп жатканын түшүнө электигинен пайдаланат, аны коркутуу, эмне болгонун эч кимге айтпоого көндүрүү оңой. Ошондуктан балага каршы жасалган жыныстык кол тийбестикке жана жыныстык эркиндикке каршы кылмыштар үчүн катуураак жоопкерчилик каралган.

Он алты жашка чыга элек адам менен жыныстык катнашта болуу жана сексуалдык мүнөздөгү башка аракеттер үчүн кылмыш жоопкерчилиги, ошондой эле он алты жашка чыга элек адам менен жыныстык катнашта болуу жана сексуалдык мүнөздөгү башка аракеттер зомбулук көрсөтпөстөн же аны колдонуу коркунучу жок жасалган, ал эми жабырлануучу адам жасалып жаткан аракеттердин мүнөзүн жана маанисин түшүнгөн учурларда да пайда болот.

Эгерде жабыр тарткан адам өзүнүн акыл-эсинин артта калышынын же жаш курагынын натыйжасында аны менен жасалган аракеттердин мүнөзүн жана маанисин түшүнө албаса, мындай адам менен жыныстык катнашка жабыр тарткан адамдын алсыз абалын пайдалануу менен зордуктоо катары кароо зарыл.

**5.** Ар кандай жыныстагы адамдарга карата өмүрү жана ден соолугу үчүн коркунучтуу эмес зомбулук көрсөтүү менен же аны жабырлануучуга же башка адамдарга карата колдонуу коркунучу менен, же жабырлануучунун алсыз абалын пайдалануу менен жасалган, бачабаздык, лесбиянчылык же сексуалдык мүнөздөгү башка аракеттер (аналдык жана оралдык секс, бузуку формадагы жыныстык актыны тууроо) сексуалдык мүнөздөгү зомбулук аракеттер деп таанылат (КР КЖКнын 155-беренеси).

**6.** Эгерде зордуктоо - бул эркек менен аялдын ортосундагы табигый формадагы жыныстык катнаш болсо, анда сексуалдык мүнөздөгү башка аракеттер жыныстык муктаждыкты башка жолдор менен канааттандыруу, анын ичинде аялды күч колдонуу же аны колдоном деп коркутуу жолу менен жыныстык акт жасоого мажбурлоо катары көрсөтүлөт.

Ошентип, кылмыш курамы кылмыш субъекттери менен айырмаланат.

Эгерде зордуктоонун түздөн-түз субъектиси эркек гана адам, ал эми жабыр тарткан тарап аял гана болсо, анда сексуалдык мүнөздөгү зордук-зомбулуктун субъектиси жана жабыр тарткан адам каалаган жыныстагы адам болушу мүмкүн.

**7.** Соттор бачабаздык деп эркек менен эркек жыныстык катнаш аркылуу, активдүү өнөктөштүн жыныстык мүчөсүн пассивдүү өнөктөштүн арткы жыныстык тешигине киргизүү аркылуу жыныстык кумарды күч менен канааттандыруу эсептелерин унутпашы керек.

Жыныстык кумарды канааттандыруунун башка формалары, мисалы, жыныстык органды оозго киргизүү бачабаздык деп эсептелинбейт, бирок сексуалдык мүнөздөгү башка аракеттер катары каралышы мүмкүн.

Сексуалдык мүнөздөгү башка аракеттерге эркек менен аялдын жыныстык байланышынын айрым түрлөрү кирет, мисалы, оралдык секс, аналдык секс, жыныстык органга кол же кандайдыр бир нерсе менен кирүү ж.б.

Лесбияндык - аялдардын гомосексуализминин бир түрү, ал аялдардын бири-бирине карата сексуалдык мүнөздөгү аракеттерди (жыныстык акт имитациясы, оралдык-жыныстык катнаш, мастурбация ж.б.) жасоосу аркылуу жыныстык кумарды күч менен канааттандыруу болуп саналат.

**8.** Зордук-зомбулук жабыр тарткан адамдын каршылыгын жеңүүгө багытталган аракеттерди жасоо экендигин эске алуу зарыл, атап айтканда, кийим-кечесин айруу, уруп-

сабоо, дене-бойду оорутуу, денеге залал келтирүү, дем алуу жолдорун кысуу, организмге каршы же эркине каршы спирт, дары-дармек препараттарын, психотроптук, уулandыруучу заттарды, баңги каражаттарын ж.б. киргизүү, ошондой эле анын эркиндигинен ажыратуу же чектөө сыяктуу (колду кармоо, байлап коюу, бөлмөгө камоо ж. б.) жабыр тарткан адамга карата физикалык таасир этүү.

Эгерде зордуктоодо, сексуалдык мүнөздөгү зомбулук аракеттерди жасоодо жабырлануучунун ден соолугуна жеңил же анча оор эмес зыян келтирилсе, жосун КР КЖКнын 154, 155-беренелеринин диспозицияларында камтылат жана кошумча квалификацияны талап кылбайт.

Эгерде зыян зордуктоо, сексуалдык мүнөздөгү зордук-зомбулук аракеттерден кийин болсо, анда кылмыштардын чыныгы жыйындысы орун алат.

Ден соолукка атайылап оор залал келтирүү КРнын КЖКнын 130-беренесинин 2-бөлүгү боюнча кошумча квалификацияны талап кылат.

Ден соолукка келтирилген зыяндын оордугу эксперттик корутундунун негизинде белгиленет.

**9.** Жабыр тарткан адамдын каршылыгын басуу каражаты катары колдонулуучу коркунуч деп жабырлануучуга же башка адамдарга карата физикалык зомбулук көрсөтүү коркунучу түшүнүлөт.

Коркунучтун формасы ар кандай болушу мүмкүн жана конкреттүү сөздөрдөн, жаңсоолордон, иш-аракеттерден, курал-жарактарды же денеге зыян келтирүү үчүн колдонула турган нерселерди көрсөтүүдөн, куралды тууураган нерселерден турат жана жабыр тарткан адам аларды чыныгы курал экен деп кабыл алат.

Коркунуч реалдуу болушу керек, башкача айтканда, коюлган талаптар аткарылбаса, анын ишке ашышына күмөн туулбашы керек.

Мында соттор мындай коркунучту түзүлгөн убакытка, жерине жана кырдаалга (адамдардын тобу менен курчап турган чөйрө, туңгуюк жана ээн жер, түнкү убакыт ж.б.) негизденип, жабырлануучу тарабынан реалдуу коркунуч катары кабыл алынышы мүмкүн экендигин эске алуусу зарыл.

Зордуктоодо же сексуалдык мүнөздөгү зомбулук аракеттерди жасоодо жабырлануучунун каршылыгын жеңүү же алдын алуу максатында өлтүрөм деп коркутуу КР КЖКнын 154, 155-беренелеринин диспозициялары менен камтылган жана КЖКнын 139-беренеси боюнча кошумча квалификацияны талап кылбайт.

Зордуктоо же сексуалдык мүнөздөгү башка зомбулук аракеттер жасалгандан кийин жабырлануучуну коркутуп коюу жана окуянын ачыкка чыгышына бөгөт коюу максатында өлтүрүү, ден соолугуна оор зыян келтирүү, ошого тете башка оор зомбулук менен коркутуу бул коркунуч ишке ашат деп кооптонууга негиз болсо КР КЖКнин 139-беренеси боюнча өз алдынча квалификациялануга, ал эми жалпысынан жосун - көрсөтүлгөн ченемдин жана КР КЖКнын 154-155-беренелеринин тиешелүү бөлүгүнүн жыйындысы боюнча квалификациялануга тийиш.

**10.** Зордуктоо жөнүндө (154-берене) жана сексуалдык мүнөздөгү зомбулук аракеттер жөнүндө (155-берене) иштерди кароодо соттор зомбулук же аны колдонуу коркунучу көрсөтүлгөн кылмыштардын объективдүү тарабынын белгилери катары күнөөлүү тарабынан жыныстык актыны, бачабаздык, лесбиянчылык актыларын, сексуалдык мүнөздөгү башка аракеттерди түздөн-түз жасоо үчүн жабырлануучунун каршылыгын жеңүүнүн каражаты (ыкмасы) катары жүзөгө ашырылып жаткандыгын эске алышы керек.

**11.** Күнөөлүү адамдын аракеттери, жабырлануучу өзүнүн дене боюнун абалына байланыштуу (кем акылдыгы же башка психикалык бузулуусу, дене кемчилдиги, башка оорулуу же аң-сезимсиз абалы, жаш же кары курагына ж.б.) аны менен жасалган аракеттердин мүнөзүн жана маанисин түшүнө албаган же күнөөлүүгө каршылык көрсөтө албаган учурларда анын алсыз абалын пайдалануу менен жасалган катары квалификацияланышы керектигине соттордун көңүлү бурулсун.

Мас абалында болгон жабырлануучуга карата кылмыш жасоо менен байланышкан жагдайларга баа берүүдө, алкоголду, баңги каражаттарын, психотроптук же башка ууландыруучу заттарды колдонуудан келип чыккан, жабырлануучу тарапты зордукчуга каршылык көрсөтүү мүмкүнчүлүгүнөн ажыраткан же болбосо өзү жасап жаткан иш-аракеттердин мүнөзүн жана маанисин түшүнө албаган денгээлдеги мас болуу даражасы гана алсыз абал деп таанылышы мүмкүн экендигине негизденүү керек.

Соттор, жабырлануучу адамдын психикалык же дене-бой абалын, анын организмине таасир этүүчү спирт ичимдиктеринин, дары-дармек препараттарынын, психотроптук, ууландыруучу заттардын, баңги каражаттарынын касиеттерин жана мүнөзүн аныктоо үчүн, эгерде алардын колдонулгандыгына негиз бар болсо, тиешелүү экспертизаларды дайындоо жөнүндө маселени талкуулоо керектигине көңүл бурушу керек.

КР КЖКнын 154-155-беренелеринде каралган аракеттерди жабырлануучунун алсыз абалын пайдалануу менен жасалган деп таануу үчүн жабырлануучу адам айыпталуучу тарабынан ушундай абалга келтирилгенби (мисалы, спирт ичимдиктери, баңги каражаттары, дары-дармек каражаттары, психотроптук, ууландыруучу заттар аркылуу) же анын аракеттерине карабастан ушундай абалда болгонбу, айырмасы жок.

Жабырлануучунун алсыз абалда болгондугу жөнүндө тыянакка иштин бардык жагдайларын чогуу баалоого негизденүү жана абал алсыз деп таанылган конкреттүү белгилерди көрсөтүү менен өкүмдү тиешелүү түрдө жүйөлөштүрүү керек.

**12.** Зордуктоо же сексуалдык мүнөздөгү зомбулук аракеттерди жасоо процессинде байкабастыктан анын өлүмүнө алып келген жабырлануучунун ден соолугуна атайылап зыян келтирген адамдын аракеттери, башка квалификациялык белгилер жок болгон учурда КР КЖКнын 154-беренесинин 3-бөлүгүндө же 155-беренесинин 3-бөлүгүндө жана КР КЖКнын 130-беренесинин 3-бөлүгүндө каралган кылмыштардын жыйындысы боюнча квалификацияланышы керек.

Зордуктоо же сексуалдык мүнөздөгү зомбулук аракеттерди жасоо процессинде өлтүрүү, ошондой эле бул кылмыштар аяктагандан кийин каршылык көрсөткөндүгү үчүн өч алуу же аларды жашыруу максатында жасалган адам өлтүрүү КР КЖКнын 122-беренесинин 2-бөлүгүнүн 8-пунктунда жана КР КЖКнын 154-беренесинин же 155-беренесинин тиешелүү бөлүктөрүндө каралган кылмыштардын жыйындысы боюнча квалификацияланышы керек, анткени күнөөлүү адамдын максаты башка кылмышты эмес, сексуалдык мүнөздөгү зордуктоо же зомбулук аракеттерди жасагандыгын жашыруу болгон.

**13.** Жосунду квалификациялоодо КР КЖКнын 154-беренесинин 2-бөлүгүнүн 4-пункту же 155-беренесинин 2-бөлүгүнүн 4-пункту (өзгөчө ырайымсыздык менен жасалган катары...) боюнча өзгөчө ырайымсыздык түшүнүгү зордуктоо же сексуалдык мүнөздөгү зомбулук аракеттерди жасоо ыкмасы менен, ошондой эле күнөөлүүлөрдүн өзгөчө ырайымсыздыкты көрсөтүүсүн күбөлөндүргөн башка жагдайлар менен байланыштуу экендигине негизденүүгө тийиш. Мында күнөөлүүнүн ниети менен мындай кылмыштарды өзгөчө ырайымсыздык менен жасоо камтылганын аныктоо зарыл.

Өзгөчө ырайымсыздык, атап айтканда, жапа чеккен адамды кыйноодо, кемсинтүүдө, зордуктоо же сексуалдык мүнөздөгү башка аракеттерди жасоо процессинде ага өзгөчө азап келтирүүдө, анын жакындарынын катышуусунда зордуктоону же сексуалдык мүнөздөгү башка аракеттерди жасоодо, ошондой эле жабыр тарткан адамдын өзүнүн же башка адамдардын физикалык же адеп-ахлактык жактан оор азапка алып келүүчү каршылык көрсөтүүнү басуу ыкмасында көрсөтүлүшү мүмкүн.

**14.** Зордуктоо жана сексуалдык мүнөздөгү башка зордук-зомбулук аракеттерди квалификациялоо үчүн жабырлануучунун кылмыш жасоого чейинки жүрүм-туруму, моралдык мүнөзү, жашоо образы, айыпкер менен нике мамилесинин болушу, чогуу жашоо жана башка инсандык маалыматтар маанилүү эмес.

**15.** Соттор КР КЖКнын 154, 155-беренелеринде каралган жосундар үчүн КР КЖКнын

28-беренесинин 2-бөлүгүнүн жоболоруна ылайык кылмыш жасоо убактысына карата он төрт жашка чыккан адамдар кылмыш жоопкерчилигине тартылаарын эске алышы керек.

**16.** Сексуалдык мүнөздөгү аракеттерге мажбурлоо (156-статья) зордуктоо жана сексуалдык мүнөздөгү зомбулук аракеттердин белгилери жок болгон учурда, адамды шантаж же болбосо жабырлануучунун материалдык же башка көз карандылыгын пайдалануу жолу менен жыныстык катнашка, бачабаздыкка, лесбиянчылыкка же сексуалдык мүнөздөгү башка аракеттерди жасоого мажбурлоо деп таанылат.

Мажбурлоонун максаты жабыр тарткан адамды КР КЖКнын 156-беренесинин диспозициясында саналып өткөн аракеттерди, күч колдонбостон же зомбулук көрсөтөм деп коркутпастан, шантаж жолу менен же материалдык же башка көз карандылыкты колдонуу менен жасоого тартуу болуп саналат.

Мажбурлоо гетеросексуалдык же гомосексуалдык байланышка чыгууга, лесбияндыкка же сексуалдык мүнөздөгү башка аракеттерди жасоого мажбур болсо да, эркти басуу жана макулдук алуу ыкмасы болуп саналат. Мажбурлоо оозеки, жазуу жүзүндө же башка жол менен билдирилиши мүмкүн.

Эгерде мындай таасир акыркы болуп саналган ыкмаларды колдонуу менен жасалса, мындай таасир кылмыш жазасына тартылуучу болуп саналат: а) шантаж, б.а. алардын чындыкка ылайык келүүсүнө карабастан кемсинтүүчү маалыматтарды жайылтуу коркунучу; б) жабырлануучунун материалдык же башка көз карандылыгын пайдалануу.

**17.** Шантаж деп жабырлануучунун укуктарына жана мыйзамдуу кызыкчылыктарына олуттуу зыян келтириши мүмкүн болгон, анын жакын адамдарынын кадыр-баркын, ар-намысын кемсинтүүчү, уят кылуучу, жаманатты кылуучу маалыматтарды жана башка маалыматтарды таратуу коркунучу түшүнүлөт (врачтык сырды, бала асырап алуунун сырын билдирем деп коркутуу, жабыр тарткан адамды коомчулукка жарыялоо, компроматтык байланыштар, фотосүрөттөр, сүрөттөр ж.б.).

**18.** Мыйзамда көрсөтүлгөн сексуалдык мүнөздөгү аракеттерди жасоо үчүн материалдык же башка көз карандылыкты пайдалануу менен мажбурлоо күнөөлүү адам жабырлануучунун мыйзамдуу кызыкчылыктарына коркунуч келтиргенде гана кылмыш деп таанылат.

Материалдык көз карандылык деп жабырлануучу күнөөлүү адамдын толук же жарым-жартылай багуусунда болгондугун (анын турак-жай аянтында өзүнүкү жок жашагандыгын, анын карызкору, мураскору болуп эсептелгендигин ж. б. у. с.) саналат.

Башка көз карандылык деп жабырлануучу күнөөлүүдөн материалдык көз карандылыктан башка көз карандылыкта (баш ийүүчүлүк, контролдукта болуу, иш боюнча, кызмат боюнча, окуу боюнча отчеттуулук, камкорчулук, көзөмөлчүлүк, туугандык, кызматтык көз карандылык кызматынан төмөндөтүү, кызматтан же жумуштан бошотуу, эмгек акысын, тиешелүү сыйлыктарын төлөбөө, турак жайынан ажыратуу ж.б.) экендиги саналат.

Көз каранды адамга сексуалдык мүнөздөгү аракеттерди жасоого бир гана сунуш, ага тете материалдык же кызматтык абалын жакшыртууга убада берүү, алдоо, никеге турууга убада берүү ж.б.у.с. мажбурлоо деп таанылбайт, анткени жабыр тарткан адамдын эркине бөгөт коюлбайт жана жүрүм-турумдун тигил же бул вариантын аңдап билүү мүмкүнчүлүгү бар.

Каралып жаткан кылмыш сексуалдык мүнөздөгү аракеттерге мажбурланган учурдан тартып аяктады деп эсептелет.

**19.** Эгерде ал шантаж жолу менен жасалса, КР КЖКнын 156-беренесинде каралган кылмыштын субъектиси 16 жашка толгон акыл-эси соо адам саналат.

Материалдык же башка көз карандылыкты пайдалануу менен мажбурлоону жасоодо атайын субъект: бул жогоруда көрсөтүлгөн белгилерге ээ болгон жана кызматтык абалына, туугандык мамилелерине же башка факторлорго байланыштуу көз карандылык мамилелеринде үстөмдүк кылуучу ролду аткарган адам.

**20.** 14 жашка чейинки балага карата жыныстык эркиндикке жана жыныстык кол тийбестикке каршы кылмыштар жөнүндө иштерди кароодо жосундун негизги түздөн-түз

объектиси болуп жыныстык кол тийбестик эсептелээрин эске алуу керек. Баланын нормалдуу психикалык жана физикалык өнүгүү кызыкчылыктары кошумча түздөн-түз объектиси катары иш-аракет кылат.

**21.** Эгерде алар түздөн-түз ушундай аракеттерди жасоого багытталгандыгы аныкталса, бирок көрсөтүлгөн максатка ошол адамга көз каранды болбогон жагдайлар боюнча жетишилген эмес болсо, күнөөлүүлөрдүн зомбулукту колдонуусу, аны колдонуу коркунучу жыныстык кол тийбестикке жана жыныстык эркиндикке каршы кылмышка кол салуу катары квалификацияланышы мүмкүн экендиги сотторго түшүндүрүлсүн.

Зордуктоо физиологиялык мааниде жыныстык катнаш башталгандан тартып бүттү деп эсептелет.

Сексуалдык мүнөздөгү башка зордук-зомбулук аракеттер сексуалдык мүнөздөгү аракеттерди жасоо башталган учурдан тартып аяктады деп эсептелет.

**22.** Зордуктоого, сексуалдык мүнөздөгү башка зордук-зомбулук аракеттерди жасоого аракет кылууну башка кылмыштардан ажыратууда күнөөлүү жабырлануучунун эркинен тышкары жыныстык акт же сексуалдык мүнөздөгү башка аракеттерди жасоо максатында аракет кылгандыгын жана зомбулук колдонуу ушул максатка жетүүнүн каражаты болуп саналгандыгын аныктоо керек. Мындай жагдайлар болбогон учурда адам зордуктоого аракет кылгандыгы же сексуалдык мүнөздөгү башка зомбулук аракеттерди жасагандыгы үчүн жоопкерчилик тарта албайт.

**23.** Асылуу, алдоо жолу менен же башка ушу сыяктуу ыкмалар менен жабырлануучуларды жыныстык актыга, сексуалдык мүнөздөгү башка аракеттерге азгырган же күч колдонбостон, же аны колдонуу менен коркутпастан, шантаж, материалдык же башка жактан көз карандылыкты, жабырлануучунун алсыз абалынан пайдаланып зомбулук көрсөтпөстөн сексуалдык мүнөздөгү аракеттерди жасоого мажбурлаган адамдын аракеттери КР КЖКнын 154-156-беренелеринде каралган кылмыштарды жасоого далалат кылуу катары квалификацияланышы мүмкүн эмес.

Кылмыш ниетин аягына чейин жеткирбөө коомдук коркунучтуу кесепеттердин келип чыгышын билдирбейт (мисалы, жабырлануучуга зомбулук көрсөтүү, бирок жыныстык катнашты жүзөгө ашырбоо).

Зордуктоо, сексуалдык мүнөздөгү зомбулук аракеттери, сексуалдык мүнөздөгү аракеттерге мажбурлоо үчүн кылмыштан өз ыктыяры менен баш тарткан учурда адам жоопкерчиликке тартылбай тургандыгын жана негиздер болгон учурда ал иш жүзүндө жасаган аракеттери үчүн гана жооп бере тургандыгын соттор эске алышы керек.

Зордуктоодон, сексуалдык мүнөздөгү зомбулук аракеттерди жасоодон ыктыярдуу баш тартканга чейин жасалган коомдук коркунучтуу жосундар (уруп-согуу, ден соолукка зыян келтирүү, кийимди айрып салуу, аны бузуу жана башка ушул сыяктуу аракеттер) КЖКнын ден соолукка атайылап зыян келтиргендиги үчүн жоопкерчиликти караган беренелери боюнча келип чыккан кесепеттерге жана башка жагдайларга жараша квалификацияланат (КР КЖКнын 130-131, 134-136-беренелери).

Мында кылмыштан өз ыктыяры менен баш тартуу (КР КЖКнын 38-беренеси), эгерде адам кылмышты улантууга мүмкүнчүлүгү бар болсо жана аны жасоодон өз ыктыяры менен жана толугу менен баш тарткан учурда гана болушу мүмкүн.

Айыпталуучага көз каранды болбогон жагдайлардан улам келип чыккан кылмыштан баш тартуу ыктыярдуу деп таанылышы мүмкүн эмес (атап айтканда, жабырлануучунун активдүү каршылык көрсөтүүсү, үчүнчү жактардын кийлигишүүсү, жыныстык катнашка физиологиялык жөндөмүнүн жоктугу).

Зордуктоону, сексуалдык мүнөздөгү зомбулук аракеттерди жасоого аракеттенген адамдын аракеттеринде, кылмыштан баш тартуусу өз ыктыяры менен болбогондугу жөнүндө соттун тыянагы соттолуучудан көз каранды эмес абалда кылмыш аягына чыкпагандыгы тууралуу, иш боюнча аныкталган конкреттүү жагдайларды милдеттүү түрдө көрсөтүү менен өкүмдө жүйөлөнөт.

**24.** Эгерде бир эле жабырлануучуга карата бир нече зордуктоо же бир нече сексуалдык мүнөздөгү зомбулук аракеттер кыска убакыттын ичинде жасалган болсо жана аларды жасоонун жагдайлары күнөөлүүнүн көрсөтүлгөн бирдей аракеттерди жасоого болгон бирдиктүү ниетин күбөлөндүрсө, жосун КР КЖКнын 154-беренесинин же 155-беренесинин тийиштүү бөлүктөрү боюнча квалификацияланууга тийиш болгон бир уланып жаткан кылмыш катары каралышы керек.

**25.** Эгерде күнөөлүү бир эле жабырлануучуга карата ушул категориядагы кылмыштын ар кандай ырааттуулугунда жасалган болсо, анда жасалган жосунду зордуктоо, сексуалдык мүнөздөгү зомбулук аракеттер жана сексуалдык мүнөздөгү аракеттерге мажбурлоо ортосундагы убакыттын ажырымы болгондугуна карабастан, КР КЖКнын 154-156-беренелеринде каралган кылмыштардын жыйындысы боюнча квалификациялоо керек.

**26.** Бул категориядагы кылмыштарды адамдардын тобу жасаган белгилери боюнча квалификациялоо зордуктоого, сексуалдык мүнөздөгү зомбулук аракеттерге катышкан адамдар жабырлануучуга карата көрсөтүлгөн кылмыштарды биргелешип аткаруучу катары макулдашып аракеттенген учурда болушу мүмкүн.

Сексуалдык мүнөздөгү зордуктоо, зордук-зомбулук аракеттери адамдардын тобу тарабынан жасалган деп бир нече айыпкер бир жабырлануучуга карата мындай аракеттерди түздөн-түз жүзөгө ашырган учурларда гана эмес, ошондой эле айыпталуучулар макулдашып аракеттенип жана бир нече адамга карата зомбулук көрсөтүү же ага коркунуч келтирүү менен зордук-зомбулук актысын, сексуалдык мүнөздөгү башка зомбулук аракеттерди ар бири жабыр тарткан адамдардын бири менен жасаган учурда да таанылат.

Эгерде кылмышка аны жасоо жөнүндө алдын ала макулдашкан адамдар катышса, зордуктоо жана сексуалдык мүнөздөгү башка зомбулук аракеттер адамдардын тобу тарабынан алдын ала макулдашуу боюнча жасалган деп табылат.

**27.** Түздөн-түз жыныстык катнашка барбаган же жабырлануучу менен сексуалдык мүнөздөгү зомбулук аракеттерди жасабаган жана башка адам тарабынан көрсөтүлгөн аракеттерди жасоодо зомбулук же коркутуу колдонбогон, бирок кылмыш жасоого кеңештер, көрсөтмөлөр менен көмөк көрсөткөн, күнөөлүүгө маалымат берген же болбосо тоскоолдуктарды четтетүү ж.б.у.с. аракеттери КР КЖКнын 41-беренесинин 4-бөлүгүнө шилтеме кылуу менен көмөкчү катары квалификацияланууга тийиш.

**28.** Зомбулук колдонбогон, бирок түздөн-түз жыныстык акт, жабырлануучунун сексуалдык мүнөздөгү зомбулук аракеттери, кылмыштын башка катышуучусу тарабынан колдонулган зомбулукту пайдалануу, ага тете эле жабырлануучуга зомбулук көрсөтүү жолу менен кылмыш жасоого көмөк көрсөткөн, бирок түздөн-түз жыныстык акт же сексуалдык мүнөздөгү башка аракеттерди жасабаган адамдын аракеттери топтук зордуктоого, сексуалдык мүнөздөгү зомбулук аракеттерге кошо катышуучу катары квалификацияланышы керек.

Жогоруда көрсөтүлгөн кылмыштарда айыпталуучуга жабырлануучуга зомбулук көрсөтүү менен байланышпаган көмөк көрсөткөн адамдар кылмыш жасоого кошо катышкандыгы үчүн жоопкерчилик тартышат. Мындай адамдардын иш-аракеттери аткарган ролуна жараша КР КЖКнын 41-беренесинин жана КР КЖКнын 154-155-беренелеринин тийиштүү бөлүктөрү боюнча квалификацияланат.

Зордуктоону же сексуалдык мүнөздөгү башка зомбулук аракеттерди жасоону кошо катышуучулардын бири акыл-эси соо эместигинен же кылмыш жоопкерчилиги белгиленген куракка жете электигинен улам жоопкерчиликке тартылышы мүмкүн болбогон учурда, бул кылмыштын башка катышуучусунун аракеттери адамдардын тобунда жасалган катары каралышы мүмкүн эмес.

**29.** Жыныстык кол тийбестикке же жыныстык эркиндикке каршы кылмыштар жөнүндө иштер боюнча (КР КЖКнын 154-156-беренелери) соттор тарабынан КР КЖКнын 291-беренесинин негизинде ар бир учурда жабырлануучунун жашоосунун маанилүү болгон интимдик жактары жөнүндө маалыматтын ачыкка чыгышына жол бербөө үчүн жабык

соттук отурумда жазык ишин териштирүү жөнүндө маселени чечүү, жазык процессинин катышуучулары болуп эсептелбеген, он алты жашка чыга элек адамдар сот отурумдун залында болбошу үчүн, ал эми күбө катары суралган адамдар суракка алынгандан кийин сот отурумдун залынан чыгып кетиши үчүн зарыл чаралар көрүлүүсү керек.

Жабык сот отурумунда ишти териштирүүнү жүргүзүү жөнүндө сот жүйөлүү аныктама же токтом чыгарат, анда процесстин катышуучусу болуп саналбаган адамдардын, жалпыга маалымдоо каражаттарынын редакцияларынын өкүлдөрүнүн сот отурумунун залына эркин кирүүсүнө тоскоолдук кылуучу конкреттүү жагдайлар көрсөтүлүүгө тийиш.

Ишти жабык отурумда угууда башка адамдар иш каралып жаткан залга катышууга укуксуз, процесске анын катышуучулары - судья, сот отурумунун катчысы жана тараптар: мамлекеттик айыптоочу, жабырлануучу, анын мыйзамдуу өкүлү, айыпталуучу, анын адвокаты же мыйзамдуу өкүлү гана катышат.

Ишти жабык сот отурумунда териштирүү жүргүзүү жөнүндө сот отурумунун протоколунда жана иш боюнча кабыл алынган сот актысынын кириш бөлүгүндө көрсөтүлөт.

Бул иштердин өзгөчөлүгүн эске алуу менен сот отурумунда төрагалык кылуучу айыптоо же коргоо тараптары, жазык процессинин катышуучуларына ишке тиешеси жок, формасы же мазмуну боюнча алардын ар-намысын жана кадыр-баркын басмырлаган суроолорду четтетүүгө, жазык процессинин айрым катышуучуларынын иш жүзүндө эмес жүрүм-турумуна өз убагында бөгөт коюуга тийиш.

**30**. Бала жабырлануучу болуп саналган жыныстык кол тийбестикке каршы кылмыштар менен байланышкан жазык иштерин кароодо соттор жабырлануучунун психоэмоционалдык абалын, ошондой эле сурак берүү тартиби жөнүндө алардын пикирин эске алууга милдеттүү (залда айыпкердин катышуусу же жок болушу). Бала курактагы жабырлануучуларды суракка алууда мүмкүн болушунча алардын сот отурумунун залына катышуусун минималдаштыруу же четтетүү үчүн заманбап технологияларды колдонуу, ал эми алар суракка алынган учурда - аны педагогдордун жана психологдордун, ошондой эле баланын мыйзамдуу өкүлдөрүнүн милдеттүү түрдө катышуусу менен ишке ашыруу.

Күнөөлүү адамдардын кайрадан зомбулук жасоо мүмкүнчүлүгүн болтурбоо үчүн жабырлануучулардын тараптардын жарашууга макулдугун, айыптоону колдоодон баш тартуунун ыктыярдуулугун кылдат текшерүү.

**31.** Жыныстык эркиндигине жана жыныстык кол тийбестигине каршы кылмыштарды жасоого күнөөлүү адамдарга жаза дайындоодо соттор КР КЖКнын 72-81-беренелеринин жазаны жекелештирүү боюнча талаптарын кыйшаюусуз кармануууга тийиш, атап айтканда: жасалган кылмыштын оордугун, жазаны жеңилдетүүчү же оордотуучу жагдайларды эске алуу. Жасалган кылмыштын оордугун аныктоодо соттор анын жасалган этабын, эпизоддордун санын, болгон кесепеттердин оордугун жана ушул сыяктууларды эске алышы керек.

**32.** Өзгөчө жаза чарасы – өмүр бою эркиндигинен ажыратуу – аларды дайындоо зарылдыгы жоопкерчиликти оордотуучу өзгөчө кырдаалдар менен шартталганда жана муну менен катар күнөөлүүнү коом үчүн өзгөчө коркунуч туудурган адам катары мүнөздөгөн маалыматтар менен шартталганда гана оордотуучу жагдайларда зордуктоо жана сексуалдык мүнөздөгү зомбулук аракеттерди жасагандыгы үчүн колдонулушу мүмкүн экендигине соттордун көңүлү бурулсун.

Мында сот КР КЖКда каралган жаза дайындоонун жалпы талаптарын эске алууга, күнөөлүүнүн инсандыгынын маалыматтарын жана мүнөздөмөсүн, анын психикалык абалы жөнүндө, кылмыштын коомдук коркунучунун мүнөзүн жана даражасын, жазаны жеңилдетүүчү жана оордотуучу жагдайларды иликтөөгө милдеттүү, бул сот жасаган жосундун жана күнөөлүүнүн инсандыгынын өзгөчө коомдук коркунучун кандай караганын аныктоого мүмкүндүк берет.

Өкүмдүн баяндоо-жүйөлөштүрүү бөлүгүндө сот өзгөчө жаза чарасын – өмүр бою эркиндигинен ажыратууну кабыл алуунун жүйөлөрүн КР КЖПКнын 353-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык келтирүүгө милдеттүү.

**33.** Мыйзам талаптарына ылайык сотторго түшүндүрүү:

- сексуалдык мүнөздөгү зордуктоо жана зомбулук аракеттерди жасаган, ошондой эле шантаж же болбосо жабырлануучу балага карата материалдык же башка көз карандылыгын пайдалануу жолу менен жыныстык катнашка, бачабаздыкка, лесбиянчылыкка же сексуалдык мүнөздөгү башка аракеттерди жасоого мажбурлаган адамга карата эскирүү мөөнөтү колдонулбайт;

- адам сексуалдык мүнөздөгү зордуктоо жана зомбулук аракеттерди жасаганда, ошондой эле жыныстык катнашка, бачабаздыкка, лесбиянчылыкка мажбурлоодо же балага карата шантаж же болбосо жабырлануучунун материалдык же башка көз карандылыгын пайдалануу жолу менен сексуалдык мүнөздөгү башка аракеттерди жасаганда жабырлануучу менен макулдашууга жетишкенде жазык жоопкерчилигинен бошотулушу мүмкүн эмес;

- пробациялык көзөмөл жыныстык эркиндигине жана жыныстык кол тийбестикке каршы кылмыштар үчүн соттолгондорго колдонулбайт;

- баланын жыныстык кол тийбестигине кол салгандыгы үчүн эркиндигинен ажыратууга соттолгондорго жазаны өтөөдөн шарттуу түрдө мөөнөтүнөн мурда бошотуу колдонулбайт;

- айыптоо өкүмүн аткаруунун эскириши баланын жыныстык эркиндигине жана жыныстык кол тийбестигине каршы кылмыш жасагандыгы үчүн соттолгон адамга карата колдонулбайт;

- мунапыс жөнүндө мыйзам зордуктоо, ошондой эле сексуалдык мүнөздөгү зомбулук аракеттер жана балага карата жасалган сексуалдык мүнөздөгү аракеттерге мажбурлоо үчүн соттолгондорго карата колдонулбайт.

**34.** Жабыр тарткан адамдарга моралдык зыяндын ордун толтуруу жөнүндө маселени чечүүдө соттор Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун Пленумунун 2004-жылдын 4-ноябрындагы №11 “Моралдык зыяндын ордун толтуруу жөнүндө мыйзамдарды колдонуунун соттук практикасынын айрым маселелери жөнүндө” токтомунда камтылган түшүндүрмөлөрдү жетекчиликке алуусу зарыл.

Моралдык зыян келтиргендиги үчүн акчалай компенсациянын өлчөмү сот тарабынан аныкталат. Териштирүүнүн жүрүшүндө сот жабыр тартуучунун адеп-ахлактык жана дене-бой жактан азап чегүүсүнүн мүнөзүн; моралдык зыян келтирилген факт жүзүндөгү жагдайларды; сексуалдык зомбулуктун курмандыгы үчүн кесепеттерди; жабырлануучунун жеке өзгөчөлүктөрүн ж. б. эске алууга тийиш.

Жабыр тарткан адамга материалдык зыяндын өлчөмү соттук териштирүүнүн жыйынтыгы менен аныкталат.

Эгерде моралдык же материалдык зыян бир нече адам тарабынан келтирилсе, компенсация үлүштүк же ортоктош тартипте өндүрүлөт.

**35.** Жыныстык кол тийбестикке же жыныстык эркиндикке каршы кылмыштар жөнүндө иштер боюнча өкүмдү, башка соттук чечимди түзүүдө соттор бул кылмыштарды жасоо ыкмаларын ашыкча деталдаштырууну болтурбоого, расмий документтерде алгылыксыз сөздөрдү колдонууга жол бербөөгө тийиш.

**36.** КР КЖКнин 154-156-беренелеринде каралган балдарга карата жасалган кылмыштардын коомдук кооптуулугунун жогорулашын эске алуу менен соттор мындай кылмыштарды жасоого өбөлгө болгон жагдайларды, жарандардын укуктары менен эркиндиктеринин бузулушун, ошондой эле сотко чейинки өндүрүштүн жүрүшүндө же ишти төмөн турган сотто кароодо мыйзамдын башка бузулушун аныктап, жеке аныктамаларды чыгаруу жолу менен чара көрүшү керек.

**Кыргыз Республикасынын**
**Жогорку сотунун төрагасынын м.а.** **Н. Мусаев**

**Пленумдун катчысы,**
**Кыргыз Республикасынын**
**Жогорку сотунун судьясы** **Т. Чаргынова**

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН ПЛЕНУМУНУН ТОКТОМУ

2024- жылдын 17-октябры Бишкек шаары

№ 27

### Соттор тарабынан айлана-чөйрөнү коргоого байланышкан жарандык иштерди кароодо мыйзамдарды колдонуунун айрым маселелери жөнүндө

Жаратылыш жана анын курамына кирген компоненттер Кыргыз Республикасынын кенчи болуп, анын туруктуу социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн негизги факторлоруна кирет.

Экологиялык коопсуздук, мамлекеттин коопсуздугунун ажырагыс бөлүгү катары, жаратылыш экосистемаларын сактоонун жана айлана-чөйрөгө тийешелүү сапаттарын коргоонун камсыз кылуунун негизи болуп саналат.

Айлана-чөйрөнү коргоо саясатын өнүктүрүүнүн комплекстүү негиздери адамдардын өнүгүүсүн туруктуу камсыз кылууга багытталган. Бул принцип Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 49-беренесинде бекитилген, ага ылайык ар бир адам өмүрү жана ден соолугу үчүн жагымдуу экологиялык чөйрөдө жашоого укуктуу. Адамдын ден соолугуна же мүлкүнө табигый ресурстарды иштетүүдөн улам зыян келтирилсе, ал зыяндын орду толтурулууга тийиш. Ошол эле учурда ар бир адам жаратылышка, өсүмдүктөр жана жаныбарлар дүйнөсүн коргоого жана кам көрүүгө милдеттүү.

Бул конституциялык жободо айлана-чөйрөнү коргоо жөнүндө мыйзамдарды натыйжалуу колдонуу жана жарандардын өмүрү менен ден соолугу үчүн жагымдуу чөйрөдө жашоо укуктарын ишке ашырууну камсыз кылуу ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын милдети экендиги каралган.

Соттор тарабынан бул категориядагы иштер боюнча мыйзамдардын туура жана бирдей колдонулушун камсыз кылуу максатында, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 98-беренесинин 2-бөлүгүнүн, «Кыргыз Республикасынын Жогорку соту жана жергиликтүү соттор жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Конституциялык Мыйзамынын 18-беренесинин талаптарын жетекчиликке алуу менен Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленуму токтом кылат:

**1.** Айлана-чөйрөнү коргоо жана жаратылыш ресурстарын пайдалануу жаатындагы мыйзамдарды бузууга байланыштуу жарандык иштерди кароодо соттор тиешелүү мыйзамдарды жана башка ченемдик укуктук актыларды, ошондой эле айлана-чөйрөнү коргоо жаатындагы эл аралык келишимдердин ченемдерин жетекчиликке алууга тийиш.

**2.** Соттор ушул категориядагы иштердин ведомстволук караштуулугун аныктоодо Кыргыз Республикасынын ЖПКсынын 25-беренесин, ошондой эле Кыргыз Республикасынын «Айлана-чөйрөнү коргоо жөнүндө» мыйзамынын 56-беренесин эске алуу менен айлана-чөйрөнү коргоо жаатындагы мамлекеттик администрациялардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, айлана-чөйрөнү коргоо боюнча мамлекеттик органдарынын компетенциясына кирбеген талаштар сот тарабынан чечилүүсү каралгандыгын эске алууга тийиш.

**3.** Соттор төмөндөгү:

- айлана- чөйрөгө келтирилген зыяндын ордун толтуруу жөнүндө;
- жер, токой, суу жана башка жаратылыш объектилеринин менчик ээлерине (пайдалануучуларына) келтирилген зыяндын (атап айтканда, бул жактарга тиешелүү эгиндердин, жаныбарлардын жана башкалардын өлүшүнө байланыштуу) ордун толтуруу жөнүндө;
- жеке адамдын ден соолугуна келтирилген зыяндын ордун толтуруу жөнүндө;

- жеке жана юридикалык жактардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, жергиликтүү жамааттардын жана мамлекеттин мүлкүнө келтирилген зыяндын ордун толтуруу жөнүндө;

- айлана-чөйрөнүн бузулушун калыбына келтирүү милдеттерин жоопкерге жүктөө жөнүндө;

- айлана-чөйрөгө зыян келтирүүчү ишти токтотуп туруу же толук токтотуу жөнүндө;

- айлана-чөйрөгө келечекте зыян келтирүү коркунучун туудурган ишке тыюу салуу жөнүндө;

- айлана-чөйрөнү булгоо (таштандыларды чыгаруу, таштоо жана жайгаштыруу) үчүн ченемдик төлөмдөрдү алуу жөнүндө жана башка талаш-тартыштарды кароого укуктуу.

**4.** Келтирилген зыяндын ордун толтуруу боюнча айлана-чөйрөнү коргоо органдары берген доо арыздарды кабыл алууда, бул категориядагы иштер боюнча талаштарды алдын ала сотко чейин чечүүнүн тартиби мыйзамда каралбагандыгын соттор эске алуусу керек.

**5.** Бул категориядагы иштер боюнча доо арыздар жеке жак болгон жоопкердин жашаган жери боюнча же юридикалык жактын жайгашкан жери боюнча сотко берилет. Ошондой эле юридикалык жакка доо арыздар анын мүлкү жайгашкан жерде берилиши мүмкүн.

КР ЖПКнын 31-беренесинин 4-бөлүгүнө ылайык, майып болуудан же ден соолугуна башка зыян кылуудан, ошондой эле баккан адамынын өлүмүнөн улам келтирилген зыяндын ордун толтуруу жөнүндөгү доо доогер тарабынан анын жашаган жери боюнча же зыян келтирилген жер боюнча да коюлушу мүмкүн.

**6.** Кыргыз Республикасынын "Салыктык эмес кирешелер жөнүндө" Кодексинин 141-беренесинин 1-бөлүгүнүн 19-пунктунун талаптарына (КР Мыйзамы "Айлана-чөйрөнү коргоо жөнүндө") ылайык, айлана-чөйрөнү булгоо жана жаратылыш ресурстарын сарамжалсыз пайдалануу, аңчылык, балык уулоо жана балык запастарын коргоо эрежелерин бузуу, мамлекетке келтирилген зыяндын ордун толтуруу үчүн акча каражаттарын мамлекет эсебине өндүрүү жөнүндө доо арыздар боюнча жаратылышты коргоо органдары - мамлекеттик алымдардан бошотулаарын соттор эске алышы зарыл.

Кыргыз Республикасынын "Салыктык эмес кирешелер жөнүндө" Кодексинин 141-беренесинин 1-бөлүгүнүн 4-пунктунун талаптарына ылайык, майып болуу же ден соолугуна башка жаракат алуу менен келтирилген зыяндын ордун толтуруу жөнүндө, ошондой эле багуучунун өлүмүнө байланыштуу доолор боюнча жеке жактардын кызыкчылыгын көздөп берген доо арыздар боюнча мыйзамдуу өкүлдөрүнүн кесиптик бирлик органдары жана коомдук бирикмелер, жеке адамдар мамлекеттик алымдан бошотулат.

**7.** Иштерди өндүрүшкө кабыл алууда жана аларды даярдоодо соттор Кыргыз Республикасынын ЖПКсынын жана Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленумунун "Жарандык иштерди соттук териштирүүгө даярдоо жөнүндө" 2018-жылдын 30-мартындагы № 8-токтомунун талаптарын жетекчиликке алууга тийиш.

**8.** Бул категориядагы иштер боюнча төмөнкүлөр жарандык сот өндүрүшүнүн тараптары болуп: Кыргыз Республикасы, мамлекеттик органдардын же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ыйгарым укуктуу өкүлдөрү аркылуу сотко катышуучу жергиликтүү жамааттар, жарандар, мамлекеттик органдар анын ичинде мыйзамдуу өкүлдөрүнүн кесиптик бирлик органдары жана коомдук бирикмелер/мекемелер, ошондой эле юридикалык жактар (Кыргыз Республикасынын ЖПКсынын 40-беренеси, Кыргыз Республикасынын "Айлана-чөйрөнү коргоо жөнүндө" мыйзамы) саналат.

Кыргыз Республикасынын ЖПКсынын 40-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык, башка мыйзамдарда каралган учурларда юридикалык жак болуп саналбаган уюмдар (дыйкан чарбалары, фермердик чарбалар) да тарап боло алышат.

**9.** Орхус Конвенциясынын 9-беренесине ылайык башка жактардай эле коомдук бирикмелер дагы калктын экологиялык укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоого, жаратылышты коргоо мыйзамдарын бузуудан улам жарандардын ден соолугуна жана мүлкүнө

келтирилген зыяндын ордун толтуруу үчүн сотко доо арыз берүүгө укуктуу экендигин эске алуу зарыл.

Коомдук бирикмелердин айлана-чөйрөнү коргоо жаатындагы ишмердиги алардын уставдарына жана колдонуудагы мыйзамдарга ылайык жүзөгө ашырылат. Кыргыз Республикасынын «Айлана- чөйрөнү коргоо жөнүндө» мыйзамынын 1-бөлүгүнүн 11-пунктуна жана 45-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык, жаратылышты коргоо функцияларын жүзөгө ашыруучу коомдук бирикменин жаратылышты коргоо мыйзамдарын бузуудан жарандардын ден соолугуна жана мүлкүнө келтирилген зыяндын ордун толтуруу жөнүндө сотко доо арыз берүү укугу анын уставында каралууга тийиш.

Кыргыз Республикасынын «Айлана-чөйрөнү коргоо жөнүндө» мыйзамынын 54-беренесине ылайык, жарандын ден соолугуна экологиялык мыйзамдарды бузуудан келтирилген зыяндын ордун толтурууга байланышкан иштерди кароодо ал жаран мүчөсү болгон кесиптик бирлик доогер катары чыгууга укуктуу.

Кыргыз Республикасынын ЖПКсынын 5, 48 жана 49-беренелерине ылайык, мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, башка органдар, прокурорлор, жарандар жана юридикалык жактар башка жактардын же жактардын аныкталбаган чөйрөсүнүн өтүнүчү боюнча алардын укуктарын, эркиндиктери жана мыйзам тарабынан корголуучу таламдарын коргоо үчүн же мамлекеттик же коомдук таламдарды коргоо үчүн сотко доо-арыз менен кайрыла алышат.

«Жактардын аныкталбаган чөйрөсү» - бул жекече аныктоого жана процесске доогер катары тартууга мүмкүн болбогон жактардын чоң тобу. Ошону менен бирге, соттор доогерлердин курамы сан жагынан туруксуз болгондуктан ишти кароодо алардын ар биринин укуктары жана милдеттери жөнүндөгү маселени чечүү мүмкүн эмес экендигин эске алууга тийиш.

Жактардын аныкталбаган чөйрөсүнүн кызыкчылыгын жактаган жак доогер, ал эми жоопкер катары жекече аныкталган укук субъектиси катары катыша алышат.

**10.** Кыргыз Республикасынын «Айлана-чөйрөнү коргоо жөнүндө» мыйзамынын 54-беренесине ылайык, жаратылышты коргоо мыйзамдарын бузуунун натыйжасында жарандардын ден соолугуна келтирилген зыяндын ордун толтуруу жөнүндө доо арыздар жабырлануучу, жабырлануучунун жакын туугандары, мыйзамдуу өкүлү, кесиптик бирдик же прокурор тарабынан коюлат.

Мындай учурларда жабырлануучунун жакын туугандарынын доо коюуга жана доо арызына кол коюуга тийиштүү түрдө жол-жоболоштурулган ыйгарым укуктары болгондо гана алар доо коюуга укуктуу экендигин соттор эске алууга тийиш (Кыргыз Республикасынын ЖПКсынын 62, 63- беренелери).

**11.** Кыргыз Республикасынын «Айлана-чөйрөнү коргоо жөнүндө» Мыйзамынын 54-беренесине ылайык жарандардын ден соолугуна келтирилген зыян үчүн акчалай сумма зыян келтирген адамдан же зыян келтирген ишкана, мекеме, уюмдан, ал эми аларды аныктоо мүмкүн болбосо - тиешелүү бюджеттердин каражаттарынын эсебинен (Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун Пленумунун 2006-жылдын 30-ноябрындагы № 14 "Өмүрүнө жана ден соолугуна келтирилген зыяндын ордун толтуруу жөнүндө мыйзамдарды колдонуунун соттук практикасынын айрым маселелери жөнүндө") өндүрүлөт.

**12.** Кыргыз Республикасынын ЖПКсынын 7-главасына ылайык, судья ишти кароодо ишке катышуучу жактардын курамы жөнүндө маселени иштин конкреттүү жагдайларын эске алуу менен доо арызга кол койгон адамдын ыйгарым укуктарын, анын ыйгарым укуктарынын көлөмүн текшерет.

**13.** Кыргыз Республикасынын ЖКсынын 212-беренесине ылайык жаратылышты коргоо мыйзамдарын бузуудан келип чыккан талаш-тартыштар боюнча доонун эскиришинин мөөнөтү үч жыл экенин соттор эске алуусу керек. Доонун эскиришинин мөөнөтү адам өз

укугу бузулгандыгы жөнүндө билген же билүүгө тийиш болгон күндөн тартып башталат.

Кыргыз Республикасынын ЖКсынын 221-беренесине ылайык, жарандын өмүрүнө жана ден соолугуна келтирилген зыяндын ордун толтуруу жөнүндө талаптарга доонун эскиришинин мөөнөтү колдонулбайт. Ага карабай, мындай зыяндын ордун толтуруу укугу пайда болгон учурдан үч жыл өткөндөн кийин коюлган доолор сот тарабынан доо коюлганга чейинки үч жылдан ашпаган убакытка канааттандырылат.

Өмүргө жана ден соолукка келтирилген зыяндын ордун толтурууга байланышкан доолорду чечүүдө соттор ушул токтомдун жоболорун жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун Пленумунун 2006-жылдын 30-ноябрындагы № 14 "Өмүргө жана ден-соолукка келтирилген зыяндын ордун толтуруу жөнүндөгү мыйзамдарды колдонуу боюнча соттук тажрыйбанын кээ бир маселелери" токтомунун жоболорун жетекчиликке алууга тийиш.

**14.** Соттор айлана-чөйрөгө, жарандардын, юридикалык жактардын жана мамлекеттин ден соолугуна жана мүлкүнө айлана-чөйрөнү булгоо, зыян келтирүү, жок кылуу, жаратылыш ресурстарын сарамжалсыз пайдалануу, табигый экологиялык тутумдарды бузуу жана башка экологиялык укук бузуулар аркылуу келтирилген зыяндын орду толтурулушу керектигин эске алууга тийиш.

Зыяндын ордун толтуруу үчүн негиз болуп мыйзамга ылайык аныкталган күнөөнүн болушу саналат. Мисалы: жарандык иштин алкагында изилденип ырасталынган далилдердин тиешелүүлүгү, далилдердин жол берилүүчүлүгүн (КР ЖПКнын 68-69-бер.) эске алуу менен соттун өкүмү, тергөөчүнүн токтому, экспертизанын корутундусу жана башка далилдер.

Ошол эле убакта, Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 71-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык, айыпталуучунун жазык жоопкерчилигине тартылганына, жазык жоопкерчилигинен же ушул Кодексте каралган негиздер боюнча жазадан бошотулганына карабай, материалдык зыяндын ордун толтуруу жана моралдык залалды компенсациялоо сот тарабынан колдонулаарын эске алуу зарыл.

**15.** Жоопкерде айлана-чөйрөгө зыян келтирүү коркунучун жараткан иш- аракетти жүргүзүүсүнө уруксат берген өнөр жай, экологиялык коопсуздук жана жер казынасын коргоо жаатындагы мамлекеттик экспертизанын оң корутундусу сыяктуу документациянын болушу, доо арызды канааттандыруусуз калтырууга негиз болуп саналбайт.

Мындай учурда уруксат берүүчү документтерди берген орган ишке жоопкердин кошо катышуучулары катары катышат.

**16.** Кыргыз Республикасынын ЖКсынын 993-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык, эгерде зыян келтирген жак анын күнөөсү боюнча зыян келтирилбегенин далилдесе ал зыяндын ордун толтуруудан бошотулат.

(Мисалы, эгерде зыян аргасыз зарылдык абалында, жеңе алгыс күчтүн жагдайынан улам келип чыкса)

**17.** Зыян келтирген жактын күнөөсү жок болгон учурда да зыяндын ордун толтуруу мыйзамда каралышы мүмкүн экенин эске алуу керек.

Айлана-чөйрөгө коркунуч туудурган ишмердиктен келтирилген зыян үчүн жоопкерчиликти дайындоодо соттор Кыргыз Республикасынын ЖКсынын 1007-беренесинин 1-пунктунун мааниси боюнча, юридикалык жактар жана граждандар, эгерде зыян келтирүү жеңе алгыс күчтүн же жабыр тартуучунун кыңыр оюнун кесепетинен келип чыккандыгы далилденбесе, өтө коркунучтун булагы болуп саналгандар зыяндын ордун толтурууга милдеттүү экендигин эске алуусу керек.

**18.** Соттор зыяндын өлчөмүн эсептөөдө бекитилген ченемдер жана усулдар боюнча жүргүзүлөөрүн эске алууга тийиш.

Жеке же юридикалык жактар тарабынан келтирилген зыяндын ордун толтуруунун өлчөмүн аныктоо үчүн айлана-чөйрөгө, жаратылыштын айрым компоненттерине келтирилген

зыяндын өлчөмүн эсептөөнүн белгиленген тартипте бекитилген ставкалары жана ыкмалары соттор тарабынан колдонулууга тийиш. (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 3-майындагы № 224 «Юридикалык жана жеке жактар тарабынан өсүмдүктөр жана жаныбарлар дүйнөсүнүн объектилерине, мумияларды камтыган минералдык чийки заттарга жана козу карындарга келтирилген зыян үчүн айыптык төлөмдөрдүн өлчөмүн эсептөө үчүн ченемдерди (таксаларды) бекитүү жөнүндө» токтому.

Мисалга:

- юридикалык жана жеке жактардын өсүмдүктөр дүйнөсүнүн кайталангыс объекттерине (сейрек эндемикаларга жана корголуучу түрлөрүнө) зыян келтиргени үчүн айыптын өлчөмүн эсептөөнүн таксасы;

- юридикалык жана жеке жактардын дарактарды жана бадалдарды мыйзамсыз кыюу жана бузуу, шамалдан жыгылган жана бороон кулаткан жыгачтарды уруксатсыз алуу (уурдоо) менен келтирген зыяны үчүн айыптын өлчөмүн эсептөөнүн таксасы;

- юридикалык жана жеке жактардын өсүмдүктөр дүйнөсүнүн объекттерине жана мумие камтыган минералдык сырьего келтирген зыяны үчүн айыптын өлчөмүн эсептөөнүн таксасы;

- республиканын аймагында жыйноого уруксат берилген дары жана техникалык өсүмдүктөрдүн тизмеси жана аларды юридикалык жана жеке жактардын камдоосуна лимиттер;

- Кыргыз Республикасынын аймагында юридикалык жана жеке жактардын жаныбарлар дүйнөсүнүн объекттерине келтирген зыяны үчүн айыптын өлчөмүн эсептөөнүн таксалары;

- Кыргыз Республикасынын аймагында юридикалык жана жеке жактардын балык запастарына жана суудагы биологиялык ресурстарга келтирген зыяны үчүн айыпты эсептөөнүн таксасы;

- мамлекеттик токой фондунун жерлеринде юридикалык жана жеке жактардын уруксатсыз чөп чабуу, мал жаюу, бал челектерди жайгаштыруу менен келтирген зыяны үчүн айыпты эсептөөнүн таксасы;

**19.** Зыянды эсептөө үчүн ченемдер жана усулдар жок болгон учурда, жаратылышты коргоо мыйзамдарын бузуудан келтирилген зыяндын ордун толтуруу айлана- чөйрөнүн бузулган абалын калыбына келтирүү боюнча иш жүзүндө кеткен чыгымдарды, анын ичинде алынбай калган кирешени эске алуу менен эсептелет.

Зарыл болгон учурда сот келтирилген зыяндын өлчөмүн аныктоо үчүн экспертиза дайындоого укуктуу.

**20.** Алынбай калган кирешенин ордун толтуруу жөнүндө доо арыз берилген учурда, өндүрүлө турган сумма айлана-чөйрөнү коргоо жана жаратылыш ресурстарын пайдалануу жаатындагы мыйзамдарды бузуу болбогондо доогер алышы мүмкүн болгон, анын ичинде рекультивация жана башка калыбына келтирүү иштеринин долбоорлоруна ылайык, пайданы ырастоочу эсептөөлөрдүн жана далилдердин негизинде аныкталат.

**21.** Жарандын керт башына же мүлкүнө келтирилген зыяндын орду, ошондой эле юридикалык жакка келтирилген зыяндын орду ал зыянды келтирген жак тарабынан толук көлөмүндө толтурулууга тийиш. Мыйзам менен зыяндын ордун толтуруу милдети ал зыянды келтирүүчү болуп саналбаган жакка да жүктөлүшү мүмкүн. Мыйзам же келишим менен зыян келтирүүчүгө жабыр тарткан жакка келтирилген зыяндан ашык компенсация төлөп берүү милдеттенмеси жүктөлүшү мүмкүн (Кыргыз Республикасынын ЖКсынын 993-беренесинин 1-пункту).

**22.** Кыргыз Республикасынын «Айлана- чөйрөнү коргоо жөнүндө» мыйзамынын 54-беренесине ылайык, айлана-чөйрөгө келтирилген зыяндын суммасы, кимге зыян келтиргенине жараша, республикалык жана (же) жергиликтүү бюджетке өндүрүлөт. Мындай учурда мамлекеттик каржыны башкаруу боюнча ыйгарым укуктуу органды ишке катыштыруу зарыл эмес.

**23.** Кыргыз Республикасынын ЖКсынын 1008- беренесине ылайык айлана-чөйрөгө бир нече жак биргелешип зыян келтирсе, алар жоопкерчиликке чогуу тартыла турганына соттор көңүл бурушу керек.

Кыргыз Республикасынын ЖКсынын 1008-беренесинин 2-абзацына ылайык доогердин арызы боюнча, сот күнөөлүүлөргө үлүштүк жоопкерчиликти жүктөөгө укуктуу (эгерде мындай өндүрүп алуу айлана-чөйрөнүн кызыкчылыктарына жооп берсе, келтирилген зыяндын ордун натыйжалуу жана толук толтурууну камсыз кылса).

**24.** Кыргыз Республикасынын «Айлана-чөйрөнү коргоо жөнүндө» мыйзамынын 54- беренесине ылайык, объектилерди менчиктештирүү процессинде 1992-жылга чейинки калдыктык булгоо же айлана-чөйрөгө келтирилген өткөндөгү зыян үчүн мамлекет жоопкерчилик тартат. Калган учурларда көрсөтүлгөн жоопкерчиликти белгиленген тартипте булгоочу-объектинин ээлери болгон юридикалык же жеке жактар тартат.

Бирок доонун эскирүү мөөнөтүн эсептөөдө соттор Кыргыз Республикасынын ЖКсынын 212, 215 жана 216- беренелеринин талаптарын эске алышы керек.

**25.** Айлана-чөйрөгө зыян келтирүүчү ишмердикти токтотсо же токтотуп туруу маселелерин соттор өндүрүшкө кабыл алынган доону камсыз кылуу чарасы катары да, Кыргыз Республикасынын ЖКсынын 994-беренесинин негизинде коюлган өз алдынча доо катары да карашы ыктымал.

Ошону менен бирге, эгерде айлана- чөйрөгө зыян келтирүүчүнүн ишин токтотсо же токтотуп туруу жөнүндө доо коюлса, анда зыян келтирүүчүнүн ишин токтотуп туруу талабы доону камсыз кылуу чарасы боло албастыгын соттор эске алуусу зарыл.

**26.** Кыргыз Республикасынын ЖКсынын 994-беренесинын 2-бөлүгүнө ылайык, эгерде зыян келтирген ишкана, түзүм же башка өндүрүштүк мекеме дагы эле зыян келтирүүнү улантып жатса же жаңы зыян келтирүү коркунучун туудуруп жатса, сот доогердин талабы боюнча жоопкерди зыяндын ордун толтуруудан тышкары, зыян келтирип жаткан ишин токтотуп турууга же толук токтотууга милдеттендирүүгө укуктуу.

Эгерде сот ишкананы токтотуп туруу жөнүндө чечимди кабыл алса, ал чечимде ишти кайра баштоо үчүн зарыл болгон шарттар көрсөтүлүшү зарыл (кошумча конструкцияларды орнотуу, жүргүзүлгөн экспертизанын оң корутундусу болсо ж.б.).

Соттук чечиминде мыйзам бузууларды четтетүүнүн мөөнөтү белгилениши керек.

**27.** Эгерде сот айлана-чөйрөгө зыян келтирүүчү факторлорду четтетүү мүмкүн эмес деп аныктаса, анда сот, тиешелүү доолор болгондо, зыян келтирүүчү ишкананы толук токтотуу жөнүндө чечим чыгарууга укуктуу.

Кыргыз Республикасынын ЖКсынын 994-беренесинин 2-бөлүгүнүн экинчи абзацына ылайык, ишкердикти токтото туруу же токтотуу жөнүндө доону кароодо соттор коомдук кызыкчылыктарды, б.а. айлана-чөйрөнү булгоонун кесепети жана ал ишкананы адамдардын нормалдуу жашоосу үчүн маанилүүлүгүн эске алышы абзел.

**28.** Кыргыз Республикасынын ЖКсынын 994-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык, эгерде кандайдыр ишмердик келечекте зыян келтирүү коркунучун жаратса, андай коркунуч ал ишмердикке тыюу салуу үчүн негиз боло алат. Мындай коркунучтун реалдуулугун доогер далилдеши керек. Жоопкердин уруксат кагаздарынын болушу доону канааттандыруусуз калтырууга негиз болуп саналбайт.

**29.** Кызматкердин күнөөсү болгондо гана анын функционалдык милдеттерин аткарбагандыгынын натыйжасында айлана-чөйрөнү коргоо объектилерине келтирилген зыяндын ордун толтуруу толугу менен ал кызматкерге жүктөлөт. Эгерде зыян кызматкердин күнөөсү боюнча келтирилбесе, ал материалдык жоопкерчилик тартпайт. (КР ЖКнын 993-бер. жана КР Эмгек кодексинин 280-бер.)

Кызматкер келтирген зыяндын ордун толтуруу жөнүндө башка адамдар тарабынан талаптар коюлган учурда кызматкердин иш берүүчүсү тийиштүү жоопкер болуп саналат, ал кызматкерге регресстик доо менен кайрылууга укуктуу.

**30**. Изилдөө объектилери болуп ишкананын таасири тийген жерлерден алынган

атмосфералык абанын, суунун, жер кыртышынын үлгүлөрү, өсүмдүктөр жана жаныбарлар дүйнөсүнүн, анын ичинде микродеңгээлдеги, зыяндуу таасирлерге дуушар болгон үлгүлөрү, техникалык документтер, технологиялык регламенттери болуп саналат.
Атайын билимди талап кылган маселелер келип чыкса, соттор ишке адистерди (экологдорду, геологдорду, санитардык врачтарды, зоологдорду, ихтиологдорду, топурак таануучуларды, дендрологдорду, аңчыларды, токойчуларды ж.б.) тартып, тиешелүү комплекстик, комиссиялык экспертизаларды дайындай алат.

Экспертиза өткөрүү үчүн төмөнкү суроолор коюлушу мүмкүн:

- зыяндын булагы, анын пайда болуу механизми, анын келечекте мүмкүн болуучу кесепеттери, зарыл болгон рекультивациялоо-калыбына келтирүү иштеринин көлөмү, ал иштерди жүзөгө ашыруунун мүмкүнчүлүгүн жана мөөнөттөрүн аныктоо жөнүндө;
- адамдын иш-аракетинин терс таасиринин булагынын түрүн жана жайгашкан жерин аныктоо жөнүндө;
- убакыт жана мейкиндикте айлана-чөйрөгө терс антропогендик таасирдин мүнөздөмөлөрү боюнча;
- терс антропогендик таасирдин механизмин аныктоо жөнүндө;
- терс антропогендик таасирди масштабын, ошондой эле аны күчөтүүгө көмөктөшүүчү шарттарды жана жагдайларды аныктоо жөнүндө.

Соттук экологиялык экспертизанын чечимине төмөнкүдөй суроолор да коюлушу мүмкүн:

- белгилүү бир аймактын бөлүгү терс антропогендик таасирдин пайда болуучу жери (потенциалдуу кооптуу объект) болуп саналабы?
- терс антропогендик таасирдин канча булагы болгон (мисалы, окуя болгон жерде бир нече потенциалдуу кооптуу объектилер болгон учурда), алардын өз ара байланышы жана айлана-чөйрөгө терс таасиринин ырааттуулугу кандай?
- адамдын ден соолугуна зыяндуу жана (же) айлана-чөйрөнү булгоочу заттардын таралышынын себептери, жолдору жана деңгээли кандай? Терс антропогендик таасирдин (мисалы, атмосферага түтүндүн жана чаңдын интенсивдүү чыгышы) натыйжасында белгиленген кубулуштарды эмне менен түшүндүрсө болот? Терс антропогендик таасирдин пайда болушунун тикелей техникалык себеби эмнеде?
- терс антропогендик таасирдин масштабынын өсүшүнө кандай шарттар себеп болду?
- айлана- чөйрөгө терс антропогендик таасирдин кесепеттери кандай мезгил аралыгында байкалат?
- экспертизага берилген объектилерде авариялык процесстердин белгилери барбы? Алардын пайда болушунун себептери кандай?
- бул потенциалдуу кооптуу объектиде авариялык кырдаалдардын пайда болуу жана күчөө механизми кандай?
- саркындыларды тазалоочу жана башка жаратылышты коргоо курулуштарды куруу экологиялык талаптарга, анын ичинде мамлекеттик экологиялык экспертизанын корутундусунда көрсөтүлгөн талаптарга жооп береби?
- экспертизага берилген объектилерде айлана- чөйрөнүн экологиялык абалына терс таасир тийгизүүчү булгоочу жана башка заттардын издери барбы, бар болсо, кайсынысында?
- айланадагы (анын ичинде фотосүрөттөргө, видеоматериалдарга жазылган) объектилерде булгоочу заттардын жана айлана- чөйрөнүн экологиялык абалына терс таасирин тийгизүүчү башка заттардын издери барбы?
- заттар жана материалдар (кайсылары экенин көрсөтүңүз) айлана- чөйрө үчүн потенциалдуу коркунучтуубу? Бул заттар белгилүү шарттарда (кандай шарттарда экенин көрсөтүңүз) өзүнөн- өзү таралышы мүмкүнбү;
- бул объектиде терс антропогендик таасирлердин пайда болушу менен себеп-натыйжа байланышында болгон же булгоочу заттардын жана башка объектилердин айлана-чөйрөнүн абалына терс таасирин тийгизүүчү заттардын тез таралышына өбөлгө түзүүчү экологиялык талаптарга ылайык келбегендиктер барбы? Бар болсо, анда кандайча?

- потенциалдуу кооптуу объект (терс антропогендик таасир этүүнүн субъекти) эскертүүчү жана эвакуациялоону башкаруу системалары, ошондой эле айлана- чөйрөгө таасир этүүчү авариялардан коргоо системалары менен жабдылышы керек беле?

- ал айлана- чөйрөгө таасир этүүчү авариялардан коргоочу автоматтык системалар терс антропогендик таасир башталганда, өз милдеттерин аткардыбы?

**31.** Айлана-чөйрөнү булгоо үчүн төлөмдү өндүрүү жөнүндө доолорду кароодо соттор өндүрүп алынуучу төлөмдүн өлчөмүн аныктоо айлана-чөйрөгө тийген таасирдин түрүнө, калдыктардын түрүнө (номенклатурасына) жана кооптуулук классына жараша болоорун эске алууга тийиш.

Айлана-чөйрөгө тийген таасирдин түрүн аныктоодо соттор Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 13-февралындагы № 60-токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасында айлана-чөйрөгө таасир тийгизүүгө баа берүүнү жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө жобону, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 19-сентябрындагы № 559-токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасында Айлана-чөйрөнү булгагандык үчүн төлөмдү аныктоо методикасын, ал эми калдыктардын түрүнө (номенклатурасына) жана кооптуулук классын аныктоодо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 15-февралындагы № 9- “Кооптуу калдыктардын классификаторун жана калдыктардын кооптуулук классын аныктоо боюнча методикалык сунуштарды бекитүү жөнүндө” токтому менен бекитилген Кооптуу калдыктардын классификаторун жана Калдыктардын кооптуулук классын аныктоо боюнча методикалык сунуштарды, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 13-февралындагы №102-токтому менен бекитилген Булгоочу заттарды суу объектилерине чыгаруунун жол берилген чектеринин ченемдерин белгилөө боюнча методикасын жетекчиликке алуусу зарыл.

Мисалы, калдыктардын айлана-чөйрөгө, адамдын өмүрүнө жана ден соолугуна тийгизген терс таасиринин даражасын чагылдырган калдыктардын кооптуулук классын аныктоо боюнча талаштуу учурларда, тийиштүү түрдө аккредитацияланган лабораториянын (мисалы, Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигине караштуу Айлана- чөйрөгө мониторинг жасоо департаментинин МИ “Борбордук лабораториясынын” жана белгиленген тартипте аккредитацияланган башка лабораториялардын) корутундусу талап кылынат. (Уруксат берүү учурундагы жана талаштуу иш пайда болгон учурдагы лабораториялык маалыматтар айырмаланышы мүмкүн) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010- жылдын 15-январындагы № 9 “Кооптуу калдыктардын классификаторун жана калдыктардын кооптуулук классын аныктоо боюнча методикалык сунуштарды бекитүү жөнүндө” токтому.

**32.** Ушул категориядагы жарандык иштерди кароодо соттор Кыргыз Республикасынын жогорку сотунун Пленумунун мурда (расмий тилинде) кабыл алынган: Кыргыз ССРнин Жогорку сотунун 1983-жылдын 20-августундагы №3 «О практике рассмотрения судами гражданских дел, связанных с нарушением законодательства об охране природы и выполнении постановления Пленума Верховного суда СССР по этому вопросу» жана «О судебной практике по гражданским делам, связанным с нарушением законодательства об охране природы» от 25 декабря 1992 года №7-токтому Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленумунун 2022-жылдын 4-ноябрындагы № 25-токтому менен күчүн жоготту деп таанылгандыгын эске алуусу абзел.

**Кыргыз Республикасынын**
**Жогорку сотунун төрагасынын м.а. — Н. Мусаев**

**Пленумдун катчысы,**
**Кыргыз Республикасынын**
**Жогорку сотунун судьясы — Т. Чаргынова**

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН ПЛЕНУМУНУН ТОКТОМУ

2024-жылдын 17-октябры Бишкек шаары

№28

**Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленумунун 2018-жылдын 28-февралындагы №4 “Соттук чечим жөнүндө” токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө**

Соттун чечимин кабыл алуу, чыгаруу жана түшүндүрүү тартибин жөнгө салуучу процесстик мыйзамдарды соттор тарабынан туура, бир түрдүү чечмелөө жана колдонуу максатында, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 98-беренесинин 3-бөлүгүн, «Кыргыз Республикасынын Жогорку соту жана жергиликтүү соттор жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 16, 18-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленуму

**токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленумунун 2018-жылдын 28-февралындагы №4 “Соттук чечим жөнүндө” токтомуна төмөнкү өзгөртүүлөр киргизилсин:

13-пункттун экинчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“Сот чечимдин мазмунун, аны даттануунун тартибин жана мөөнөтүн түшүндүрүп берет. Чечимдин толук текстин түзүүдө жана аны жарыялагандан кийин түздөн-түз тараптарга тапшырууда соттун чечимин оозеки түшүндүрүү талап кылынбайт.

Соттун чечиминин резолюциялык бөлүгүн жарыялоодо, ал түшүнүксүз болгон учурда сот соттун чечиминин резолюциялык бөлүгүнүн мазмунун түшүндүрөт, атап айтканда: доонун кайсы бөлүгү канааттандырылган, ал эми кайсы бөлүгүнөн баш тартылган, кимге кандай мүлк ыйгарылган, милдеттүү жак кандай аракеттерди жасоого тийиш, тараптардын ортосунда мамлекеттик алымды бөлүштүрүү эрежелери, жарыяланган резолюциялык бөлүктүн алкагында чечимге (аракеттердин ырааттуулугу) жана башка маселелерге карата тарап кандай тартипте даттануу келтире алат.

Сот чечимдин резолюциялык бөлүгүн чыгарууда соттун чечиминин акыркы формасы менен таанышуунун мөөнөтүн белгилөөгө милдеттүү.”.

2. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Регламентинде аныкталгандай кабыл алынган учурдан тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Жогорку сотунун төрагасынын м.а. Н. Мусаев**

**Пленумдун катчысы,**
**Кыргыз Республикасынын**
**Жогорку сотунун судьясы Т. Чаргынова**

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН ПЛЕНУМУНУН ТОКТОМУ

2024-жылдын 17-октябры Бишкек шаары

**№29**

**Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленумунун 2019-жылдын 24-майындагы №13 “Соттук өкүм жөнүндө” токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө**

Өкүмдү чыгарууда жана аны жарыялоодо инсандын укуктарын сактоо максатында Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 98-беренесинин 3-бөлүгүн, “Кыргыз Республикасынын Жогорку соту жана жергиликтүү соттор жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 16, 18-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленуму

**токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленумунун 2019-жылдын 24-майындагы №13 “Соттук өкүм жөнүндө” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

31-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“КР КЖПКнын 351, 358-беренелерине ылайык өкүм толугу менен түзүлүп, жарыяланышы керек.

Өзгөчө учурларда өзгөчө татаал иштер боюнча өкүмдүн кириш жана корутунду бөлүктөрү жарыяланышы мүмкүн. Мындай учурда өкүмдүн толук тексти жарыяланган учурдан баштап 3 күндөн кечиктирбестен даярдалууга тийиш.

Өкүм жарыялагандан кийин төрагалык кылуучу судья айыпталуучуга жана процесстин башка катышуучуларына өкүмдүн мазмунун, ага даттануу тартибин жана мөөнөттөрүн түшүндүрөт. Эгерде айыпталуучу өмүр бою эркиндигинен ажыратууга соттолсо, ага ырайым кылуу жөнүндө өтүнүч берүү укугу түшүндүрүлөт”.

2. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Регламентинде аныкталгандай кабыл алынган учурдан тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Жогорку сотунун төрагасынын м.а. Н. Мусаев**

**Пленумдун катчысы,**
**Кыргыз Республикасынын**
**Жогорку сотунун судьясы Т. Чаргынова**

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН ПЛЕНУМУНУН ТОКТОМУ

2024-жылдын 17-октябры Бишкек шаары

**№ 31**

**Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленумунун 2022-жылдын 25-февралындагы "Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун алдындагы Илимий-консультациялык кеңештин курамын бекитүү жөнүндө" №8-токтомуна өзгөртүү киргизүү жөнүндө**

"Кыргыз Республикасынын Жогорку соту жана жергиликтүү соттор жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 18-беренесинин 4-пунктун жана Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун алдындагы Илимий-консультациялык кеңеш жөнүндө Жобону жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленуму

**т о к т о м  к ы л а т:**

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленумунун 2022-жылдын 25-февралындагы "Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун алдындагы Илимий-консультациялык кеңештин курамын бекитүү жөнүндө" №8-токтомунун 1-бөлүгүнө төмөндөгүдөй мазмундагы өзгөртүүлөр киргизилсин:

Жазык-укук маселелери боюнча секциясынын:

8-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"8) Токтакунов Кумарбек Кыдырбекович - Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын Кылмыш, жарандык сот өндүрүшү жана соттук чечимдеринин аткарылышын көзөмөлдөө Башкы башкармалыгынын башчысынын орун басары;";

төмөндөгүдөй мазмундагы 19-пункт менен толукталсын:

"19) Сабыров Кубанычбек Сабырович - Кыргыз Республикасынын Улутту коопсуздук мамлекеттик комитетинин Башкы тергөө башкармалыгынын башчысынын орун басары.".

Кыргыз Республикасынын
Жогорку сотунун төрагасынын м.а. Н. Мусаев

Пленумдун катчысы,
Кыргыз Республикасынын
Жогорку сотунун судьясы Т. Чаргынова

**Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун төрагасынын орун басары Н.Мусаевдин кылмыш-жаза иштери боюнча соттук коллегиясынын 2024-жылдагы иши жөнүндө маалыматы**

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун кылмыш-жаза иштери боюнча соттук коллегиясы тарабынан (мынадан ары соттук коллегия) **2024-жылы** жергиликтүү соттордун мыйзамдуу күчүнө кирген актыларын кассациялык тартибинде 1018 кылмыш-жаза иши (1335 адамга карата) каралган. Бул көрсөткүч мурунку жылга караганда 5 % азыраак кылат, анткени 2023-жылы – 1069 кылмыш иш каралган (1398 адамга карата).

776 кассациялык даттануулардан – 267 (34,4%) даттануу канааттандырылып, ал эми 509 ( 65,5 %) канааттандыруусуз калтырылган.

242 прокурордун сунуштарынын 114 (47,5%) канааттандырылып, 126 (52,5 %) канааттандыруусуз калтырылган. Ошондой эле 2 кассациялык өндүрүш кыскартылган.

Мындан сырткары, кассациялык тартипте 27 соттук материал каралып, анын ичинен 15 соттук материалдар биринчи жана экинчи инстанциялык соттордун соттук актылары күчүндө, 7 - экинчи инстанциялык соттордун соттук актылары күчүндө, 2 - жокко, 2 - кассациялык өндүрүш соттук отурумда кыскартылган, 1- биринчи жана экинчи инстанциялык соттордун соттук актылары өзгөртүлгөн, башкача айтканда 2024-жылы 80,0% мурдагы жылдан соттук материалдар көбүрөөк түшкөн (2023-жылы – 15).

Жаңы жана кайтадан ачылган жагдайлар боюнча 259 адамдарга карата иштер каралып, алардын ичинен 147 (56,7%) арыз жана 8 (3,0 %) сунуш канааттандырылган, 102 (39,3 %) арыз жана 2 (0,7 %) сунуш канааттандыруусуз калтырылган, ал эми 2023-жылга салыштырмалуу 2024-жылы 60,45 % адамдарга карата төмөнүрөөк иш каралган (2023-жылы – 655).

Экстрадиция материалдары боюнча 2024-жылы 330 материалдар түшүп, (2023-жылдан 38 материал 2024-ж. өткөн) алардын ичинен 316 (95,7 %) прокурордун сунушу канааттандырылып, **7** (2,1 %) сунуш канааттандыруусуз, сунушту чакыртып алуу - 7 (2,1 %), ал эми, экстрадиция материалдарын кароосуз кайтарылгандыгы боюнча 10 (3,0%), башкача айтканда 2024-жылы соттук коллегия 21,2% көбүрөөк карашкан (2023-жылы – 260).

2024-жылы соттук коллегиянын бир судьясына орто эсеп менен бир айда болгон иш жүктөм жалпы 15 ишти түздү (2023-ж. – 19 иш) анын ичинде 9 кылмыш-жаза иш (2023-ж. – 10 иш); 6 жаңы же кайтадан ачылган жагдайлар боюнча иштер, соттук материалдар жана экстрадиция материалдар (2023-ж. – 9 иш).

**Судьялардын 2024-жылы караган иштери боюнча анализ**

| № | судьялар | кылмыш жаза иштери | жоруктар | соттук материалдар (анын ичинде экстрадиция, жаңы же кайтадан ачылган жагдайлар) | жалпы каралган иштер |
|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Мусаев Н. | | | 10 | 10 |
| 2. | Эсенканов К. | 65 | | 43 | 108 |
| 3. | Токтомамбетов К. | 140 | | 75 | 215 |
| 4. | Бекешов Т. | 142 | | 60 | 202 |
| 5. | Гилязетдинова И. | 60 | | 55 | 115 |
| 6. | Назаров Д. | 114 | | 77 | 191 |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 7. | Жоомартов К. | 133 | 1 | 91 | 225 |
| 8. | Сыдыков А. | 112 | | 75 | 187 |
| 9. | Атаназаров Н. | 117 | | 67 | 184 |
| 10 | Атакулов С. | 135 | | 94 | 229 |
| | **Жалпы** | **1 018** | **1** | **647** | **1 666** |

**Кассациялык жана апелляциялык даттануу менен сунуштардын негизинде каралган жергиликтүү соттордун иш кароосунун сапаты төмөндөгүдөй көрсөткүчтөр менен мүнөздөлөт (адамдардын саны боюнча):**

Биринчи инстанциялык соттор тарабынан жалпы 11 138 **(2023-ж. -** 11 661**)** адамга карата соттук актылар кабыл алынган, анын ичинен апелляциялык тартипте 3 247 (2023-ж. - 3 173) адамга карата кылмыш иши каралып: 1 771 (2023-жылы - 1 618) адамга карата күчүндө (54,54 %), 561 (2023-ж.- 634) адамга карата жокко чыгарылып (17,28 %), 915 (2023-ж. – 921) адамга карата өзгөртүлгөн (28,18 %).

Ал эми кассациялык тартипте 1 335 адамга карата (1018 иш) каралып, алардын ичинен:

- 811 адамга карата биринчи жана экинчи инстанциялык соттордун өкүмдөрү күчүндө калтырылган (60,74 %);

- 195 адамга карата өзгөртүлгөн (14,60 %);

- 11 адамга карата кароосуз калтырылган (0,82 %);

- 208 адамга карата жокко чыгарылган (15,58 %);

- 67 адамга карата экинчи инстанциялык соттун өкүмү жокко чыгарылып, биринчи инстанциялык соттун өкүмү күчүндө калтырылган (5 %);

- 43 адамга карата кыскартылган (3,22 %) анын ичинен: кылмыштын курамы жок болгонуна байланыштуу 4 (КЖПКнин 27 берененин 1-бөлүгүнүн 2 пункту негизинде); кылмыш куугунтугунун эскирүү мөөнөтү өтүп кеткендигине байланыштуу 1 (КЖПКнин 27-берененин 1-бөлүгүнүн 12-пунктунун негизинде); жабырлануучу жеке-ачык айыптоону колдоодон баш тартканда – 38 (КЖПКнин 27 берененин 1-бөлүгүнүн 13 пунктунун негизинде).

Бүгүнкү күндө Кыргыз Республикасында соттук практикада болуп жаткан көйгөйлүү маселелерге, ошондой эле соттордун ишин уюштуруу, процессуалдык ченемдерин сакталышы, соттук чечимдердин аткарылышы, сот адилеттигин ишке ашырууну камсыздоо маселелери чоң мааниге ээ.

Белгилүү болгондой, сот тутумунда түзүлгөн инстанциялык баскычта апелляциялык инстанциядагы соттордун ролу абдан чоң. Жогору турган соттор тарабынан чыгарылган сот чечимдери тилекке каршы тийиштүү тариздөөнүн жана юридикалык негиздүүлүктүн дайыма эле үлгүсү болуп кызмат кылбайт.

Аппеляциялык инстанция соту биринчи инстанция сотунун мыйзамдуу чечимин негизсиз жокко чыгарган учурлар дагы кездешет. Анын жыйынтыгы болуп Жогорку соттун токтому боюнча облустук соттун чечими жокко чыгарылып, райондук соттун чечими күчүндө калтырылууда. 2024-жылы апелляциялык инстанциядагы соттордун 67 адамдарга карата соттук актылары жокко чыгарылып (өткөн 2023-жылы 61 адамдарга карата), биринчи инстанциядагы соттун чечими күчүндө калтырылган.

Соттук актылардын бузулушунун дагы бир себеби, апелляциялык инстанциядагы соттордун процесстик мыйзамдарында көрсөтүлгөн ыйгарым укуктарын толук колдонбой, чечим чыгаруудан качып, формалдуу негизде биринчи инстанциядагы соттун соттук актысын жокко чыгарып, ишти кайра кароого жибергендиги. Ошондой эле, соттор тарабынан иш үчүн мааниге ээ болгон фактыларга баа бербестен кабыл алынган соттук актылар да кездешүүдө.

Экинчи инстанциядагы сот кылмыш - жаза ишин апелляциялык тартипте караган учурда иштин фактылай жагдайларын белгилөөнүн жана жазык мыйзамын колдонуунун тууралыгын, ошондой эле ишти кароодо жана чечүүдө жазык процесстик мыйзамдын сакталышын текшерүүгө, жазык иши боюнча чогулган тергөө жана биринчи инстанциядагы соттун жыйынтыгын тастыктоочу же четке кагуучу баардык материалдарга жана биринчи инстанциядагы соттук отурумунун жүрүшүнө, анын өкүмүнө толук баа берүүгө толук укуктуу экендигин белгилеп кетким келет.

Мындан сырткары, соттук коллегиянын практикасында жергиликтүү соттун соттук актысы жогорудагы негиздер менен жокко чыгарылып, иш жаңыдан кароого кайра жиберилген болсо, ушул эле иш мурда Жогорку сот тарабынан жергиликтүү соттордун кемчиликтерин четтетүү жана ишти мыйзамга ылайык так кароо керектигин көрсөтүү менен жаңыдан кароого жиберилген учурлар бар экендигин белгилеп кетүү зарыл.

2023-жылдын жыйынтыгында мен процессуалдык укуктун нормаларын бузбоо тууралуу эскерткем, анткени мурдагы жылы бир нече мындай соттук актылар кабыл алынган дагы учурлар болгон, б.а бир иш эки жолу Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун токтому менен бузулган. Бирок соттор тарабынан эч кандай бир жыйынтык чыгарбагандыгы көрүнөт.

Мисалы:

**1.** Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун кылмыш жаза иштери боюнча соттук коллегиясынын 2024-жылдын 4-мартындагы токтому менен Рахманберди уулу Биймырза жана Фаизов Асатила Халбаевич тууралуу Жалал-Абад облустук сотунун кылмыш-жаза иштери жана укук бузуулар жөнүндө иштер боюнча соттук коллегиясынын 2023-жылдын 11-декабрындагы аныктамасы жокко чыгарылып, кылмыш иш жаңыдан башка курамда кароого Жалал-Абад облустук сотуна жиберилген.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун кылмыш жаза иштери боюнча соттук коллегиясынын 2024-жылдын 30-октябры токтому менен Рахманберди уулу Биймырза жана Фаизов Асатила Халбаевич тууралуу Жалал-Абад облустук сотунун кылмыш-жаза иштери жана укук бузуулар жөнүндө иштер боюнча соттук коллегиясынын 2024-жылдын 8-июлундагы аныктамасы жокко чыгарылган. Кылмыш иш жаңыдан башка курамда апелляциялык тартипте кароо үчүн Жалал-Абад облустук сотуна жиберилген.

**2.** Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун кылмыш жаза иштери боюнча соттук коллегиясынын 2024-жылдын 3-июнунун токтому менен Эргашов Исламжон Номанжонович жана Мажидулла уулу Абдурахмон тууралуу Ош облустук сотунун кылмыш-жаза иштери жана укук бузуулар жөнүндө иштер боюнча соттук коллегиясынын 2024-жылдын 26-мартындагы аныктамасы жокко чыгарылсын. Кылмыш иши Ош облустук сотуна башка соттук курамда жаңыдан кароо үчүн жиберилген.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун кылмыш жаза иштери боюнча соттук коллегиясынын 2024-жылдын 12-ноябрындагы токтому менен Эргашов Исламжон Номанжонович жана Мажидилла уулу Абдурахмон тууралуу Ош облустук сотунун кылмыш-жаза иштери жана укук бузуулар жөнүндө иштер боюнча соттук коллегиясынын 2024-жылдын 1-августундагы аныктамасы жокко чыгарылган. Кылмыш иш жаңыдан башка курамда кароо үчүн Ош облустук сотуна жиберилген.

Ошондой эле соттук коллегия тарабынан жергиликтүү соттордун соттук актылары 208 адамга карата жокко чыгарылгандыгын белгилейм, анын себептери:

1. иштин материалдарынын жакшы иликтенбегендиги;
2. соттун тыянактарынын иштин фактылай жагдайларына ылайык келбеши;
3. иштин материалына туура юридикалык баа берилбегендиги;
4. туура эмес квалификациялагандыгы;
5. процессуалдык жана материалдык укук ченемдер туура колдонулбагандыгы саналат.

6. “Өкүм жөнүндө” Жогорку сотунун Пленумунун токтомун талаптары сакталбаганы Мисалы:

**1.** Бишкек шаарынын Октябрь райондук сотунун 2023-жылдын 27-апрелиндеги өкүмү менен Токтосунов Ынтымак Джумабаевич КЖКнын 342-беренесинин 3-бөлүгүнүн 1-пункту менен күнөөлү деп табылып, 2 000 000 сом мамлекеттик пайдасына айып пул салынган. (судья Осмонов Ф.О.)

Бишкек шаардык сотунун 2023-жылдын 13-октябрындагы өкүмү менен Бишкек шаарынын Октябрь райондук сотунун 2023-жылдын 27-апрелиндеги өкүмү бузулуп, Токтосунов Ынтымак Джумабаевич КЖКнын 342-беренесинин 3-бөлүгүнүн 1-пункту менен акталган. (төрагалык кылуучу Кубатов А., судьялар Момуналиев А., Бекташов С. –баяндоочу).

Негиз: Биринчи инстанциялык сот КЖПКнын 57-главасынын негизинде өкүм чыгарган. Бирок КЖКнин 79-беренесин эске албай 2 000 000 сом айып пул салган. Ал эми апелляциялык сот иштин материалдарынын так иликтебей, аталган иш боюнча соттук териштирүү жүргүзүлбөгөнүнө карабастан, аталган берене менен негизсиз актоо өкүм чыгарган. Анткени, Кыргыз Республикасынын КЖПКсынын 57-главасынын талаптарына ылайык, айрыкча 504-берененин 7-бөлүгүн т.а. соттук териштирүүнү жүргүзбөстөн чыгарылган өкүм иштин материалдарынын сотто изилденбегендиги боюнча апелляциялык тартипте даттанылышы мүмкүн эмес деген норманы эске албай мыйзамсыз өкүм кабыл алган.

**2.** Ленин райондук сотунун 2023-жылдын 22-февралындагы өкүмү менен Молдобаев Нуртилек Асылбекович Кыргыз Республикасынын КЖКнин 206-беренесинин 3-бөлүгүнүн 3-пункту менен күнөөлүү деп табылып, ал боюнча 5 (беш) жылга эркиндигинен ажыратуу жаза белгиленген. (судья М.Б.Тентимишов).

Бишкек шаардык сотунун кылмыш иштери жана жоруктар жөнүндө иштер боюнча соттук коллегиясынын 2023-жылдын 15-майындагы өкүмү менен Бишкек шаарынын Ленин райондук сотунун 2023-жылдын 22-февралындагы Молдобаев Нуртилек Асылбековичке тууралуу өкүмү өзгөртүүсүз калтырылган. (төрагалык кылгын А.Кубатов, судьялар Ш.Токтосунов, Ж.Сабитова– баяндоочу)

Негиз: Биринчи жана экинчи инстанциядагы соттор соттолгон Н.Молдобаевге жаза берүүдө анын мурунку өкүмүн эске албаган, башкача айтканда, КЖКнын 90-беренесинин 6-бөлүгүн жана КЖПКнын 435-беренесинин 7-бөлүгүн талаптарын бузуп, жаза беришкен.

**Таблица №2**

| № | Соттун аталышы | Биринчи жана экинчи инстанциялык соттордун соттук актылары жокко чыгарылган саны (токтомдун саны менен) | Апелляциялык инстанциядагы сотунун соттук актылары жокко чыгарылып, кайра кароого ошол эле сотко жөнөтүлгөндүн саны (токтомдун саны менен) |
|---|---|---|---|
| 1 | Бишкек шаардык соту жана райондук соттор | 27 | 13 |
| 2 | Чүй облустук жана райондук соттор | 23 | 16 |
| 3 | Ош облустук жана райондук соттор | 14 | 2 |
| 4 | Жалал-Абад облустук жана райондук соттор | 14 | 11 |
| 5 | Баткен облустук жана райондук соттор | 3 | 2 |
| 6 | Талас облустук жана райондук соттор | 2 | 1 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 7 | Ыссык-Көл облустук жана райондук соттор | 4 | 2 |
| 8 | Нарын облустук жана райондук соттор | 1 | 2 |
| | | Жалпы 88 (2023-ж. – 74) | Жалпы 49 (2023-ж. – 42) |

Бишкек шаары жана облустук сотторубоюнча эң көп бузулган соттук актылар кылмыш-жаза иштер боюнча) Бишкек шаардык сотунун судьялары У.Садырбеков (баяндоочу) – 7 адамга карата, Ж.Сабитова (баяндоочу) – 8 адамга карата.

Чүй облустук сотунун судьялары Т. Аккозуев (баяндоочу) – 14 адамга карата, К.Есекеев (баяндоочу) – 12 адамга карата, И.Воронцова – 7 адамга карата, Сокулук райондук сотунун судьясы Т.Кадыркулова – 6 адамга карата.

Жалал-Абад облусунун сотунун судьясы К.Эстебесов (баяндоочу) – 12 адамга карата.

Ош облусунун сотунун судьялары Т.Умуркулов (баяндоочу) – 13 адамга карата, Н.Алимкулов (баяндоочу) – 8 адамга карата.

Мындан сырткары, жергиликтүү соттор жана тергөөчүлөр КЖПКнын талаптарын бузгандыгына байланыштуу соттук коллегия тарабынан 2024-жылында 10 жеке аныктама кабыл алынган.

| № | Судьялар | Кимге карата | Кимге кеткен | Жооп |
|---|---|---|---|---|
| 1. | Н.Мусаев – төрагалык кылуучу<br>К.Токтомамбетов<br>А.Сыдыков- баяндоочу<br><br>2024-жылдын 15-январында жеке аныктама чыгарылган | Жакшылык уулу Даниелдин кылмыш иши боюнча Сокулук райондук сотунун судьясы К.Байсов, Чүй облустук сотунун судьялары К.Есекеев (баяндоочу), Н.Айтмырзаев, Т.Абдырашитовдорго карата | Судьялар кеңешине | Судьялар кеңешинин 2024-жылдын 17-майындагы чечими менен эскертүү берилген. |
| 2. | Н.Мусаев – төрагалык кылуучу<br>Т.Бекешов<br>А.Сыдыков - баяндоочу<br><br>2024-жылдын 23-январында жеке аныктама чыгарылган | Токтосунов Ынтымак Джумабаевичтин кылмыш иши боюнча Бишкек шаардык сотунун судьялары А.Кубатов, А.Момуналиев жана С.Бекташовдорго (баяндоочу) карата | Судьялар кеңешине | Судьялар кеңешинин 2024-жылдын 17-майындагы чечими менен эскертүү берилген. |
| 3. | Н.Мусаев – төрагалык кылуучу<br>Н.Атаназаров<br>К.Токтомамбетов - баяндоочу<br><br>2024-жылдын 6-февралында жеке аныктама чыгарылган | Суракматова Улкан Дуйшеналиевнанын кылмыш иши боюнча Ленин райондук сотунун судьясы А.Рыскуловага карата | Судьялар кеңешине | Судьялар кеңешинин 2024-жылдын 17-майындагы чечими менен эскертүү берилген. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 4. | К.Токтомамбетов – төрагалык кылуучу-баяндоочу<br>Н.Атаназаров<br>Т.Бекешов<br><br>2024-жылдын 12-февралында жеке аныктама чыгарылган | Тойбек уулу Кутман жана Байзаков Азамат Маматкуловичтин кылмыш ишин боюнча Нарын шаардык сотунун судьясы С.Ы.Осмоновго карата | Судьялар кеңешине | Судьялар кеңешинин 2024-жылдын 17-майындагы чечими эскертүү берилген. |
| 5. | К.Эсенканов -төрагалык кылуучу С.Атакулов<br>Н.Атаназаров -баяндоочу<br><br>2024-жылдын 12-мартында жеке аныктама чыгарылган | Чиркешбай уулу Талгаттын кылмыш иши боюнча Аламүдүн РИИБнин тергөөчүсү И.Ибраимовго карата | Чүй облусунун ИИБнын башчысына | Тергөөчү И.Ибраев 2022-жылы өз арызы менен кызматтан бошотулган. |
| 6. | К.Токтомамбетов – төрагалык кылуучу<br>Т.Бекешов<br>А.Сыдыков- баяндоочу<br><br>2024-жылдын 13-майында жеке аныктама чыгарылган | Сааданбаев Марсбек Бактыбековичтин кылмыш иши боюнча Бишкек шаардык сотунун судьялары У.Садырбеков, З.Атаев жана А.Калбаевдерге (баяндоочу) карата | Судьялар кеңешине | Судьялар кеңешинин 2024-жылдын 04-июлундагы каты менен жеке аныктама кароосуз кайтарылган. |
| 7. | А.Сыдыков– төрагалык кылуучу, баяндоочу<br><br>К.Токтомамбетов, И.Гилязетдинова<br><br>2024-жылдын 1-июлунда чыгарылган | Швайберов Сергей Сергевичтин кылмыш иши боюнча Свердлов райондук ИИБТнын тергөөчүсү Н.Салибаевге карата | Бишкек ш. Свердлов РИИБ жетекчиси У.Алиевке<br><br>КР ИИМ министри У.Ниязбековго | Тергөөчү Н.Салибаевге карата кызматтык иликтөө жүргүзүлүп, жыйынтыгында Н.Салибаев өз каалоосу менен бошотулган. |
| 8. | А.Сыдыков– төрагалык кылуучу, баяндоочу<br>К.Токтомамбетов, Т.Бекешов<br><br>2024-жылдын 16-октябрында жеке аныктама чыгарылган | Урдавлетов Бактияр Мирзатович, Бегинбаев Медетбек Таалайбековичтин кылмыш иши боюнча Бишкек шаардык сотунун судьялары М.Динеев, А.Калбаев, жана С.Бекташовдорго (баяндоочу) карата | Судьялар кеңешине | Судьялар кеңешинин 2024-жылдын 13-декабрындагы чечими менен эскертүү берилген. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 9. | Төрагалык кылуучу-баяндоочу:<br>К.Токтомамбетов<br>А.Сыдыков<br>Т.Бекешов<br><br>2024-жылдын 19-ноябрында жеке аныктама чыгарылган | Шатило Ольга кылмыш иши боюнча<br>Ош шаардык ички иштер башкармалыгынын тергөө кызматынын башчысы Ж.Каримбердиевге карата | КР Башкы прокурору М.Асаналиевге<br><br>КР ИИМ министри У.Ниязбековго | Ж.Каримбердиев Ош шаардык ички иштер башкармалыгынын тергөө кызматынын башчысынан бошотулуп, ошол эле бөлүмдүн тергөөчүсү болуп дайындалган. |
| 10. | төрагалык кылуучу-К.Эсенканов<br>С.Атакулов<br>А.Сыдыков-баяндоочу<br><br>2024-жылдын 27-ноябрында чыгарылган | Амангелдиев Ренат Алтынбековичтин кылмыш иши боюнча Бишкек шаарынын Октябрь райондук сотунун судьясы К.Касымбековго, Бишкек шаардык сотунун соттук курамы Н.Эсеналиев, З.Атаев жана Н.Кожомбердиевдерге карата | Судьялар кеңешине | Кароодо |

Ошондой эле белгилей кетсек, 2024-жылында Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун судьялары тарабынан кылмыш иштерин кароонун сапатын жакшыртуу маселеси боюнча жергиликтүү сотторго методикалык жана практикалык жардам көрсөтүү максатында кылмыш иштер жана соттук материалдар текшерилип келген.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун судьялары кылмыш иштерин жана соттук материалдарын текшерүүдө жергиликтүү соттор тарабынан канча бир КЖПКнын талаптарын бузулгандыгы боюнча фактылар табылган.

Анын жыйынтыгында:

1. Баткен облусунун Кадамжай райондук сотунун судьясы Абжалбек кызы Зарина сот адилеттигин жүзөгө ашырууда мыйзамдуулукту жана Кыргыз Республикасынын судьясынын ар-намыс кодексин одоно бузгандыгы үчүн тартип жоопкерчилигине тартуу боюнча Судьялардын кеңешине сунуш жөнөтүлгөн.

2. Баткен облусунун Кадамжай райондук сотунун судьясы Турсунбеков Таалайбек Турсунбекович сот адилеттигин жүзөгө ашырууда мыйзамдуулукту жана Кыргыз Республикасынын судьясынын ар-намыс кодексин одоно бузгандыгы үчүн тартип жоопкерчилигине тартуу боюнча Судьялардын кеңешине сунуш жөнөтүлгөн.

Ал эми жергиликтүү соттор чыгарган жеке аныктамалар жөнүндө айта кетсем: милиция кызматкерлери, прокурорлор, жактоочулар, УКМК кызматкерлери тарабынан КЖПКнын талаптарын бузулгандыгы үчүн 2024-жылында 749 (2023-ж.-444) жеке аныктама кабыл алынган, анын ичинен:

1. Бишкек шаарынын жана райондук соттору тарабынан – 252
2. Чүй облусунун жана райондук соттору тарабынан – 113
3. Ош облусунун жана райондук соттору тарабынан – 121
4. Жалал-Абад облусунун жана райондук соттору тарабынан – 94
5. Талас облусунун жана райондук соттору тарабынан – 45
6. Ысык – Көл облусунун жана райондук соттору тарабынан – 52
7. Баткен облусунун жана райондук соттору тарабынан – 32
8. Нарын облусунун жана райондук соттору тарабынан – 40

Актоо өкүмдөр боюнча, тергөө жана прокурорлор тарабынан кылмыш-жаза иштери толук изилденбей жана юридикалык так баа берилбегендиктен 2024-жылында соттор тарабынан 363 ( 2023-ж. – 264) актоо өкүмдөрү кабыл алынган.

| № | Облустар жана Бишкек шаары | Өкүм чыгаруу менен каралган иштердин саны | Өкүм чыгаруу менен каралган иштер боюнча адамдардын саны | Анын ичинен | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | Соттолгон адамдардын саны | Акталган адамдардын саны |
| 1 | Нарын | 178 | 231 | 224 | 6 |
| 2 | Талас | 190 | 258 | 254 | 3 |
| 3 | Чүй | 1039 | 1325 | 1264 | 61 |
| 4 | Ысык-Көл | 541 | 627 | 614 | 12 |
| 5 | Бишкек | 1422 | 1970 | 1825 | 145 |
| 6 | Ош | 1149 | 1414 | 1368 | 46 |
| 7 | Баткен | 324 | 411 | 401 | 10 |
| 8 | Жалал-Абад | 825 | 1124 | 1098 | 26 |
| | Баардыгы | 5 668 | 7 360 | 7 048 | 309 |

2024-жылда апелляциялык инстанциядагы соттордун актоо өкүмдөрүнө даттанууларды карагандыгы жана айыптоо өкүмү жокко чыгарылып, актоо өкүмү кабыл алынгандыгы:

| Адамдарга карата актоочу өкүмдөр апелляциялык тартипте каралган | | | | айыптоо өкүмү жокко чыгарылып, актоо өкүмү кабыл алган (адамдарга карата) |
|---|---|---|---|---|
| жалпы даттанылган | жокко чыгарылган | күчүндө калтырылган | өзгөртүлгөн | |
| 169 | 45 | 106 | 18 | 49 |

2024-жылда Жогорку сот тарабынан актоо өкүмдөрүнө карата кассациялык даттанууларды караганы жана айыптоо өкүмү жокко чыгарылып, актоо өкүмү кабыл алынгандыгы:

| Адамдарга карата актоочу өкүмдөр кассациялык тартипте каралган | | | | | айыптоо өкүмү жокко чыгарылып, 27-берен. менен кыскартылып, акталган (адамдарга карата) |
|---|---|---|---|---|---|
| жалпы даттанылган | 1 жана 2-инстанциянын өкүмдөрү жокко чыгарылган | 2 -инстанциянын соттун өкүмдөрү жокко чыгарылып, 1-инстанциянын өкүмдөрү күчүндө | 1 жана 2-инстанциянын өкүмдөрү күчүндө калтырылган | 1 жана 2-инстанциянын өкүмдөрү өзгөртүлгөн | |
| 142 | 26 | 3 | 113 | 0 | 5 |

309+49+5 (КЖПКнин 27-б.) = 363 адамга карата.

Мындан сырткары, 2024-жылы мамлекеттик айыптоочулар айыптоодон баш тарткан учурлар дагы болгондугун белгилеп кетким келет, атап айтканда - 10 (2023-ж.-14) адамга карата кылмыш-жаза иши кыскарган:

1. Ленин райондук соту – 3 адамга карата
2. Аламүдүн райондук соту - 1 адамга карата
3. Сокулук райондук соту – 1 адамга карата
4. Ош шаардык соту – 2 адамга карата
5. Жалал-Абад шаардык соту - 1 адамга карата
6. Базар Коргон райондук соту – 1 адамга карата
7. Жумгал райондук соту – 1 адамга карата

Мөөнөтү өтүп каралган кылмыш-жаза иштер боюнча маалымат:

Жергиликтүү соттор тарабынан Кыргыз Республикасынын КЖПКнын талаптары бузулуп, кылмыш иштердин мөөнөттөрүн өткөзүп караган дагы учурлар бар. Жалпы Республика боюнча 1 837 (2023-ж. – 1 510) иш түзгөн, анын ичинен:

1) Бишкек шаары жана райондук соттор боюнча – 630 иш,
2) Нарын облусу жана райондук соттор боюнча – 25 иш,
3) Баткен облусу жана райондук соттор боюнча – 19 иш,
4) Ысык-Кол облусу жана райондук соттор боюнча – 113 иш,
5) Жалал-Абад облусу жана райондук соттор боюнча – 311 иш,
6) Ош облусу жана райондук соттор боюнча 413 иш,
7) Талас облусу жана райондук соттор боюнча 28 иш,
8) Чүй облусу жана райондук соттор боюнча – 298 иш.

Жергиликтүү соттор тарабынан токтотулган иштер боюнча маалымат:

Республика боюнча жергиликтүү соттор тарабынан 375 (2023-ж. – 465) кылмыш иштери токтотулуп турат, анын ичинен:

1. Бишкек шаары жана райондук соттор – 186
2. Чүй облусу жана райондук соттор – 92
3. Нарын облусу жана райондук соттор – 2
4. Баткен облусу жана райондук соттор – 10
5. Ысык-Кол облусу жана райондук соттор – 12
6. Жалал-Абад облусу жана райондук соттор – 31
7. Ош облусу жана райондук соттор – 38
8. Талас облусу жана райондук соттор – 4

Кылмыш иштерди өндүрүштөн токтотуунун себептери болуп - тараптар келбегендигине, айыпталуучу ооруп жаткандыгына байланыштуу, тараптардын өтүнүчтөрү боюнча жана соттук экспертизаларга жөнөтүү саналат.

Материалдык зыян боюнча 2024-жылдын маалыматы:

Материалдык зыян келтирилгендиги боюнча жергиликтүү соттор тарабынан жалпы мамлекеттин пайдасына – 1 040 411 785 сом, тарапка – 388 330 577 сом өндүрүлгөн.

Моралдык зыян боюнча 2024-жылдын маалыматы:

Моралдык чыгымдын компенсациясынын жалпы суммасы тарапка - 1 451 599 сомду түзгөн.

**Пленум:**

1. 2024-жылында “Жыныстык кол тийбестикке жана жыныстык эркиндикке каршы кылмыштар жөнүндө иштер боюнча соттук практика тууралуу” жалпылоонун негизинде Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленумунун 2024-жылдын 17-октябрындагы № 26 токтому кабыл алынган.

2. Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленумунун 2019-жылдын 24-майындагы №13 “Соттук өкүм жөнүндө” токтомуна өзгөртүү киргизилген.

Андан тышкары, 2024-жылы жергиликтүү сотторго Кыргыз Республикасынын КЖПКнин талаптарын так сактоо жана аткаруу боюнча 15 кат жөнөтүлгөн.

**Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун төрагасынын орун басары Ш.Р. Камчыбековдун жарандык жана экономикалык иштер боюнча сот коллегиясынын 2024-жылдагы ишинин жыйынтыктары жөнүндө маалыматы**

Мен өзүмдүн сөзүмдө 2024-жылы жарандык жана экономикалык иштерди жана сот материалдарын кароо боюнча соттор тарабынан аткарылган иштерге токтолгум келет.

Жарандык тартипте 2024-жылы 1-инстанциядагы сотторго:

- 137 299 доо арыз жана 24 108 соттук материалдар келип түшкөн, бардыгы болуп - 161 407 иш, 2023-жылга салыштырмалуу 30 пайызга көп (30,18%).

Бул көрүнүш жылдан жылга болгон табигый процесс, ошол себептен биз өзүбүздүн ишибизди оптимизациялоого аргасызбыз.

Келип түшкөн бардык иштерден 6,7% пайызы (10 791) апелляциялык тартипте жана 2,9 пайызы (2,91% же 4697 иш) кассациялык тартипте даттанылып каралган.

Бул көрсөткүч иш боюнча тараптар чыгарылган актылардын көптүгүнө – б.а. 93% пайызына макулдугун билдирет жана аларга даттанбаганын көрсөтүп турат.

2024-жылы доо арызды бергенде төлөнгөн мамлекеттик алымдын өлчөмү 231 млн 087 мин сомду түздү (231 087 268 сом), ал эми сот тарабынан иштерди кароонун жыйынтыгы боюнча 109 млн 917 мин сом өндүрүлгөн (109 917 008 сом).

Ишти кароого байланышкан коромжулар 252 мин сомду түзгөн (252 415 сом).

2024-жылы Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун жарандык жана экономикалык иштер боюнча соттук коллегиясы тарабынан жалпысынан 3055 жарандык, экономикалык иштер жана соттук материалдар каралып, бул көрсөткүч 2023-жылга салыштырмалуу 8,8% төмөн (2023 жылы - 3350 иш).

Алардын ичинен:

- 2655 жарандык иш, бул көрсөткүч 2023-жылга салыштырмалуу 4,5% төмөндөгөн,
- 400 соттук материал, 2023-жылга салыштырмалуу 30% төмөн.

Иштерди кароонун санынын азайышы соттук материалдарды кароонун 30% га чейин жана иштин маңызы боюнча эмес чыгарылган соттук актыларга негизсиз даттануулар азайышына байланыштуу.

Мисалы: доону камсыз кылуу чаралары боюнча, анткени ишти маңызы боюнча кароону создуктуруу максатында иш боюнча ак ниетсиз тарап тарабынан атайын негизсиз даттануу келтирүү мурда көп кездешкен. Кыргыз Республикасынын Жогорку соту тарабынан доону камсыз кылуу чаралары боюнча кабыл алынган актыларга негизги иштен өзүнчө даттанууга мүмкүндүк берүүчү Жергиликтүү соттордо иш кагаздарын жүргүзүү боюнча Нускамага өзгөртүүлөр киргизилген. Бул өзгөрүү ушул категориядагы иштердин санынын азайышына алып келди – айтсак 2024-жылы доону камсыз кылуу чара колдонуу боюнча каралган иштер - 49 (2023-жылы - 85, 2022-жылы - 310).

Соттук коллегиянын бир судьясына орточо жүгү айына 18 ишти түзгөн (18,2 иш).

Иштердин эң көп даттанылуучу категориялары:

- бүтүмдү жарактуу/жараксыз деп табуу жөнүндө – 646;
- карызды өндүрүү жөнүндө – 477;
- турак жайдан чыгаруу жөнүндө – 173;
- жер укуктук мамилелеринен келип чыгуучу иштер боюнча – 165;
- жумушка кайра орношуу жөнүндө – 154;
- материалдык чыгымды өндүрүү жөнүндө – 111;
- мурастоо укугун талаш-тартыш жөнүндө – 110.

Каралган иштердин сапаты боюнча маалымат:

Каралган иштердин сапаты боюнча белгилеп кетсек, 63 жарандык жана экономикалык иштер жана 14 соттук материалдар боюнча жаңы чечимдерди кабыл алган, 16 жарандык жана экономикалык иштер боюнча жергиликтүү соттордун соттук актылары өзгөртүлгөн, 333 жарандык жана экономикалык иштер жана 30 соттук материалдар боюнча сот актылары жокко чыгарылып жаңы кароого жөнөтүлгөн.

Жергиликтүү соттордун соттук актыларын бекитүү жалпысынан 74 пайызды (74,4%) түзүп, мурдагы жылдын көрсөткүчү менен барабар.

Эгерде райондук соттордун бекитүү көрсөткүчтөрү жөнүндө айта турган болсок,

апелляциялык тартипте даттанылган сот актылары боюнча жогорку көрсөткүчкө Бишкек шаарынын Свердлов райондук соту ээ – 78,3%.

Ал эми эң төмөн бекитүү боюнча көрсөткүч Кемин райондук соту - 26%; Тогуз-Торо райондук соту - жарандык иштер боюнча 33,33%.

Судьялар боюнча айтсак, Биринчи инстанциядагы судьялардан бекитүү боюнча төмөн көрсөткүч:

*Тоң райондук соту судьясы А.Т.Талантбековага таандык - 15,38% күчүндө (аппеляция тартипте)/50% (кассация тартипте);*

*Токтогул райондук соту судьясы Н.М. Солпиева – 22,2% (аппеляция тартипте);*

Чуй облусунун Кемин райондук соту судьясы Б.М. Алибаев -37,14% (аппеляция тартипте) жана 50% (кассация тартипте);

Бишкек шаарынын Биринчи май райондук соту судьясы Ч.К.Жакшылыков – 33,33% (аппеляция тартипте);

Апелляциялык инстанциядагы соттордун ичинен соттук актыларды бекитүүнүн (кассациялык тартипте) эң жогорку көрсөткүч Нарын облустук сотуна таандык - 94,27%,

- Баткен облустук соту – 90,41%,
- Талас облустук соту - 89,74%,
- Бишкек облустук соту – 83,45%,
- Жалал-Абад шаардык соту – 81,50%,
- Чуй облустук соту - 80,20%,
- Ош облустук соту – 76,82%,

*ал эми эң төмөнкү көрсөткүч Ысык-Көл облустук соту - 72,84%.*

Экинчи инстанциядагы соттордун судьяларынын ичинен соттук актыларынын бекитилишинин эң төмөнкү көрсөткүч жөнүндө айта турган болсок, Баткен облустук сотунда судья Ж.М.Батырбеков – 33,33%.

Жарандык жана экономикалык иштер боюнча жергиликтүү соттордун кассациялык тартипте даттанылган соттук актыларын жокко чыгаруунун негизги себептерин аныктоо үчүн Кыргыз Республикасынын Жогорку соту тарабынан изилдөө жүргүзүлгөн.

Материалдык жана процесстик укук ченемдерин бузуу.

Изилдөөнүн жыйынтыгына ылайык, 20 пайызы (20,39% же 93 соттук акт) материалдык укуктун бузулушунан, 80 пайызы (79,61% же 363 акт) процесстик укуктун бузулушунан улам жокко чыгарылган.

Кассациялык тартипте каралган иштерден көрүнүп тургандай, жарандык иштерди кароодо жергиликтүү соттор материалдык укуктарды колдонууда сот актыларынын жокко чыгарылышына жана жаңы чечимдердин кабыл алынышына алып келген бузууларга жол беришкен.

Судьялар аталган иштерди кароодо дайыма эле иштин материалдарына жетиштүү көңүл бурбай, аларга туура эмес баа берип, материалдык укук ченемдерин туура эмес колдонушаарын көрсөтүп турат.

Ал эми сот актыларын жокко чыгаруунун эң негизги себептери бул - процессуалдык мыйзамынын талаптарын бузуу болуп саналат.

Жергиликтүү соттордун 363 соттук актысы Кыргыз Республикасынын Жарандык-процесстик кодекстин 368-беренелеринде каралган талаптарын соттордун бузуусунун натыйжасында гана жокко чыгарылган.

Кабыл алынган чечимдерди жокко чыгаруу жана иштерди жаңыдан кароого жиберүү үчүн негиз болгон негизги процессуалдык бузуулардын катарына чечимдин мыйзамдуулугуна жана негиздүүлүгүнө түздөн-түз таасир келтирген процесстик ченемдеринин олуттуу бузуулары киришет.

Тактап айтканда, соттор тарабынан ишти териштирүүгө даярдоо формалдуу түрүндө

өткөрүү, бардык материалдарын жана жагдайларын толук эмес жана жетишсиз изилдөө, ишти кароодо укуктары жана милдеттери козголгон кызыкдар жактарды ишке катышууга тартылбагандыгы.

Жалпысынан изилдөөнүн жыйынтыгы боюнча соттор соттук актылардын сапатын жакшыртуу зарылдыгын көрсөттү.

Соттордун төрагалары иштерди кароонун сапатын, соттук актыларды даярдоонун жогорулатууну, сот адилеттигин жүзөгө ашырууда негизсиз кийинкиге калтырууну жана ишти кароону создуктуруу фактыларын жокко чыгарууга карата чараларды көрүшү зарыл.

Көрсөтүлгөн кемчиликтерди жоюу үчүн жергиликтүү соттордун төрагалары процессуалдык мыйзамдардын туура колдонулушуна туруктуу негизде усулдук көзөмөл жүргүзүүсү зарыл.

Процесстик мөөнөттөрдү бузуу менен иштерди кароо боюнча маалымат

Статистикалык маалыматтарга ылайык соттордо процесстик мөөнөттөрдү бузуу менен иштерди кароо фактылары бар экендиги көрүнүп турат, алар 2024-жылы каралган бардык иштердин - 2,35% түзөт.

Мында негизги себептер катары тараптардын келбей калышы, тараптардын өтүнүчтөрү боюнча иштин кийинкиге калтырылышы ж.б. негиздер көрсөтүлөт. Бирок жогоруда айтылгандар сот процесстеринин талаптагыдай уюштурулбагандыгы, айрым судьялардын кызматтык милдеттерин аткарууга жеңил мамилеси, соттордун аппаратынын кызматкерлеринин аткаруучулук тартибинин төмөндүгү, соттордун төрагалары тарабынан талаптагыдай көзөмөл жоктугу иштерди кароонун процесстик мөөнөттөрүнүн бузулушунун себептери болуп саналаарын билдирет.

Бул жетишсиздик сот адилеттигинин натыйжалуулугуна терс таасирин тийгизүүдө, ошондуктан жергиликтүү соттордун төрагаларынын өз милдеттерин талаптагыдай аткаруу, анын ичинде иштердин кыймылын көзөмөлдөө боюнча да өзгөчө көңүлүн буруу зарыл деп эсептейм.

Ошондой эле ишти кароо мөөнөтүн өткөрүп жиберүүнүн себептеринин бири болуп судьяларга иштердин көптүгү болуп эсептелет.

Статистикалык маалыматтарга ылайык, Ош жана Бишкек шаарларында, Аламүдүн, Сокулук, Кара-Суу райондук сотторунда жана башкаларда судьялардын жогорку жүктөмү байкалууда орто эсебинде ар бир судьянын карамагына 1000 ашык иш түшөт.

Аталган көйгөйдү чечүү үчүн Жогорку соттун коллегиясынын судьялары тарабынан Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлиги менен бирдикте Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө мыйзам долбоору иштелип чыккан, ага ылайык талашсыз иштерди соттордун кароосунан алып, аларды нотариустарга өткөрүп берүү.

Азыркы учурда мыйзам долбоору Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңештин кароосунда. Бул мыйзам долбоорлору кабыл алынган учурда судьялардын иштерди кароо боюнча жүктөмү кескин 30% чейин азайып, сот адилеттигинин сапаты жогорулат деп үмүттөнөбүз.

Мындан сырткары соттордун жүгүн азайтуу максатында коллегия тарабынан үй-бүлө жана эмгек маселелери боюнча айрым талаш-тартыштарды тиешелүү ыйгарым-укуктуу мамлекеттик органдарга кароого багытталган үй-бүлө жана эмгек кодекстерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө Мыйзам долбооруна сунуштар берилген.

Белгилеп кетчү нерсе, 2024-жылы апелляциялык инстанциядагы сотторго даттанган иштерден 21 пайызы (21,69% же 2031 иш) кайтарылган, кассациялык инстанцияга болсо, жалпы түшкөн иштерден 28 пайызы (28,2% же 1324 иш) кайтарылган, анын себеби аппеллятор же кассатор даттанууларды тапшырууда процесстик тартибин сактабагандыгы (даттануу берүү мөөнөттөрдү сактоо, мамлекеттик алым төлөө, төмөнкү инстанциялардын эрежелерди туура эмес колдонгонун так көрсөтүү сыяктуу).

Ал эми жарандык ишти кайтаруусу мамлекеттик бюджетке чоң чыгымдарга алып келет.

Ушуга байланыштуу коллегия тарабынан даттануунун кемчиликтерди оңдоо үчүн мөөнөтүн берип, кыймылсыз калтыруу жөнүндө процесстик мыйзамга өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча иш жүргүзүүдө. Бул чара соттордун бюджеттик каражаттарын үнөмдөөгө мүмкүнчүлүк берет жана тараптардын укуктарын чектөөсү төмөндөйт деп эсептеймин.

Андан сырткары санариптештирүүнүн алкагында экстерриториалдык караштуулукту киргизүү жөнүндө талкуулар болуп жатат. Бул мыйзам долбоорлору кабыл алынган учурда судьялардын иштерди кароо боюнча жүктөмү тең-бирдиктүү жана азаят деген үмүттөбүз.

Жарандык сот өндүрүшүндө мыйзамдуулукту одоно бузулушунан чыгарылган жеке аныктамалар боюнча:

Ошондой эле азыркы учурда соттордун кароосунда мамлекеттик мекемелер иш боюнча тарап катары, тактап айтканда доогер, жоопкер, кызыкдар жак катары чыккан учурлар көп кездешет.

Мында процесстик документтерди берүүнүн сапаты, ошондой эле мамлекеттик мекемелердин өкүлдөрүнүн катышуусунун деңгээли төмөн.

Кыргыз Республикасынын процесстик мыйзамдарынын талаптарында доо арызын, өтүнүчтөрдү, апелляциялык/кассациялык даттанууларды берүүнүн так тартиби, формасы жана мазмуну каралган.

Бирок, аталган документтерди берүүдө прокуратура жана мамлекеттик мекеме документтерди берүү тартибин сакташпайт, мисалы, кайсы мыйзам бузулганын жана доо/даттануу берүүнүн так себептерин көрсөтүшпөйт.

Доо арыздарын берүүдө мамлекеттик мекеменин өкүлдөрү тарабынан атайын ыйгарым укуктар камсыздаган ишеним кат тиркелбейт, ушуга байланыштуу доолордун, өтүнүчтөрдүн жана даттанууларды кемчиликтерин жоюу үчүн кайра кайтарылып берилет. Андыктан, айрым учурларда доо/даттануу мөөнөтүн өткөрүп жиберүүгө жана мамлекеттик бюджеттин ашыкча чыгымдарына алып келет.

Андан тышкары, ишке катышкан мамлекеттик мекеменин өкүлдөрү негизинен иштин жагдайлары менен жакшы тааныш эмес, иш боюнча мекеменин пикирин так айта албай жана негизинен ишти чечүүнү соттун кароосуна калтырат.

Ушуга байланыштуу, сот отурумдарына катышкан мамлекеттик мекемелерин кызматкерлерин сотто өз кызыкчылыгын коргоо жөнүндө окутуунун зарылдыгы бар деп эсептейм.

Акыркы мезгилде сот тутуму кабыл алынган сот актылары үчүн коом тарабынан чоң сынга алынып келет. Алардын айрымдары адилеттүү жана негиздүү. Ушуга байланыштуу мыйзам бузууларга жол бербестен, сот адилеттигин кесипкөй жана адилеттүү жүзөгө ашыруу зарыл.

Ал эми судья өзүнүн кесиптик милдеттерин ак ниет, адилет, жогорку кесиптик деңгээлде аткарууга тийиш экендигин белгилеп кеткимкелет. Судья өзүнүн кесиптик квалификациясын жогорулатуу менен дайыма алектенүүгө, сот адилеттигин жүзөгө ашыруу боюнча милдеттерди жүзөгө ашыруу үчүн зарыл болгон билимин жогорку деңгээлде кармап турууга милдеттүү.

Мыйзамдарда белгиленгендей, жарандык сот өндүрүшүнүн максаты юридикалык жактардын жана жарандардын бузулган же талашылып жаткан укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо гана эмес, мыйзамдуулукту, укук тартибин бекемдөөгө жана укук бузуулардын алдын алууга көмөк көрсөтүү болуп саналат.

Мында сот соттук териштирүүнүн жүрүшүндө мыйзамдуулуктун одоно бузулушу аныкталган учурда КР ЖПКнын 226-беренесине ылайык тиешелүү мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, алардын кызмат адамдарынын дарегине жеке аныктама чыгаруу боюнча ыйгарым укуктарга ээ.

2024-жылы жергиликтүү соттордун тарабынан: 142 жеке аныктама чыгарылган, ушуга байланыштуу соттор тарабынан жеке аныктамаларды кабыл алуу жана алардын аткарылышын көзөмөлдөө боюнча ишти күчөтүүсү зарыл (алардын ичинен 80ге жооптор алынган).

Жеке аныктамалардын толук аткарылбай калышынын жогорку пайызы (43,66%) органдар тарабынан кайталанган бузулуулардын пайда болушуна алып келет.

Усулдук жардам көрсөтүү жөнүндө:

Жарандык жана экономикалык иштер боюнча соттук коллегиясынын судьялар тарабынан 2024-жылы түздөн-түз сотторго баруу менен судьяларга усулдук жардам көрсөтүлгөн.

Усулдук жардам көрсөтүүдө жергиликтүү соттордо иш кагаздарын жүргүзүү боюнча Нускаманын талаптарын айрым бузуулар, атап айтканда эсептик карточкаларды жана тиешелүү журналдарды толтурбоо, документтердин тексттерин, анын ичинде соттордун чечимдерин жазуу боюнча Нускаманын талаптарына ылайык келбөөсү аныкталган. Буга байланыштуу иш кагаздарын мыйзамдарга ылайык келтирүү боюнча көрсөтмөлөр берилген.

Судьялар тарабынан укук ченемдерин колдонуу жана сот адилеттигин жүргүзүү боюнча жергиликтүү судьяларда пайда болгон маселелер боюнча түшүндүрмөлөр берилген.

Ошол эле учурда 2025-жылдын иш планына ылайык жергиликтүү сотторго усулдук жардам көрсөтүү да каралган, анын жыйынтыгы боюнча тиешелүү чаралар көрүлөт.

Укук колдонуу маселелери боюнча жүргүзүлгөн иштер:

2024-жылында жарандык жана экономикалык иштер боюнча соттук коллегиясы тарабынан «Айлана-чөйрөнү коргоо менен байланышкан жарандык иштерди кароодо мыйзамдарды колдонуунун кээ бир маселелери жөнүндө» Пленумдун токтому кабыл алынган, ал эми “Сот чечими жөнүндө» жана «Мамлекеттик алым жөнүндө” токтомдорго өзгөртүүлөр киргизилген.

Андан тышкары соттор тарабынан иштерди бирдей түрдө кароо максатында кээ бир жарандык мамилелер боюнча жалпылоолор өткөрүлгөн, алар:

1. Жумушчулук талаш-тартыштар менен байланышкан;
2. Көп бөлмөлүү турак-жайлардын үлүштүк курулушу менен байланышкан;
3. Айлана-чөйрөнү коргоо жана экономикалык иштерди кароо боюнча байланышкан.

Азыркы учурда коллегия тарабынан «Көп батирлүү турак жай курулушуна үлүштүк катышуу чөйрөсүндөгү талаш-тартыштарды кароого байланышкан иштер боюнча» жана “Эмгек талаштары менен байланышкан жарандык иштердин соттук тажрыйба” жөнүндө Пленумунун токтомдорун долбоорлору даярдалып, талкуулоодо турат жана аларды кабыл алуу жакынкы убакта ишке ашат деп ойлойбуз.

Андан сырткары Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленумунун мурда кабыл алынган 27 токтомдордун мыйзамдарга ылайыктуулугу жана актуалдуулугу кайра кароо пландалган, ал эми 2025-жылдын 1-жарым жылдыгында төмөнкүлөр токтомдор каралат:

- «Кыргыз Республикасынын сотторунда мамлекеттик алым боюнча мыйзамдардын колдонулушу жөнүндө»;
- «Жарандык иштерди соттук териштирүүгө даярдоо жөнүндө»;
- «Ар-намысты, кадыр-баркты жана ишкердик беделди коргоо боюнча соттук практикалар жөнүндө»;
- «Автотранспорт каражаттарына менчик укугун таануу боюнча иштердин соттук практикасы»;
- «Иш ордуна калыбына келтирүү боюнча соттук практика жөнүндө»;
- «Соттук чечими жөнүндө»;

- «Никени бузуу боюнча иштерде соттук практика жөнүндө»;
- «Мурас укугуна байланыштуу талаштарды кароодо жарандык иштер боюнча соттук практика»;
- «Юридикалык жактарды жана алардын филиалдарын жоюу боюнча соттук практика жөнүндө» жана башкалар.

Жогорудан сырткары, коллегия тарабынан соттук иштерди жана материалдарды кароонун жыйынтыгы боюнча, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленумдагы токтомдордо камтылбаган Кыргыз Республикасынын процесстик мыйзамдарын колдонуу маселелери боюнча жергиликтүү судьяларга бир нече түшүндүрмөлөр берилген.

Жогорку сотко түшкөн арыздар боюнча маалымат:

Маалымат катары, соттук коллегиясына 2024-жылы 787 кайрылуу келип түшкөн, анын ичинен 491 жарандардын кайрылуулары, 296 кат Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппаратынан, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинен, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнөн, министрликтерден жана ведомстволордон келип түшкөн. Бардык келип түшкөн даттануулар, каттар, кайрылууларга «Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө» мыйзамга ылайык жооп берилген.

Коллегиянын судьялары сот адилеттигин жүзөгө ашыруу менен гана чектелбестен, башка чөйрөлөрдө да активдүү катышышат.

Ошентип, судьялар А.А. Давлетов, Д.Э. Арстанбаева, М.П. Мельникова жана А.Дж. Мухамеджанов Илимий-кеңештин мүчөлөрү, судья К.К. Джунушпаев Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешинин төрагасы, судья А.К. Молдакунов Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешинин мүчөсү, судьялар А.А. Сейдакматова жана Н.М.Асанова Кыргыз Республикасынын сот адилеттиги иштери боюнча кеңешинин мүчөлөрү, судьялар А.А. Давлетов, Д.Э. Арстанбаева жана М.П. Мельникова Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна караштуу Сот адилеттигинин жогорку мектебинде лекторлор, судья Т.Т. Чаргынова Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленумунун катчысы болуп эмгектенет.

## Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун төрагасынын орун басары Н.Ж. Бакированын административдик иштер боюнча соттук коллегиянын 2024-жылдагы аткарган иштери жөнүндө маалыматы

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун административдик иштер боюнча соттук коллегиясынын 2024-жылдагы аткарган иштери жөнүндө маалыматты берүүгө уруксат этиңиздер.

2024-жылы административдик соттор тарабынан жалпысынан 6046 (100%) административдик иш (4711) жана соттук материалдар (1335) каралган, алардын ичинен 35,3% (2135 иш) апелляциялык тартипте даттанылып, кассациялык тартипте 17,8% (1079 иш) даттанылган.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун административдик иштер боюнча соттук коллегиясы кассациялык тартипте караган иштерге токтолсок.

Жалпы кассация иретинде 2024-жылы соттук коллегияга 1079 иш келип түшкөн, алардын ичинен административдик иштердин саны – 981, ал эми соттук материалдар - 98. Бул көрсөткүч былтыркыга салыштырмалуу 196 ишке азайган.

Каралган 981 административдик иштин ичинен: 800 иш боюнча соттук актылар күчүндө калтырылган, бул баардык каралган административдик иштердин 81,5% түзөт, 222 иш боюнча сот актылар бузулган же 22,6% түзөт.

Бузулган 222 иштердин ичинен 149 иш кайра кароого жөнөтүлгөн, 12 иш боюнча жаңы чечим кабыл алынган, 17 иш боюнча сот өндүрүшү токтотулган.

Категориялар боюнча карасак, эң эле көп иштер жер тилкесин берүү, алып коюу менен байланышкан мамлекеттик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын,

алардын кызмат адамдарынын чечимдерин толугу менен же айрым бөлүгүн, аракеттерин (аракетсиздигин) талашуу жөнүндөгү иштер, тагыраак айтканда каралганы - 545, салык талаштары боюнча иштер – 80, андан кийин мамлекеттик бийлик органдарынын жана алардын кызмат адамдарынын ченемдик эмес укуктук актыларын жокко чыгаруу жөнүндөгү талаштар боюнча - 67 иш, шайлоо иштери боюнча - 6 иш, сотто каралган аткаруу документтерин аткарууда сот аткаруучусунун токтомун жана аракетин (аракетсиздигин) талашуу жөнүндө иштери боюнча – 97 иш түзөт.

Жергиликтүү соттордун көрсөткүчтөрү боюнча статистикалык маалыматтарга токтолуп отурбастан, алардын жыйынтыгын жалпылап айтсак, көрүнүш төмөндөгүдөй.

Биринчи инстанциядагы соттордун көрсөткүчтөрүнө караганда, 2024-жылы Ош, Баткен жана Талас облустарынын административдик сотторунун күчүндө калтырылган иштердин саны жогорулаган, ал эми Бишкек шаарынын, Чүй жана Ысык-Көл облустарынын административдик сотторунун көрсөткүчтөрү төмөндөгөн.

Биринчи инстанциядагы соттордун судьяларынын көрсөткүчтөрүнө ылайык, кассациялык тартипте каралган иштер боюнча соттук актыларынын бекемделүүсү 87%-97% түзүп, жакшы ийгиликтерди жараткан судьяларга төмөнкүлөр кирген: Ош облусунун административдик сотунун судьясы Р.Калдыбаев, Бишкек шаарынын административдик сотунун судьясы А.Эшалиев, Баткен облусунун административдик сотунун судьясы Н.Атаканова, Жалал-Абад облусунун административдик сотунун судьялары Н.Нартаев жана Э.Колопов.

Ошону менен бирге эле, караган иштердин сапаты төмөн деген судьяларга: Ысык-Көл облусунун административдик сотунун судьясы А.Мамадалыев, Талас облусунун административдик сотунун судьясы С.Эргешов киришкен. Бул судьялар өздөрүнүн соттук актыларынын жокко чыгарылган себептерин карап, мыйзамдарды колдонуу боюнча бирдиктүү соттук тажрыйбаны иликтеп, өзүнүн соттук квалификациясын жогорулатуунун үстүнөн иштеп, ишти кароо сапатына көңүл бөлүүсү керек деп эсептейм.

Ал эми, апелляциялык инстанциядагы соттордун көрсөткүчтөрүнө караганда, 2024-жылы күчүндө калтырылган иштердин саны Баткен жана Ош облустук сотторунда жогоруласа, Талас жана Ысык-Көл облустук сотторунун көрсөткүчү төмөн бойдон калган.

Апелляциялык инстанциядагы соттордун судьяларынын көрсөткүчтөрүнө ылайык, кассациялык тартипте каралган иштер боюнча соттук актыларынын бекемделүүсү 80-86% түзүп, жакшы ийгиликтерди жараткан судьяларга Баткен облустук сотунун судьясы Б.Ибраимов жана Ош облустук сотунун судьясы Ж.Борончиева киришкен.

Ошону менен бирге, караган иштердин сапаты төмөн судьяларга Ысык-Көл облустук сотунун судьялары А.Абдраимов жана С.Кокшенова киришкен. Бул судьялар дагы өздөрүнүн үстүнөн иштөөсү керектигин белгилейм.

2024-жыл ичиндеги соттук актылардын жокко чыгарылышынын себептерине жана негиздерине жасалган анализге көңүлүңүздөрдү бургум келет.

Анализге ылайык, соттук актылардын жокко чыгарылышынын себептери жылдан-жылга кайталанууда, т.а. материалдык укук ченемдер туура эмес колдонулуп, процесстик укук ченемдер бузулуп, иштин жагдайлары толук изилденбей калган учурлар бар.

Кыргыз Республикасынын Административдик процесстик кодексинин 12-беренесинде көрсөтүлгөндөй, судьялар административдик иштерди кароодо активдүү ролду ойноп, талашты чечүүдө, мааниси бар баардык жагдайларды аныкташы керек. Ишке керектүү далилдерди процесстин катышуучуларынан талап кылуу менен эле чектелбестен, керектүү далилдерди өзү да тийиштүү түрдө тараптардан суратып алууга укуктуу.

Бирок, соттор аталган укуктук ченемди эске албай, иш үчүн бардык маанилүү болгон жагдайларды, фактыларды жана мыйзамдык аспекттерди өз алдынча аныктоо жана талдоо укугун толук колдонбой келишүүдө.

Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын АПКнин 32-беренесине ылайык, эгерде сот актысы белгилүү бир жактарга сөзсүз же түздөн-түз жайылтылса, анда сот бул жактарды үчүнчү жак катары процесске катыштыруу үчүн ишке тартуусу керек. Бирок соттор процесстик укук ченемдин бул талабын эске албай, тараптардын укуктарына жана мыйзамдуу кызыкчылыктарына таасирин тийгизген чечимдерди кабыл алган иштер бар.

Аткаруу документтерин аткарууда да сот аткаруучулардын токтомун жана аракетин (аракетсиздигин) талашуу жөнүндө иштер административдик сот өндүрүшүнө 2023-жылдын апрель айынан тартып өткөндүгүнө карабастан, соттор сот аткаруучунун кайсыл токтомдору жана аракети (аракетсиздиги) сотто даттанууга жаткандыгын айырмалай албай, арызды кайтарып койгон учурлар кездешүүдө.

Апелляциялык инстанциядагы соттордун соттук актыларынын бузулушунун себеби Кыргыз Республикасынын Административдик процесстик кодексинин 224, 226-беренелеринде көрсөтүлгөн ыйгарым укуктарын толук колдонбогондугу, т.а. административдик ишти биринчи инстанциядагы соттогу өндүрүштүн эрежелери боюнча карай турганын, жаңы фактыларды белгилөөгө жана жаңы далилдерди иликтөөгө, иштин материалдарында болгон далилдерге жаңы баа берүүгө укуктуу экенин эске албай, ишти кайтадан кароого жөнөткөндүгү. Мындай учурларды болтурбоо үчүн, апелляциялык инстанциядагы соттор биринчи инстанциядагы сот тарабынан кетирилген мүчүлүштүктөрдү жоюу менен бирге анын кемчиликтерин толуктап, мыйзамдуу жана негиздүү соттук акты кабыл алуусу керек.

Ал эми, Жогорку сот биринчи жана апелляциялык инстанциялардагы соттордун соттук актыларын жокко чыгарып, жаңы чечим кабыл алган соттук актыларынын негиздерине токтолсок, алар төмөндөгүдөй:

- административдик доогердин мыйзам менен корголуучу укугу жана кызыкчылыгы бузулгандыгын тастыктоочу далилдердин жоктугу;
- мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ыйгарым укуктарынын чегинде мыйзамдуу жана негиздүү актыларды кабыл албагандыгы, алардын компетенциясына кирген маселелерди өз убагында жана сапаттуу карабагандыгы;
- биринчи жана апелляциялык инстанциядагы соттордун административдик доо берүү мөөнөтү жүйөөсүз себептер менен калыбына келтирген аныктамалары жокко чыгарылып, сот өндүрүшүнүн токтотулгандыгы;
- административдик доогер кассациялык инстанцияда административдик доодон баш тарткандыктан, иш боюнча өндүрүш токтотулгандыгы;

Материалдык жана процесстик укук ченемдерди туура колдонууга багыт берүү үчүн каралган административдик иштер боюнча соттук коллегия тарабынан соттук тажрыйбаларды жалпылаштырылды. Мисалы:

- 2022-2023-жылдары боюнча соттор тарабынан Кыргыз Республикасынын АПКде белгиленген мөөнөттөрдү бузуу менен каралган иштерди талдоо жүргүзүлгөн;
- 2022-2023-жылдары боюнча биринчи жана апелляциялык инстанциялардагы соттордо административдик иштер боюнча өндүрүштү токтотуу маселелери боюнча соттук практика каралган;
- Жер мунапысына байланыштуу иштер боюнча соттук тажрыйбасын жалпылоо жүргүзүлгөн;

Эми, Жогорку сот тарабынан кассациялык даттанууну кайтаруунун себептерине токтолуп кетсек, жүргүзүлгөн талдоого ылайык кассациялык даттануулар (сунуштамалар) негизинен Кыргыз Республикасынын Административдик процесстик кодексинин 254-беренесинде каралган негиздер боюнча кайтарылып берилген, тактап айтсак кассациялык даттануу Кодексте белгиленген мөөнөт аяктагандан кийин берилгендигинен жана өткөрүп жиберилген мөөнөттү калыбына келтирүү тууралуу өтүнүчтүн жоктугунан, даттануу берүүдө мамлекеттик алымдын төлөнгөндүгү тууралуу далилдер тиркелбегендигинин же мамлекеттик алым толугу менен төлөнбөгөндүгүнөн болот. Айрым учурларда бир эле даттануу жогорудагы себептер боюнча бир нече жолу кайра кайтарылып, натыйжада кассациялык даттануу берүү мөөнөтүнүн бузулушуна алып келген. Ошондой эле, кассациялык даттанууну кайтаруунун дагы бир баса белгилей кетчү себеби бул ишеним каттардын туура эмес түзүлгөндүгү, т.а. Кыргыз Республикасынын АПКнин 31-беренесинде каралган атайын эскертилүүгө тийиш болгон өкүлдүн укуктары ишеним катта көрсөтүлбөй калгандыгы.

Аны менен бирге административдик иштер боюнча Жогорку сотко келип түшкөн даттанууларды кароодо жергиликтүү соттор тарабынан административдик иштерди кароо мөөнөтү бузулгандыгы аныкталууда. Иштерди кароо мөөнөтүн бузулгандыгына алып келген себептерин талдоо көрсөткөндөй, иштерди соттук териштирүүгө даярдоо боюнча процесстик

мыйзамдын талаптары соттор тарабынан сакталбагандыгы, соттук отурумга иш боюнча тараптар келбегендиги, тараптар соттук териштирүүнүн убактысы жана күнү жөнүндө тийиштүү түрдө кабардар болушкандыктары боюнча далилдер жок болгондугу, тараптардын соттук отурумду башка күнгө жылдыруу жөнүндө өтүнүчтөрү келтирилгендиги жана кээ бир учурларда иштин соттук териштирүүгө начар даярдалгандыгы менен байланыштуу. Бул боюнча жогоруда белгилеп кеткендей талдоо жүргүзүлүп, жергиликтүү сотторго жиберилди.

Дагы бир белгилеп кетчү жагдай, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун 2024-жылдын биринчи жарым жылдык иш планына ылайык, жергиликтүү соттордун судьяларына тажрыйбалык жана методикалык жардам көрсөтүү максатында соттук коллегиянын судьялары тарабынан административдик иштер боюнча жергиликтүү соттордун ишмердүүлүгү текшерилип, анын жыйынтыгында бир нече катачылыктарга жол берилгендиги аныкталган. Ал боюнча чогулуштар өткөрүлүп, аныкталган кемчиликтерди жоюуга бир топ сунуштар берилген.

Мындан тышкары, 2024-жылдын 4-чейрегинде соттук коллегия жергиликтүү соттордун судьяларынын кээ бир түшүнүксүз суроолорун чогулушта талкуулап, жыйынтыгында жергиликтүү соттордун төрагаларынын катышуулары менен тегерек стол өткөргөн.

Айрыкча 2024-жылы жер мунапысына жана администрациялык-аймактык реформага байланышкан иштерден келип чыккан суроолор абдан актуалдуу болгон.

Кыргыз Республикасынын Жогорку соту кассациялык тартипте караган мамлекеттик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, ошондой эле прокуратура тарабынан берилген административдик доолор боюнча иштерге кыскача сересеп жүргүзсөк.

Кээ бир учурда мамлекеттик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан берилген доолор мазмуну боюнча сапатсыз түзүлүп, доолор канааттандырыусуз калтырылган учурлар кездешет.

Сотко катышкан өкүлдөр процесске даярданбай келишет, керектүү документтерди, далилдерди сотко камсыз кылышпайт, соттук отурумдарга жүйөөсүз себептер менен келбей койгон дагы фактылар бар. Мындай учурларда ишти объективдүү кароо максатында отурумдарды башка күнгө жылдырууга соттор аргасыз болууда.

Соттор тарабынан мамлекеттик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызмат адамдарынын аракеттерин (аракетсиздигин) талашуу жөнүндө иштерин кароодо алардын тийиштүү Жоболорунда бекитилген ыйгарым укуктарына ылайык иш жүргүзбөгөндүгү аныкталууда.

Бул жагдайлар 2024-жылы жергиликтүү соттор тарабынан 99 жеке аныктама (*административдик соттор – 86, Бишкек шаардык жана облустук соттор - 13*) чыгарылгандыгы жана 43 аныктаманын негизинде айып пулдар салынгандыгы менен далилденет.

Андыктан мамлекеттик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары мыйзамдын үстөмдүгүн, инсандын, коомдун жана мамлекеттин мыйзам менен корголуучу кызыкчылыктарынын сакталышын камсыз кылуу аракетин күчөтүүсү керек.

Прокуратура органдары тарабынан дагы берилген административдик доолорду кароодо мүчүлүштүктөр бар. Мисалга алсак, прокуратура органы мыйзам бузууларды кеч аныктап, сотко административдик доо берүү мөөнөтүн өткөрүп кайрылууда. Ошондой эле, кээ бир административдик доолор Кыргыз Республикасынын Административдик процесстик кодексинин 42-беренесинде көрсөтүлгөн чөйрөсү аныкталбаган жактардын укуктарын, эркиндиктерин, мыйзам менен корголуучу кызыкчылыктарын, ошондой эле мамлекеттик же коомдук кызыкчылыктары жок учурда дагы негизсиз себептер менен айрым жарандардын кызыкчылыктарын коргоп, доо келтирген учурлар кездешүүдө. Ошондуктан прокуратура органдары жогорудагы кемчиликтерди болтурбоонун алдын алуу боюнча иш-аракеттерди жүргүзүүсү керек.

Жыл ичинде соттук коллегиянын судьялары жана консультанттарынын аткаруусуна мамлекеттик жана жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарынан, жарандардан жана юридикалык жактардан 121 арыздар жана кайрылуулар келип түшүп, аларга мыйзамда белгиленген мөөнөттө жооптор даярдалган.

Мындан тышкары, Жогорку соттун соттук статистиканы анализдөө бөлүмү берген

маалыматына караганда, 2024-жылы жергиликтүү соттор боюнча Сот Департаменти берген отчетко ылайык, Жогорку соттун эсептик счетуна 3 028 628 сом мамлекеттик алым түшкөн (соттук иштер боюнча түшкөн алымдар).

Административдик иштер боюнча соттук коллегиясынын судьялары жергиликтүү соттор кабыл алган соттук актыларга келип түшкөн кассациялык даттанууларды (сунуштамаларды) кароо менен гана чектелбестен башка иш-чараларга да активдүү катышууда. Аларды белгилеп өтсөк.

Жогорку сот Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык, өзүнө тиешелүү маселелер боюнча мыйзам чыгаруу демилге укугуна, анын карамагындагы маселелер боюнча мыйзамдарды өркүндөтүү боюнча сунуштарды иштеп чыгууга болгон укугун пайдаланып соттук коллегиянын судьялары Кыргыз Республикасынын Административдик-процесстик кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүүгө активдүү катышышты.

Соттук коллегиянын бир судьясы Кыргыз Республикасынын сот адилеттиги иштери боюнча Кеңешинде, ал эми 4 судьясы Илимий-консультациялык Кеңеште мүчө болуп иш алып барышат.

Учурдан пайдаланып, Илимий-консультациялык Кеңештин административдик укук маселелери боюнча секциясы бүгүнкү күндө өз багытында тынымсыз иштеп келгендигин, жыл аралыгында бир нече жолу чогулуштарды өткөзүп, административдик иштерди кароодо келип чыккан кээ бир маселелер боюнча талкуу жүргүзүшкөндүгүн белгилейм.

Эл аралык уюмдар, анын ичинде жакынкы жана алыскы чет элдик соттор менен тыгыз карым-катнаш түзүү боюнча соттук коллегиянын судьялары көптөгөн семинарларга жана конференцияларга катышып келишти.

Алардын ичинен белгилей кетсек, Берлин, Астана, Алматы жана Ташкент шаарларында өткөрүлгөн конференцияларда административдик юстициянын өнүгүшү тууралуу баяндамалар жасалып, административдик өндүрүштөгү актуалдуу маселелер көтөрүлгөн.

Ошондой эле, 2024-жылы Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун жана Сот адилеттигинин жогорку мектебинин демилгеси менен уюштурулган тегерек столго Азербайджан Республикасынын Жогорку сотунун судьясы С.Керимов чакырылып, анда эки өлкөнүн административдик иштерди кароодогу тажрыйбалары талкууланган.

Муну менен катар, соттук коллегиянын судьялары 2024-жылы өткөзүлгөн сот системасынын 100-жылдык мааракесин уюштурууга дагы өз салымдарын кошушту.

Дагы бир белгилей кетчү жагдай, соттук коллегиянын судьялары Сот адилеттигинин жогорку мектеби менен тыгыз иштешүүдө. Мисалга ала турган болсок, коллегиянын судьялары жыл аралыгында дайындалган окуу куралдарына эксперттик корутундуларды беришти. Ошондой эле, жергиликтүү соттордун судьяларынын квалификацияларын жогорулатуу жана жаңы дайындалган судьялардын кесиптик багыттагы билим берүү максатында Сот адилеттигинин жогорку мектебинде административдик иштерди кароонун кээ бир өзгөчөлүктөрү жана процессуалдык нормаларды колдонуунун талаптары боюнча бир нече темада лекцияларды окушат.

Баарыбызга белгилүү болгондой, административдик юстициянын башкы максаты – жарандардын укуктарын жана эркиндиктерин мамлекеттик жана жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарынын, алардын кызмат адамдарынын мыйзамсыз аракеттеринен (аракетсиздигинен) коргоо болуп саналат.

Соттор бул багытта мамлекеттик органдардын мыйзамсыз иш-аракеттерин, анын ичинде кызмат адамдарынын мыйзамсыз чечимдерин жокко чыгарып, жарандардын укуктарын чектөөчү аракеттерди токтотуп, мыйзамдын үстөмдүгүн камсыз кылууну улантып, өнүккөн өлкөлөрдүн иш-тажрыйбалары менен таанышып, биздин мамлекетибиздеги административдик юстициянын келечегин жакшыртуу боюнча бир топ аракеттерди жасашууда.

Жалпысынан биздин мамлекетибиздин административдик юстициясы өнүгүү жолунда болгондуктан, мезгилдин талабына жооп берген өзгөртүүлөрдү мыйзамдарга киргизүү абзел.

Мисалы: бүгүнкү күндө Казахстан Республикасында эффективдүү иштеп жаткан мамлекеттик органдарды баалоо индикаторун биздин системага дагы киргизүү керек деп эсептейм. Анткени, бул индикатор мамлекеттик органдардын ишинин натыйжалуулугун,

анын ичинде жол-жоболордун талаптарынын сакталышын, системдик түрдө одоно мыйзам бузуулары болгондугун аныктоого мүмкүндүк түзөт.

Ушул сыяктуу административдик юстициянын ишин өркүндөтүүгө байланышкан сунуштар жергиликтүү соттордун судьяларынан дагы келип түшүүдө. Бул сунуштарды талкуулап, Жогорку соттун мыйзам чыгаруу демилгеси бар экенин эске алуу менен быйылкы жылы АПКга тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча иш алып баруубуз зарыл.

Сөзүмдүн аягында, үстүбүздөгү жылы соттук коллегия иш планга жана “Кыргыз Республикасынын Жогорку соту жана жергиликтүү соттору жөнүндө” конституциялык Мыйзамынын талабына ылайык иш алып барганын белгилеп, 2025-жылы пландалган иш-чараларды аткарууга жана сот адилеттигин жүзөгө ашыруунун сапатын жогорулатууга мындан ары дагы аракетин жумшаарын билдирем.

## Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун 2024-жылдагы иши боюнча маалымат (2023-жылга салыштырмалуу)

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 98-беренесине ылайык Жогорку соту сот бийлигинин эң жогорку органы болуп саналат жана жарандык, жазык, экономикалык, административдик жана башка иштер боюнча сот процессинин катышуучуларынын кайрылуулары боюнча мыйзамда аныкталган тартипте сот чечимдерин кайра кароону жүзөгө ашырат. Жогорку соттун Пленуму сот тажрыйбасынын маселелери боюнча түшүнүк берет.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун соттук коллегияларынын статистикалык маалыматтары боюнча 2024-жылы каралган соттук иштер төмөндөгүдөй мүнөздө маалымданат.

Кассациялык инстанциядагы сотко соттук иштердин жана соттук материалдардын келип түшүшү жана каралышы:

Кассациялык инстанциядагы сотко соттук иштердин келип түшүшү:

2024-жылы Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна кассациялык тартипте 6455 соттук иш түшкөн (2023-ж. – 5545), 2023-жылга салыштырмалуу 16,41% көбөйгөн, алардын ичинен:

- 1111 кылмыш иш (2023-ж. - 1106), 0,45% көбөйгөн;
- 4207 жарандык жана экономикалык иш (2023-ж. - 3244), 29,69% көбөйгөн;
- 1137 административдик иш (2023-ж. - 1189), 4,37% төмөндөгөн;
- (2023-жылы 6 жоруктар жөнүндө иш).

Кассациялык инстанциядагы сотко соттук материалдардын келип түшүшү:

Отчёттук мезгил ичинде 1374 соттук материалдар түшкөн. 2023-жылы 1820 соттук материалдар түшкөн, б.а. 2024-жылы 24,51% аз түшкөн, алардын ичинен:

- 511 кылмыш иштер боюнча материал (2023-ж. - 454), 12,56% көбөйгөн;
- 233 жаңы же кайтадан ачылган жагдайлар боюнча материал (2023-ж. – 646) 63,93% төмөндөгөн;
- 490 жарандык жана экономикалык иштер боюнча материал (2023-ж. - 634), 22,71% төмөндөгөн;
- 140 административдик иштер боюнча материал (2023-ж. - 86), 62,79% көбөйгөн.

Кассациялык инстанциядагы сот тарабынан соттук иштердин каралышы:

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун соттук коллегиялары тарабынан 2024-жылы 4656 соттук иш каралган (2023-ж. – 4787), 2023-жылга салыштырмалуу 2,74% төмөндөгөн, алардын ичинен:

- 1018 кылмыш иш (2023-ж. - 1069), 4,77% төмөндөгөн;

- 2656 жарандык жана экономикалык иш (2023-ж. - 2785), 4,63% төмөндөгөн;
- 981 административдик иш (2023-ж. - 933), 5,14% көбөйгөн;
- 1 жоруктар жөнүндө иш.

Кассациялык инстанциядагы сот тарабынан соттук материалдардын каралышы:

Кыргыз Республикасынын Жогорку соту тарабынан 2024-жылы 1145 соттук материал каралган (2023-ж. – 1572), 2023-жылга салыштырмалуу 27,16% төмөндөгөн, алардын ичинен:

- 467 кылмыш иштер боюнча материал (2023-ж. - 400), 16,75% көбөйгөн;
- 180 жаңы же кайтадан ачылган жагдайлар боюнча материал (2023-ж. - 539), 66,60% төмөндөгөн;
- 400 жарандык жана экономикалык иштер боюнча материал (2023-ж. - 571), 29,95% төмөндөгөн;
- 98 административдик иштер боюнча материал (2023-ж. - 62), 2023-жылга салыштырмалуу 58,06% көбөйгөн.

## Кассациялык инстанциядагы сот тарабынан кылмыш иштердин жана кылмыш иштер боюнча соттук материалдардын каралышы

Кылмыш иштердин каралышы

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун кылмыш-жаза иштери боюнча соттук коллегиясы тарабынан 2024-жылы 1335 адамга карата 1018 кылмыш иши каралган, мурунку отчёттук мезгилге салыштырмалуу 4,77% аз иш каралган (2023-ж. – 1398 адамга карата 1069 иш).

776 (2023-ж. – 799) кассациялык даттануулардын ичинен канааттандырылганы - 267 (2023-ж. – 331), 2,88% төмөндөгөн.

240 (2023-ж. – 260) прокурордун сунуштарынан канааттандырылганы - 114 иш (2023-ж. - 113), 7,69% төмөндөгөн.

2 иш боюнча кассациялык өндүрүш кыскартылган (2023-ж. - 10), 2023-жылга салыштырмалуу 80% төмөндөгөн.

142 адамга карата 92 иш кассациялык тартипте даттанылган (2023-ж. – 117 адамга карата 91 иш), анын ичинен:

- 113 адамга карата же 79,58% I жана II-инстанциялардын өкүмдөрү күчүндө калтырылган (2023-ж. – 87 же 74,36%);
- 29 адамга карата же 20,42% I жана II-инстанциялардын өкүмдөрү жокко чыгарылган (2023-ж. – 29 же 24,79%);
- (2023-жылы 1 адамга карата же 0,85% II-инстанциянын өкүмү өзгөртүлгөн).

Кассациялык даттануунун жыйынтыгы боюнча жергиликтүү соттор тарабынан каралган кылмыш иштердин сапаты (адамга карата):

2024-жылы жалпысынан 1335 адамга карата соттук актылар даттанылган (2023-ж. - 1398), 2023-жылга салыштырмалуу 4,51% төмөндөгөн.

762 адамга карата чыгарылган биринчи инстанциянын соттук актылары даттанылган (2023-ж. - 653), 2023-жылга салыштырмалуу 16,69% көбөйгөн, алардын ичинен:

- 451 адамга карата же 59,19% күчүндө калтырылган (2023-ж. – 362 же 55,44%);
- 182 адамга карата же 23,88% жокко чыгарылган (2023-ж. – 138 же 21,13%);
- 129 адамга карата же 16,93% өзгөртүлгөн (2023-ж. – 153 же 23,43%).

562 адамга карата чыгарылган апелляциялык инстанциянын соттук актылары даттанылган (2023-ж. - 736), 2023-жылга салыштырмалуу 23,64% төмөндөгөн, алардын ичинен:

- 360 адамга карата же 64,06% күчүндө калтырылган (2023-ж. – 452 же 61,41%);
- 136 адамга карата же 24,20% жокко чыгарылган (2023-ж. – 160 же 21,74%);

- 66 адамга карата же 11,74% өзгөртүлгөн (2023-ж. – 124 же 16,85%).
- 11 адамга карата кассациялык өндүрүш кыскартылган (2023-ж. – 9), 2023-жылга салыштырмалуу 22,22% көбөйгөн.

Кассациялык тартипте каралган кылмыш иштердин негизги категориялары:

Менчикке каршы кылмыштар боюнча - 302 иш же 29,67% (2023-ж. - 325 же 30,40%), 2023-жылга салыштырмалуу 7,08% төмөндөгөн, алардын ичинен:

- КРнын КЖКнин 209-бер. (алдамчылык) - 179 (2023-ж. – 171), 4,68% көбөйгөн;
- КРнын КЖКнин 205-бер. (уурдоо) - 23 (2023-ж. - 39), 41,03% төмөндөгөн;
- КРнын КЖКнин 207-бер. (каракчылык) - 20 (2023-ж. - 25), 20% төмөндөгөн;
- КРнын КЖКнин 210-бер. (ишенип берилген мүлктү ыйгарып алуу же коротуу) - 20 (2023-ж. - 24), 16,67% төмөндөгөн;
- башка кылмыштар - 60 (2023-ж. - 66), 9,09% төмөндөгөн.

Өмүргө же ден соолукка каршы кылмыштар боюнча - 144 иш же 14,15% (2023-ж. - 146 же 13,66%), 2023-жылга салыштырмалуу 1,37% төмөндөгөн, алардын ичинен:

- КРнын КЖКнин 122-бер. (киши өлтүрүү) - 62 (2023-ж. – 57), 8,77% көбөйгөн;
- КРнын КЖКнин 130-бер. (ден соолукка оор зыян келтирүү) - 36 (2023-ж. - 34), 5,88% көбөйгөн;
- башка кылмыштар - 46 (2023-ж. - 55), 16,36% төмөндөгөн.

Мамлекеттик жана муниципалдык кызматтык кызыкчылыктарына каршы коррупциялык же башка кылмыштар боюнча - 149 иш же 14,64% (2023-ж. – 139 же 13%), 2023-ж. салыштырмалуу 7,19% көбөйгөн, алардын ичинен:

- КРнын КЖКнин 337-бер. (кызмат абалынан кыянаттык менен пайдалануу) - 66 (2023-ж. - 65), 1,54% көбөйгөн;
- КРнын КЖКнин 343-бер. (опузалап пара алуу) - 18 (2023-ж. - 11), 63,64% көбөйгөн;
- КРнын КЖКнин 338-бер. (бийликтен аша чабуу) - 8 (2023-ж. – 7), 14,29% көбөйгөн;
- башка кылмыштар – 57 (2023-ж. - 56), 1,79% көбөйгөн.

Баңгизат каражаттарын, психотроптук заттарды, алардын аналогдорун жана прекурсорлорун жүгүртүү чөйрөсүндөгү кылмыштар боюнча - 104 иш же 10,22% (2023-ж. – 124 же 11,60%), 2023-жылга салыштырмалуу 16,13% төмөндөгөн, алардын ичинен:

- КРнын КЖКнин 282-бер. (баңгизат каражаттарын, психотроптук заттарды жана алардын аналогдорун сатып өткөрүү максатында мыйзамсыз даярдоо) - 80 (2023-ж. - 89), 10,11% төмөндөгөн;
- КРнын КЖКнин 283-бер. (баңгизат каражаттарын, психотроптук заттарды жана алардын аналогдорун сатып өткөрүү максатысыз мыйзамсыз даярдоо) - 21 (2023-ж. – 30), 30% төмөндөгөн;
- башка кылмыштар - 3 (2023-ж. - 5), 40% төмөндөгөн.

Кылмыш иштери боюнча соттук материалдардын каралышы:

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун кылмыш иштер боюнча соттук коллегиясы тарабынан 2024-жылы 467 соттук материал караган (2023-ж. – 400), мурунку отчёттук мезгилге салыштырмалуу 16,75% көп каралган.

Жаңы же кайтадан ачылган жагдайлар боюнча 180 соттук материал каралган (2023-ж. - 539), 66,60% аз каралган, алардын ичинен:

- канааттандырылганы – 81 (2023-ж. - 438);
- канаттандыруусуз калтырылганы – 99 (2023-ж. - 101).

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун кылмыш иштер боюнча соттук коллегиясы тарабынан 1 жоруктар жөнүндө иш каралган.

Кылмыш-жаза иштери боюнча соттук коллегиясынын судьясынын иш жүктөмү:

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун кылмыш иштер боюнча соттук коллегиясынын судьясынын 2024-жылда орточо эсеп менен 1 айга болгон иш жүктөмү төмөндөгүнү түзгөн:

- кылмыш иштер - 9,4;
- соттук материалдар - 6.

Жалпысынан судьянын 1 айга болгон иш жүктөмү 15,4 ишти түзгөн.

(2023-жылга салыштырмалуу 1 айга болгон иш жүктөмү: кылмыш иштер боюнча – 9,9; соттук материалдар боюнча – 8,6; жалпы - 18,5 ишти түзгөн).

**Кассациялык инстанциядагы сот тарабынан жарандык, экономикалык иштердин жана соттук материалдардын каралышы**

Жарандык жана экономикалык иштердин каралышы

2024-жылы Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун жарандык жана экономикалык иштер боюнча соттук коллегиясы тарабынан кассациялык тартипте 2656 иш каралган, 2023-жылга салыштырмалуу 4,63% аз каралган (2023-ж. - 2785).

Кассациялык даттануунун жыйынтыгы боюнча жергиликтүү соттор тарабынан каралган жарандык жана экономикалык иштердин сапаты:

2024-жылы даттанылган соттук актылар:

1) биринчи инстанциядагы соттор - 1554 же 58,51% (2023-ж. – 1528 же 54,87%), 2023-жылга салыштырмалуу 1,7% көбөйгөн, алардын ичинен:

- күчүндө калтырылганы - 1101 же 81,56% (2023-ж.– 1096 же 79,77%);
- жокко чыгарылганы - 242 же 17,93% (2023-ж. – 270 же 19,65%);
- өзгөртүлгөнү - 7 же 0,52% (2023-ж. – 8 же 0,58%);
- мөөнөтүн калыбына келтирүүдөн баш тартылганы - 204 (2023-ж. – 154).

2) апелляциялык инстанциядагы соттор – 1102 же 41,49% (2023-ж. – 1257 же 45,13%) 2023-жылга салыштырмалуу 12,33% төмөндөгөн, алардын ичинен:

- күчүндө калтырылганы - 670 же 73,30% (2023-ж.– 763 же 67,46%);
- жокко чыгарылганы - 235 же 25,71% (2023-ж. – 361 же 31,92%);
- өзгөртүлгөнү - 9 же 0,98% (2023-ж. – 7 же 0,62%);
- мөөнөтүн калыбына келтирүүдөн баш тартылганы - 188 (2023-ж. – 126).

Кассациялык тартипте каралган жарандык жана экономикалык иштердин негизги категориялары:

Бүтүмдөрдү жарактуу/жараксыз деп таануу – 566 иш же 25% (2023-ж. – 516 же 20,60%), 2023-жылга салыштырмалуу 9,69% көбөйгөн.

Карызды өндүрүү – 369 иш же 16,30% (2023-ж. - 293 же 11,70%), 25,94% көбөйгөн.

Эмгек талаштары - 202 иш же 8,92% (2023-ж. - 248 же 9,90%), 18,55% төмөндөгөн, алардын ичинен:

- мурунку жумушуна кайрадан калыбына келтирүү – 143 иш же 6,32% (2023-ж. – 173 же 6,91%), 17,34% төмөндөгөн;

Үй-бүлөлүк мамилелерден келип чыккан иштер - 180 иш же 7,95% (2023-ж. - 212 же 8,46%), 15,09% төмөндөгөн.

Турак жайдан чыгаруу – 155 иш же 6,85% (2023-ж. - 188 же 7,50%), 17,55% төмөндөгөн.

Мурастоо укуктары боюнча – 94 иш же 4,15% (2023-ж. – 135 же 5,39%), 30,37% төмөндөгөн.

Материалдык зыяндын ордун толтуруу - 96 иш же 4,24% (2023-ж. - 118 же 4,71%), 18,64% төмөндөгөн.

Жарандык жана экономикалык иштер боюнча соттук материалдардын каралышы:

2024-жылы 400 жарандык жана экономикалык иштер боюнча соттук материалдар каралган, 2023-жылга салыштырмалуу 29,95% аз каралган (571 материал).

Жарандык иштер боюнча соттук коллегиясынын судьясынын иш жүктөмү:

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун жарандык иштер боюнча соттук коллегиясынын судьясынын 2024-жылда орточо эсеп менен 1 айга болгон иш жүктөмү төмөндөгүнү түзгөн:

- жарандык жана экономикалык иштер - 15,8;
- соттук материалдар – 2,4;

Жалпысынан судьянын 1 айга болгон иш жүктөмү 18,2 ишти түзгөн.

(2023-жылга салыштырмалуу бир айга болгон иш жүктөмү: жарандык жана экономикалык иштер – 16,6; соттук материалдар – 3,4; жалпы – 20 ишти түзгөн).

## Кассациялык инстанциядагы сот тарабынан административдик иштердин жана соттук материалдардын каралышы

Административдик иштердин каралышы:

2024-жылы 981 административдик иштер каралган, 2023-жылга салыштырмалуу 5,14% көбөйгөн (2023-ж. – 933).

Кассациялык даттануунун жыйынтыгы боюнча жергиликтүү соттордун караган административдик иштеринин сапаты

2024-жылы даттанылган соттук актылар:

1) биринчи инстанциядагы соттор – 710 же 72,38% (2023-ж.– 659 же 70,63%), 2023-жылга салыштырмалуу 7,74% көбөйгөн, алардын ичинен:

- күчүндө калтырылганы - 565 же 79,58% (2023-ж.– 550 же 83,84%);
- жокко чыгарылганы - 144 же 20,28% (2023-ж. – 106 же 16,16%);
- өзгөртүлгөнү – 1 же 0,14%;
- (2023-жылы кассациялык даттануунун кароосуз калтырылганы – 3).

2) апелляциялык инстанциядагы соттор - 271 же 27,62% (2023-ж. – 274 же 29,37%), 2023-жылга салыштырмалуу 1,09% төмөндөгөн, алардын ичинен:

- күчүндө калтырылганы - 193 же 71,22% (2023-ж. – 176 же 64,23%);
- жокко чыгарылганы - 78 же 28,78% (2023-ж. – 98 же 35,77%).

Кассациялык тартипте каралган административдик иштердин негизги категориялары

Жер тилкелери боюнча кабыл алынган административдик актыны же административдик органдын аракеттерин (аракетсиздигин) толук же бир бөлүгүн талашуу - 545 иш же 55,56% (2023-ж. – 581 же 62,68%), 6,20% төмөндөгөн.

Административдик органдын административдик актысын толук же бир бөлүгүн жараксыз деп таануу - 67 иш же 6,83% (2023-ж. – 53 же 5,72%), 26,42% көбөйгөн.

Административдик органдын аракеттерин (аракетсиздиктерин) толук же бир бөлүгүн жараксыз деп таануу – 72 иш же 7,34% (2023-ж. – 31 же 3,34%), 132,26% көбөйгөн, б.а. эки эсе көп.

Административдик иштер боюнча соттук материалдарын каралышы:

2024-жылы Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун административдик иштер боюнча соттук коллегиясы тарабынан 98 административдик иштер боюнча соттук материалдар каралган (2023-ж. – 62), 2023-жылга салыштырмалуу 58,06% көп каралган.

Административдик иштер боюнча соттук коллегиясынын судьясынын иш жүктөмү

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун административдик иштер боюнча соттук коллегиясынын судьясынын 2024-жылда орточо эсеп менен 1 айга болгон иш жүктөмү төмөндөгүнү түзгөн:

- административдик иштер – 11,7;
- соттук материалдар – 1,2.

Жалпысынан судьянын 1 айга болгон иш жүктөмү 12,9 ишти түзгөн.

(2023-жылга салыштырмалуу бир айга болгон иш жүктөмү: административдик иштер – 13, соттук материалдар – 0,9, жалпысынан – 13,9 ишти түзгөн).

**Маалымат Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун соттук статистиканы анализдөө сектору тарабынан даярдалды**

## Кыргыз Республикасынын сотторунун 2024-жылы каралган иштери боюнча маалымат (2023-жылга салыштырмалуу) *Жергиликтүү соттор*

“Кыргыз Республикасынын Жогорку соту жана жергиликтүү соттор жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Конституциялык Мыйзамынын 32-беренесине ылайык Кыргыз Республикасынын жергиликтүү сотторунун тутумун төмөндөгүлөр түзөт: биринчи инстанциядагы соттор: райондук соттор, административдик соттор, шаардагы райондук соттор, шаардык соттор; экинчи инстанциядагы соттор: облустук соттор, Бишкек шаардык соту.

Райондук соттор, шаарлардагы райондук соттор, шаардык соттор жана административдик соттор алардын компетенциясына таандык болгон сот иштерин карашып, биринчи инстанциядагы сот катары иш-аракеттерди жүргүзүшөт.

Облустук соттор, Бишкек шаардык соту алардын компетенциясына таандык болгон сот иштерин апелляциялык даттануу арыздар, прокурордун сунушу боюнча карашып, экинчи инстанциядагы сот катары иш-аракеттерди жүргүзүшөт.

Соттук иштердин биринчи инстанциядагы сотторго келип түшүүсү:

2024-жылы биринчи инстанциядагы сотторго 183 066 иш келип түштү, бул 2023-жылга салыштырмалуу 38,14% көбөйгөн (2023-ж. - 132 523), алардын ичинен:

- 10 259 кылмыш иши (2023-жылы 10 135), бул 1,22% көбөйгөн;
- 30 857 укук бузуулар боюнча иш (2023-жылы 26 130), бул 18,09% көбөйгөн;
- 137 299 жарандык жана экономикалык иш (2023-жылы 91 986), бул 49,26% көбөйгөн;
- 4651 административдик иш (2023-жылы 4272), бул 8,87% көбөйгөн.
- 

Соттук материалдардын биринчи инстанциядагы сотторго келип түшүүсү:

2024-жылы биринчи инстанциядагы сотторго 67 997 материал келип түштү, бул 2023-жылга салыштырмалуу 2,85% көбөйгөн (2023-ж. - 66 111), алардын ичинен:

- 5870 кылмыш иши боюнча материал (2023-ж. - 5086), бул 15,41% көбөйгөн;
- 241 кылмыш сот өндүрүшү тартибинде карала турган жаңы жана кайтадан ачылган жагдайлар боюнча материал (2023-ж. - 1031), бул 76,62% төмөндөгөн;
- 34 245 сотко чейинки өндүрүш боюнча материал (2023-ж. - 37 419), бул 8,48% төмөндөгөн;
- 2208 укук бузуулар боюнча материал (2023-ж. - 858), бул 157,3% көбөйгөн, башкача айтканда эки эсе көбөйгөн;
- 24 108 жарандык жана экономикалык иштер боюнча материал (2023-ж. - 20 702), бул 16,45% көбөйгөн;
- 1324 административдик иштер боюнча материал (2023-ж. - 980), бул 35,10% көбөйгөн;

- 1 жоруктар жөнүндөгү жаңы же кайтадан ачылган жагдайлар боюнча материал (2023-ж. 3);
- (2023-жылы 32 материал бузуулар боюнча).
-

Биринчи инстанциядагы сотторго соттук иштердин жана материалдардын жалпы түшүүсү:

2024-жылы сотторго 251 063 иш жана материалдар келип түшкөн, бул 2023-жылга салыштырмалуу 26,39% көбөйгөн (198 634).

Соттук иштердин биринчи инстанциядагы соттордо каралышы:

2024-жылы биринчи инстанциядагы соттор 178 412 ишти карап чыкты, бул 2023-жылга салыштырмалуу 34,44% көбөйгөн (2023-ж. - 132 703), алардын ичинен:

- 10 155 кылмыш иши (2023-ж. - 10 612), бул 4,31% төмөндөгөн;
- 30 804 укук бузуулар боюнча иш (2023-ж. - 25 955), бул 18,68% көбөйгөн;
- 132 742 жарандык жана экономикалык иш (2023-ж. - 91 540), бул 45,01% көбөйгөн;
- 4711 административдик иш (2023-ж. - 4590), бул 2,64% көбөйгөн;
- (2023-жылы 6 иш жоруктар боюнча иш).

Соттук материалдардын биринчи инстанциядагы соттордо каралышы:

2024-жылы соттор 68 519 соттук материалды карап чыгышты, бул 2023-жылга салыштырмалуу 4,07% көбөйгөн (2023-ж. - 65 837), алардын ичинен:

- 5934 кылмыш иштер боюнча материал (2023-ж. - 5152), бул 15,18% көбөйгөн;
- 243 кылмыш сот өндүрүшү тартибинде карала турган жаңы же кайтадан ачылган жагдайлар боюнча материал (2023-ж. - 1053), бул 76,92% төмөндөгөн;
- 34 245 сотко чейинки өндүрүш боюнча материал (2023-ж. - 37 413), бул 8,47% төмөндөгөн;
- 1 жоруктар жөнүндөгү жаңы же кайтадан ачылган жагдайлар боюнча материал (2023-ж. - 2);
- 2381 укук бузуулар боюнча материал (2023-ж. - 847), бул 181,11% көбөйг-н, башкача айтканда эки эсе көбөйгөн;
- 24 380 жарандык жана экономикалык иштер боюнча материал (2023-ж. - 20 354), бул 19,78% көбөйгөн;
- 1335 административдик иштер боюнча материал (2023-ж. - 985), бул 35,53% көбөйгөн;
- (2023-жылы  бузуулар боюнча 31 материал).

Жалпы каралган соттук иштер жана материалдар:

2024-жылы биринчи инстанциядагы соттордо 246 931 иш жана материал каралды, бул 2023-жылга салыштырмалуу 24,37% көбөйгөн (2023-ж. - 198 540).

**Биринчи инстанциядагы соттордун  соттук иштерин аймактар боюнча кароосу**

| №№ | Аймак | Жыл | Кылмыш иштери | Укук бузуулар боюнча иштери | Жарандык иштери | Административдик иштери | Жоруктар жөнүндөгү иштери |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Бишкек шаары | 2024 | 3026 | 9575 | 48 768 | 1553 | |
| | | 2023 | 3367 | 7670 | 27 201 | 1442 | |
| 2 | Чүй облусу | 2024 | 2183 | 3933 | 24 717 | 944 | |
| | | 2023 | 2525 | 3815 | 17 875 | 886 | 4 |
| 3 | Ош облусу | 2024 | 1825 | 5097 | 19 383 | 745 | |
| | | 2023 | 1574 | 4318 | 15 155 | 791 | |
| 4 | Жалал-Абад облусу | 2024 | 1320 | 3557 | 15 742 | 643 | |
| | | 2023 | 1186 | 3152 | 12 200 | 634 | 1 |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **5** | Ысык-Көл облусу | 2024 | 775 | 3286 | 10 285 | 329 | |
| | | 2023 | 779 | 2829 | 8720 | 349 | |
| **6** | Баткен облусу | 2024 | 457 | 2098 | 4629 | 186 | |
| | | 2023 | 526 | 1484 | 3591 | 257 | 1 |
| **7** | Нарын облусу | 2024 | 288 | 2082 | 5838 | 138 | |
| | | 2023 | 290 | 1525 | 4209 | 107 | |
| **8** | Талас облусу | 2024 | 281 | 1176 | 3380 | 173 | |
| | | 2023 | 365 | 1162 | 2589 | 124 | |

### Биринчи инстанциядагы соттордун соттук материалдарын аймактар боюнча кароосу

| **№№** | **Аймак** | **Жыл** | **Кылмыш иштер боюнча** | **Жаңы жана кайтадан ачылган жагдайлар боюнча** | **Сотко чейинки өндүрүш боюнча** | **Укук бузуулар боюнча** | **Жарандыке иштер боюнча** | **Административдик иштер боюнча** | **жоруктар жөнүндөгү жаңы же кайтадан ачылган жагдайлар жана бузуулар боюнча** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Бишкек шаары | 2024 | 1081 | 46 | 16 453 | 1472 | 10 364 | 379 | |
| | | 2023 | 711 | 437 | 17 822 | 147 | 9757 | 248 | 32 |
| 2 | Чүй облусу | 2024 | 3236 | 36 | 3175 | 229 | 4445 | 193 | 1 |
| | | 2023 | 2662 | 236 | 4143 | 125 | 3988 | 191 | 1 |
| 3 | Ош облусу | 2024 | 581 | 85 | 5785 | 135 | 2954 | 248 | |
| | | 2023 | 485 | 134 | 5943 | 97 | 2309 | 207 | |
| 4 | Жалал-Абад облусу | 2024 | 398 | 48 | 3701 | 154 | 3664 | 354 | |
| | | 2023 | 673 | 99 | 3818 | 109 | 1606 | 226 | |
| 5 | Ысык-Көл облусу | 2024 | 231 | 15 | 2421 | 113 | 1547 | 64 | |
| | | 2023 | 282 | 56 | 2862 | 129 | 1725 | 39 | |
| 6 | Баткен облусу | 2024 | 136 | 11 | 1184 | 73 | 374 | 31 | |
| | | 2023 | 119 | 45 | 1168 | 28 | 307 | 23 | |
| 7 | Нарын облусу | 2024 | 125 | 1 | 788 | 123 | 700 | 30 | |
| | | 2023 | 100 | 25 | 704 | 107 | 341 | 40 | |
| 8 | Талас облусу | 2024 | 146 | 1 | 738 | 82 | 332 | 36 | |
| | | 2023 | 120 | 21 | 953 | 105 | 321 | 11 | |

2024-жылы аймактар боюнча каралган соттук иштеринин жана материалдарынын жалпы саны:

1. Бишкек шаарында 2024-жылы 92 717 иш жана соттук материалы каралган, бул 2023-жылга салыштырмалуу 34,70% көбөйгөн (68 834), анын ичинен:
- 62 922 иш, бул 2023-жылга салыштырмалуу 58,57%  көбөйгөн (39 680);
- 29 795 материал, бул 2023-жылга салыштырмалуу 2,20% көбөйгөн (29 154).

2. Чүй облусунда 43 092 иш жана соттук материалы каралган, бул 2023-жылга салыштырмалуу 18,22% көбөйгөн (36 451), анын ичинен:
- 31 777 иш, бул 2023-жылга салыштырмалуу 26,58% көбөйгөн (25 105);
- 11 315 материал, бул 2023-жылга салыштырмалуу 0,27% төмөндөгөн (11 346).

3. Ош облусунда 36 838 иш жана соттук материалы каралган, бул 2023-жылга салыштырмалуу 18,78% көбөйгөн (31 013), анын ичинен:
- 27 050 иш, бул 2023-жылга салыштырмалуу 23,87% көбөйгөн (21 838);
- 9788 материал, бул 2023-жылга салыштырмалуу 6,68% көбөйгөн (9175).

4. Жалал-Абад облусунда 29 581 иш жана соттук материалы каралган, бул 2023-жылга салыштырмалуу 24,79% көбөйгөн (23 704), анын ичинен:
- 21 262 иш, бул 2023-жылга салыштырмалуу 23,81% көбөйгөн (17 173);

- 8319 материал, бул 2023-жылга салыштырмалуу 27,38% көбөйгөн (6531).

5. Ысык-Көл облусунда 19 066 иш жана соттук материалы каралган, бул 2023-жылга салыштырмалуу 7,29% көбөйгөн (17 770), анын ичинен:

- 14 675 иш, бул 2023-жылга салыштырмалуу 15,76% көбөйгөн (12 677);
- 4391 материал, бул 2023-жылга салыштырмалуу 13,78% төмөндөгөн (5093).

6. Нарын облусунда 10 113 иш жана соттук материалы каралган, бул 2023-жылга салыштырмалуу 35,78% көбөйгөн (7448), анын ичинен:

- 8346 иш, бул 2023-жылга салыштырмалуу 36,13% көбөйгөн (6131);
- 1767 материал, бул 2023-жылга салыштырмалуу 34,17% көбөйгөн (1317).

7. Баткен облусунда 9179 иш жана соттук материалы каралган, бул 2023-жылга салыштырмалуу 21,59% көбөйгөн (7549), анын ичинен:

- 7370 иш, бул 2023-жылга салыштырмалуу 25,79% көбөйгөн (5859);
- 1809 материал, бул 2023-жылга салыштырмалуу 7,04% көбөйгөн (1690).

8. Талас облусунда 6345 иш жана соттук материалы каралган, бул 2023-жылга салыштырмалуу 9,95% көбөйгөн (5771), анын ичинен:

- 5010 иш, бул 2023-жылга салыштырмалуу 18,16% көбөйгөн (4240);
- 1335 материал, бул 2023-жылга салыштырмалуу 12,80% төмөндөгөн (1531).

## Кылмыш иштердин жана соттук материалдардын биринчи инстанциядагы сотторго келип түшүүсү жана каралышы

Биринчи инстанциядагы сотторго кылмыш иштердин келип түшүүсү жана каралышы:

2024-жылы соттордун биринчи инстанциясына 10 259 кылмыш иши келип түшкөн, бул 2023-жылга салыштырмалуу 1,22% көбөйгөн (10 135). Иш боюнча өндүрүш менен аяктаган кылмыш иштеринин саны 10 155 (2023-ж. – 10 612), бул өткөн жылга салыштырмалуу 4,31% төмөндөгөн.

Процессуалдык мөөнөттөрдү бузуу менен каралган иштердин саны 1319, бул жалпы аяктаган иштеринин санынын 12,99% түзөт (2023-ж. – 1223 же 11,52%).

2024-жылы акталган адамдардын саны 309 (2023-ж. – 311), бул 2023-жылга салыштырмалуу 0,64% төмөндөгөн, актоо себептери төмөнкүчө:

- кылмыштын курамы болбогондуктан - 280 же 90,61% (2023-жылы – 293 же 94,21%), бул 4,44% төмөндөгөн;
- кылмыш окуясы болбогондуктан - 28 же 9,06% (2023-жылы - 18 же 5,79%), бул 55,56% көбөйгөн;
- кылмыш мыйзамынан алып караганда келтирилген залал укук чегинде болгондо - 1 же 0,32%.

2024-жылы өкүм чыгаруу менен 5668 иш каралган, бул 7360 адамга карата (2023-ж. – 5258 иш 6513 адамга карата), бул иштердин саны боюнча 7,80% көбөйгөн жана адамдардын саны боюнча 13% көбөйгөн. Бул жалпы аяктаган иштеринин санынын 55,81% түзөт (2023-жылы – 49,55%).

Өндүрүштөн токтотулган иштердин саны 2969 ишти түздү, бул 3481 адамга карата, же жалпы аяктаган иштердин 29,24% (2023-жылы – 4113 же 38,76%, 4843 адамга карата), бул иштердин саны боюнча 27,81% төмөндөгөн жана адамдардын саны боюнча 28,12% төмөндөгөн.

Негиздери боюнча (адамга карата):

- Жабырлануучу айыптоону колдоодон баш тартуусу - 3048 же жалпы токтотулган адамдардын санынын 87,56% (2023-жылы – 4138 же 85,44%), бул 26,34% төмөндөгөн;
- Эскирүү мөөнөтү өтүп кеткени - 223 же 6,41% (2023-ж. – 359 же 7,41%), бул 37,88% төмөндөгөн;

• Кылмыш жоопкерчилигинен бошотулууга тийиш болгон адамга карата - 103 же 2,96% (2023-жылы – 122 же 2,52%), бул 15,57% төмөндөгөн;

• Тараптардын жарашуусуна байланыштуу - 48 же 1,38% (2023-жылы – 140 же 2,89%), бул 65,71% төмөндөгөн;

• Амнистия актысы - 17 же 0,49%;

• Кылмыш сот өндүрүшүн жүргүзүү учурунда каза болгон адамга карата - 16 же 0,46% (2023-жылы – 28 же 0,58%), бул 42,86% төмөндөгөн;

• Прокурордун айыптоодон баш тартуусу - 10 же 0,29% (2023-жылы – 21 же 0,43%), бул 52,38% төмөндөгөн;

• Жабырлануучунун арызынын жоктугу - 4 же 0,11% (2023-жылы – 18 же 0,37%), бул 77,78% төмөндөгөн;

• Кылмыш куугунтугун жүргүзүү мүмкүн эместигинен - 4 же 0,11% (2023-жылы – 1 же 0,02%), бул 4 эсе көбөйгөн;

• Кылмыш курамынын жоктугу - 3 же 0,09% (2023-жылы – 3 же 0,06%);

• Кылмыштын декриминалдаштыруусу - 1 же 0,03% (2023-жылы – 10 же 0,21%), бул 90% төмөндөгөн;

• Тергөөчүнүн, прокурордун жакка карата ошол эле жосун боюнча кылмыш ишин козгоодон баш тартуу же болбосо ишти кыскартуу жөнүндө жокко чыгарылбаган токтому болсо - 1 же 0,03% (2023-ж. – 2 же 0,04%), бул 50% төмөндөгөн;

• Кылмыш окуясынын жоктугу - 1 же 0,03% (2023-жылы – 1 же 0,02%);

• кылмыш мыйзамынан алып караганда зыян келтирген жосун укукка ылайык келгенде - 1 же 0,03%;

• Кылмышты аягына чыгаруудан ыктыярдуу баш тартуу - 1 же 0,03%.

Медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чаралары 60 адамга карата колдонулду (2023-ж. – 56).

Тарбиялык мүнөздөгү мажбурлоо чаралары 1 адамга карата колдонулду (2023-ж. – 2).

Прокурорго 236 адамга карата 176 иш кайтарылды (2023-ж. – 247 адамга карата 175 иш), алардын ичинен (иштер боюнча):

• айыптоо актысы КР КЖПКнин талаптарын бузуу менен түзүлсө - 67 иш (2023-ж. – 27);

• сотто жоюлбай турган тергөөнүн өксүктөрүн толуктоо үчүн - 2 иш (2023-ж. – 11);

• айыпталуучунун инсандыгы белгиленбесе - 5 иш (2023-ж. – 4);

• айыптоо актысынын көчүрмөсү айыпталуучуга тапшырылбаса - 6 иш (2023-ж. – 1);

• сотко чейинки өндүрүш органдары тарабынан материалдык зыяндын жана (же) моралдык залалдын ордун толтурууну жана мүлктү мүмкүн болгон конфискациялоону камсыз кылуу боюнча чаралар кабыл алынбаса - 4 иш (2023-жылы – 2);

• башка негиздер боюнча - 92 иш (2023-ж. – 130).

Бул көрсөткүч жалпы аяктаган иштердин 1,73% түзөт (2023-ж. – 1,65%).

Ошондой эле 2024-жылы башка сотко 801 иш берилген (2023-ж. – 653), ал эми сот тарабынан 481 иш бириктирилген (2023-ж. – 347).

Каралган кылмыш иштердин негизги категориялары жана аларга карата кылмыш жазаларын дайындоо

2024-жылы 7051 адам соттолгон (анын ичинде 959 аял жана 177 жашы жете элек балдар), бул 2023-жылга салыштырмалуу 849 адамга же 13,69% көбөйгөн (6202 адам, анын ичинде 724 аял жана 159 жашы жете элек балдар).

Пробациялык көзөмөлдү колдонуу менен жазадан бошотулган адамдардын саны (КЖКнын 82-бер.) 1868 түздү, бул жалпы соттолгондордун 26,49% (2023-ж. - 2176 же 35,09%), бул 14,15% төмөндөгөн.

Айып пул 1997 адамга же 28,32% колдонулган (2023-ж. - 1853 же 29,88%), бул 7,77% көбөйгөн.

Эркиндигинен ажыратылган адамдар 1678 же 23,80% (2023-ж. - 1487 же 23,98%), бул 12,84% көбөйгөн.

Мунапыс 838 адамга же 11,88% колдонулган.

Коомдук иштер 417 адамга же 5,91% колдонулган (2023-ж. - 428 же 6,90%), бул 2,57% төмөндөгөн.

Жаза белгиленбеген өкүм 212 адамга чыгарылган же 3,01% (2023-ж. - 205 адам же 3,31%), бул 3,41% көбөйгөн.

Эркиндиктен чектелген адамдар 14 же 0,20% түзөт (2023-ж. - 13 адам же 0,21%), бул 7,69% көбөйгөн.

Өмүр бою эркиндигинен ажыратылганы 11 адамга же 0,16% (2023-ж. - 13 адам же 0,21%), бул 15,38% төмөндөгөн.

Шарттуу соттолгон адамдар (КЖКнин 63-бер. эски ред.) 7 же 0,10% түзөт (2023-ж. - 10 же 0,16%), бул 30% төмөндөгөн.

Түзөтүү жумуштары 4 адамга же 0,06% колдонулган (2023-ж. - 17 же 0,27%), бул 76,47% төмөндөгөн.

Тарбиялык мүнөздөгү чаралар 3 адамга же 0,04% колдонулган.

Белгилүү бир кызмат ордун ээлөө, же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу жазасы 2 адамга же 0,03% колдонулган.

Менчикке каршы кылмыш жасагандыгы үчүн соттолгон адамдар:

2024-жылы менчикке каршы кылмыштарды жасагандыгы үчүн 1686 адам соттолгон, бул жалпы соттолгондордун 23,91% түзөт (2023-ж. – 1689 адам же 27,23%), бул көрсөткүч 0,18% төмөндөгөн, анын ичинде (адамдар боюнча):

- алдамчылык (КЖКнин 209-бер.) – 604 адам (2023-ж. – 561), бул 7,66% көбөйгөн;
- уурдоо (КЖКнин 205-бер.) – 441 адам (2023-ж. – 397), бул 11,08% көбөйгөн;
- тоноо (КЖКнин 206-бер.) – 198 адам (2023-ж. – 278), бул 28,78% төмөндөгөн;
- каракчылык (КЖКнин 207-бер.) – 127 адам (2023-ж. – 173), бул 26,59% төмөндөгөн;
- ишенип берилген мүлктү ыйгарып алуу же коротуу (КЖКнин 210-бер.) – 64 адам (2023-ж. – 51), бул 25,49% көбөйгөн;
- опузалап талап кылуу (КЖКнин 208-бер.) – 75 адам (2023-ж. – 26), бул 188,46% көбөйгөн, башкача айтканда, эки эсе көбөйгөн;
- башка кылмыштар – 177 адам (2023-ж. – 203).

Коомдук коопсуздукка жана коомдук тартипке каршы кылмыш жасагандыгы үчүн соттолгон адамдар:

2024-жылы коомдук коопсуздукка жана коомдук тартипке каршы кылмыштар үчүн 565 адам соттолгон, бул жалпы соттолгондордун 8,01% түзөт (2023-ж. – 438 адам же 7,06%), бул 29% көбөйгөн, анын ичинде (адамдар боюнча):

- ээнбаштык (КЖКнин 280-бер.) – 223 адам (2023-ж. – 242), бул 7,85% төмөндөгөн;
- куралды, ок-дарыларды мыйзамсыз жүгүртүү (КЖКнин 267-бер.) – 127 адам (2023-ж. – 132), бул 3,79% төмөндөгөн;
- Кыргыз Республикасынын жаранынын чет мамлекеттин аймагындагы куралдуу жаңжалдарга же согуш аракеттерине катышуусу же террордук актыны жасоо үчүн даярдыктан өтүүсү (КЖКнин 256-бер.) – 87 адам (2023-ж. – 16), бул 5,4 эсе көбөйгөн (443,75%);
- башка кылмыштар – 128 адам (2023-ж. – 48).

Өмүргө жана саламаттыкка каршы кылмыш жасагандыгы үчүн соттолгон адамдар:

2024-жылы өмүргө жана саламаттыкка каршы кылмыштар үчүн 875 адам соттолгон, бул жалпы соттолгондордун 12,41% түзөт (2023-ж. – 746 адам же 12,03%), бул 17,29% көбөйгөн, анын ичинде (адамдар боюнча):

- ден соолукка оор зыян келтирүү (КЖКнин 130-бер.) – 323 адам (2023-ж. – 236), бул 36,86% көбөйгөн;

• ден соолукка женил залал келтирүү  (КЖКнин 136-бер.) – 225 адам (2023-ж. – 216), бул 4,17% көбөйгөн;

• киши өлтүрүү (КЖКнин 122-бер.) – 143 адам (2023-ж. – 154), бул 7,14% төмөндөгөн;

• ден соолукка анча оор эмес зыян келтирүү (КЖКнин 131-бер.) – 132 адам (2023-ж. – 100), бул 32% көбөйгөн;

• башка кылмыштар – 52 адам (2023-ж. – 40).

Мамлекеттин жана муниципалдык кызматтын кызыкчылыктарына каршы коррупциялык же башка кылмыштарды жасагандыгы үчүн соттолгон адамдар:

2024-жылы коррупциялык мүнөздөгү же башка кылмыштарды жасагандыгы үчүн 583 адам соттолгон, бул жалпы соттолгондордун 8,27% түзөт (2023-ж. – 410 адам же 6,61%), бул 42,20% көбөйгөн, анын ичинде (адамдар боюнча):

• кызмат абалынан кыянаттык менен пайдалануу (КЖКнин 337-бер.) – 266 адам (2023-ж. – 199), бул 33,67% көбөйгөн;

• коррупция (КЖКнин 336-бер.) – 24 адам (2023-ж. – 16), бул 50% көбөйгөн;

• кызматтык жасалмачылык (КЖКнин 346-бер.) – 52 адам (2023-ж. – 56), бул 7,14% төмөндөгөн;

• шалаакылык (КЖКнин 348-бер) – 59 адам (2023-ж. – 49), бул 20,41% көбөйгөн;

• опузалап пара талап кылуу (КЖКнин 343-бер.) – 70 адам (2023-ж. – 32), бул 118,75% көбөйгөн, башкача айтканда, эки эсе жогору көбөйгөн;

• бийликтен аша чабуу (КЖКнин 338-бер.) – 4 адам (2023-ж. – 14), бул 71,43% эки эсе жогору көбөйгөн;

• башка кылмыштар – 108 адам (2023-ж. – 44).

Жыныстык кол тийбестикке жана жыныстык эркиндикке каршы кылмыштарды жасагандыгы үчүн соттолгон адамдар:

2024-жылы жыныстык кол тийбестикке каршы кылмыштарды жасагандыгы үчүн 128 адам соттолгон, бул жалпы соттолгондордун 1,82% түзөт (2023-ж. – 114 адам же 1,84%), бул 12,28% көбөйгөн, анын ичинде (адамдар боюнча):

• зордуктоо (КЖКнин 154-бер.) – 97 адам (2023-ж. – 81), бул 19,75% көбөйгөн;

• сексуалдык мүнөздөгү зомбулук аракеттер (КЖКнин 155-бер) – 25 адам (2023-ж. – 25);

• башка кылмыштар – 6 адам (2023-ж. – 8).

Баңгизат каражаттарын, психотроптук заттарды жана алардын аналогдорун жана прекурсорлорун жүгүртүү чөйрөсүндөгү кылмыштар үчүн соттолгон адамдар:

2024-жылы баңгизат каражаттарын, психотроптук заттарды жана алардын аналогдорун жана прекурсорлорун жүгүртүү чөйрөсүндөгү кылмыштарды жасагандыгы үчүн 854 адам соттолгон, бул жалпы соттолгондордун 12,11% түзөт (2023-ж. – 739 адам же 11,92%), бул 15,56% көбөйгөн, анын ичинде (адамдар боюнча):

• баңгизат каражаттарын, психотроптук заттарды жана алардын аналогдорун сатып өткөрүү максатысыз мыйзамсыз даярдоо (КЖКнин 283-бер.) – 479 адам (2023-ж. – 439), бул 9,11% көбөйгөн;

• баңгизат каражаттарын, психотроптук заттарды жана алардын аналогдорун сатып өткөрүү максатында мыйзамсыз даярдоо (КЖКнин 282-бер.) – 355 адам (2023-ж. – 282), бул 25,89% көбөйгөн;

• башка кылмыштар – 20 адам (2023-ж. – 18).

Башкаруу тартибине каршы кылмыштар үчүн соттолгон адамдар:

2024-жылы башкаруу тартибине каршы кылмыштарды жасагандыгы үчүн 348 адам соттолгон, бул жалпы соттолгондордун 4,94% түзөт (2023-ж. – 405 адам же 6,53%), бул 14,07% төмөндөгөн, анын ичинде (адамдар боюнча):

• мамлекеттик чек арадан мыйзамсыз өтүү (КЖКнин 378-бер.) – 203 адам (2023-ж. – 184), бул 10,33% көбөйгөн;

• документтердин жасалмасы (КЖКнин 379-бер.) – 122 адам (2023-ж. – 204), бул 40,20% төмөндөгөн;

• бийлик өкүлүн коркутуу же ага карата зомбулук (КЖКнин 374-бер.) – 14 адам (2023-ж. – 13), бул 7,69% көбөйгөн;

• башка кылмыштар – 9 адам (2023-ж. – 4).

Сот актыларын жана башка аткаруу документтерин аткарууга каршы кылмыштар үчүн соттолгон адамдар:

2024-жылы сот актыларын жана башка аткаруу документтерин аткарууга каршы кылмыштар үчүн 215 адам соттолгон, бул жалпы соттолгондордун 3,05% түзөт (2023-ж. – 180 адам же 2,90%). Бул көрсөткүч 2023-жылга салыштырмалуу 19,44% көбөйгөн, анын ичинде:

• айып салууга соттолгон адамдын сот өкүмүн аткарбоосу үчүн (КР КЖКнин 370-бер.) – 142 адам (2023-ж. – 99), бул 43,43% көбөйгөн;

• эркиндигинен ажыратуу жайларынан же кайтаруудан качуу (КЖКнин 368-бер.) – 40 адам (2023-ж. – 48), бул 16,67% төмөндөгөн;

• башка кылмыштар – 33 адам (2023-ж. – 33).

Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыркаган адамдар:

Жынысы боюнча:

2024-жылы үй-бүлөлүк зомбулуктан 845 адам жабыркаган, анын ичинен 37 эркек жана 808 аял, анын ичинде 15 жашы жетпеген балдар. 2023-жылы 221 адам жабыркаган (23 эркек, 198 аял, анын ичинде 24 жашы жетпеген балдар).

Үй-бүлөлүк зомбулуктун түрлөрү:

• физикалык зомбулук – 269 адам жабыркаган (2023-ж. – 189);

психикалык зомбулук – 17 адам жабыркаган (2023-ж. – 1);

• сексуалдык зомбулук – 2 адам жабыркаган (2023-ж. – 17);

• башка зомбулук – 557 адам жабыркаган (2023-ж. – 14).

Кылмыштын кесепетинен келтирилген материалдык чыгымдарды мамлекетке өндүрүү

2024-жылы соттор тарабынан каралган кылмыш иштери боюнча мамлекетке келтирилген материалдык зыян 2 921 364 001 сомду (2 миллиард 921 миллион 364 миң 001 сом) түздү (2023-ж. – 418 125 453 сом).

Өндүрүлгөн сумма:

• Сотто өкүм чыгарганга чейин - 1 040 411 785 сом (1 миллиард 040 миллион 411 миң 785 сом), бул жалпы зыяндын 35,61% түзөт (2023-ж. – 19 598 551 сом же 4,69%);

• сотко чейинки өндүрүш маалында - 272 986 933 сом (272 миллион 986 миң 933 сом) же 9,34% (2023-ж. – 174 360 754 сом же 41,70%);

• (2023-ж. - тергөөгө чейинки иш аракет жана тергөө маалында 2 715 240 сом же 0,65%).

Жалпы ордун толтуруу - 44,96% же 1 313 398 718 сом (1 миллиард 313 миллион 398 миң 718 сом) (2023-жылы – 47,04% же 196 674 545 сом).

Төлөнбөгөн зыяндын калдыгы - 1 607 965 283 сом (1 миллиард 607 миллион 965 миң 283 сом) (2023-ж. – 222 820 188 сом).

Кызматтык кылмыштар боюнча:

Кызматтык кылмыштар боюнча төлөнбөгөн зыяндын калдыгы 22 078 089 сом (22 миллион 078 миң 089 сом), бул жалпы төлөнбөгөн зыяндын 1,37% түзөт (2023-ж. – 121 787 358 сом же 54,66%), анын ичинде:

• кызматтык абалынан кыянаттык менен пайдалануу (КЖКнин 337-бер.) – 14 938 289 сом (2023-ж. – 121 460 974 сом);

• коррупция (КЖКнин 336-бер.) – 6 089 800 сом;

• башка кызматтык кылмыштар – 1 350 000 сом (2023-жылы – 326 384 сом).

Менчикке жана экономикалык ишти жүргүзүү тартибине каршы кылмыштар боюнча

Менчикке жана экономикалык ишти жүргүзүү тартибине каршы кылмыштардан келип чыккан төлөнбөгөн зыяндын калдыгы 1 575 209 655 сом (1 миллиард 575 миллион 209 миң 655 сом) түздү, бул жалпы төлөнбөгөн зыяндын 97,96% түзөт (2023-жылы – 72 963 060 сом же 32,75%), анын ичинен:

- уюмдардан бюджетке салыкты жана (же) башка милдеттүү төлөмдөрдү төлөөдөн качуу (КЖКнин 243-бер.) – 1 182 928 198 сом (2023-ж. – 18 447 747 сом);
- ишенип берилген мүлктү ыйгарып алуу же төлөмөр болуу (КЖКнын 210-бер.) – 334 234 662 сом (2023-ж. – 22 522 294 сом);
- башка кылмыштар – 58 046 795 сом (2023-ж. – 50 001 194 сом).

Башка кылмыштар боюнча (КЖКнин 130, 267, 303, 308, 310, 354, 370, 379, 382, 393-бер.):

Төлөнбөгөн зыяндын калдыгы 10 677 539 сом (10 миллион 677 миң 539 сом) же жалпы төлөнбөгөн зыяндын 0,66% түздү (2023-ж. – 2 920 310 сом же 1,31%).

Биринчи инстанциядагы соттор тарабынан каралган 10 155 кылмыш иштеринин ичинен 3248 адамга карата 2 473 иш экинчи инстанциядагы соттордо каралды, бул жалпы иштердин 24,35% түзөт. Экинчи инстанцияда каралган иштердин (адамга карата) 1771 же даттанылган иштердин 54,52% күчүндө калтырылган.

Биринчи инстанциядагы соттордун кылмыш иштери боюнча сот актыларынын туруктуулугу 88,98% түздү (2023-ж. – 88,72%).

Кылмыш иштери боюнча соттук материалдардын каралышы

2024-жылы биринчи инстанциянын сотторуна 5870 соттук материалдары келип түштү (2023-ж. – 5086), бул 2023-жылга карата 15,41% көбөйгөн, анын ичинен:

- башка сотко өткөрүлгөнү – 34 материал же 0,58% (2023-ж. – 19 же 0,37%), бул 78,95% көбөйгөн;
- кайтарылганы – 515 материал же 8,77% (2023-ж. – 304 же 5,98%), бул 69,41% көбөйгөн.

Жалпы 5385 материал каралган (2023-ж. – 4829), бул 11,51% көбөйгөн, анын ичинен:

- канааттандырылганы – 2976 материал же 55,26% (2023-ж. – 2404 же 49,78%), бул 23,79% көбөйгөн;
- канааттандыруусуз калтырылганы – 2409 же 44,74% (2023-ж. – 2425 же 50,22%), бул 0,66% төмөндөгөн.

Аткаруу менен байланышкан маселелерди чечүү боюнча 2214 материал каралган, анын ичинен канааттандырылганы 1003 материал же 45,30% (2023-ж. – 1148 же 46,05%), анын ичинен:

- жазадан шарттуу-мөөнөтүнөн мурда бошотуу боюнча 726 материал каралган, анын ичинен канааттандырылганы 248 же 34,16%;
- пробациялык көзөмөлдү колдонуу менен жазадан бошотууну жокко чыгаруу жөнүндө 248 материал каралган, анын ичинен канааттандырылганы 167 же 67,34%.

Жаңы же кайтадан ачылган жагдайлар боюнча 241 материал келип түштү (2023-ж. – 1031), анын ичинен:

- 29 материал кайтарылган же 12,03% (2023-ж. – 60 же 5,82%);
- 3 материал кыскартылган же 1,24% (2023-ж. – 4 же 0,39%).
- жалпы 211 материал каралган (2023-ж. – 989), анын ичинен:
  - 147 материал канааттандырылган же 69,67% (2023-ж. – 895 же 90,50%);
  - 64 материал канааттандыруусуз калтырылган же 30,33% (2023-ж. – 94 же 9,50%).

Сотко чейинки өндүрүш тартибинде каралган соттук материалдар:

2024-жылы биринчи инстанциянын соттор тарабынан сотко чейинки өндүрүш тартибинде 34 245 соттук материал түшкөн (2023-ж. – 37 419), бул 2023-жылга салыштырмалуу 8,48% төмөндөгөн, анын ичинен:

• 438 кайтарылган же жалпы түшкөн материалдардын 1,28% (2023-ж. – 331 же 0,88%), бул 2023-жылга салыштырмалуу 32,33% көбөйгөн;

• 52 материал кыскартылган же 0,15% (2023-ж. – 56 же 0,15%), бул 7,14% төмөндөгөн;

• 3 материал башка сотко берилген же 0,01% (2023-ж. – 9 же 0,02%), бул 66,67% төмөндөгөн.

Сотко чейинки өндүрүш тартибинде 33 752 материал каралган (2023-ж. – 37 017), бул 2023-жылга салыштырмалуу 8,82% төмөндөгөн, анын ичинен:

• 31 613 материал канааттандырылган же жалпы каралган материалдардын 93,66% (2023-ж. – 34 142 же 92,23%), бул 2023-жылга салыштырмалуу 7,41% төмөндөгөн, анын ичинен:

▪ прокурордун сунушу боюнча – 31 117 материал (2023-ж. – 33 723);

▪ арыздар боюнча – 496 материал (2023-ж. – 419);

• 2139 материал канааттандыруусуз калтырылган же 6,34% (2023-ж. – 2875 же 7,77%), бул 2023-жылга салыштырмалуу 25,60% төмөндөгөн, анын ичинен:

▪ прокурордун сунушу боюнча – 1552 материал (2023-ж. – 2377);

▪ арыздар боюнча – 587 материал (2023-ж. – 498).

Категория боюнча статистика:

Тинтүү жана алып коюу өндүрүшү – 5647 материал же жалпы каралган материалдардын 16,73%, анын ичинен канааттандырылганы – 5499 же 97,38% (2023-ж. – 4661 же 12,59%, канааттандырылганы – 4521 же 97%), бул 2023-жылга салыштырмалуу 21,15% көбөйгөн.

Атайын тергөө аракеттерин өткөрүү – 10 056 материал же 29,79%, анын ичинен канааттандырылганы – 9725 же 96,71% (2023-ж. – 12 215 же 33%, канааттандырылганы – 11 758 же 96,26%), бул 17,67% төмөндөгөн.

• Бөгөт коюу чарасын тандоо – 6659 материал же 19,73%, анын ичинен канааттандырылганы – 6065 же 91,08% (2023-ж. – 8565 же 23,14%, канааттандырылганы – 7339 же 85,69%), бул 22,25% төмөндөгөн, анын ичинен: камакка алуу – 6371 же 95,68% (2023-ж. – 8237 же 96,17%);

• үй камагы – 277 же 4,16% (2023-ж. – 314 же 3,67%);

• башка жакка кетпөө жөнүндө кол кат алуу – 3 же 0,05% (2023-ж. – 7 же 0,08%);

• жашы жете элек баланы көз салуусуна берүү – 8 же 0,12% (2023-ж. – 6 же 0,07%);

• (2023-ж. – аскер бөлүгүнүн командачылыгынын көзөмөлдөөсүнө берүү 1 же 0,01%).

Кылмыш жасаганга шектүү адамды кармоонун мыйзамдуулугу жана негиздүүлүгү жөнүндө – 4042 материал же 11,98%, анын ичинен канааттандырылганы – 4036 же 99,85% (2023-ж. – 4745 же 12,82%, канааттандырылганы – 4733 же 99,75%), бул 14,82% төмөндөгөн.

Камакта кармоо мөөнөтүн узартуу – 1203 же 3,56%, анын ичинен канааттандырылганы – 1092 же 90,77% (2023-ж. – 2239 же 6,05%, канааттандырылганы – 2067 же 92,32%), бул 46,27% төмөндөгөн.

Башка чаралар – 6145 же 18,21% (2023-ж. – 4592 же 12,41%), бул 33,82% көбөйгөн.

Укук бузуулар жөнүндөгү иштердин каралышы:

2024-жылы биринчи инстанциянын сотторуна 30 857 укук бузуулар боюнча иш келип түштү (2023-ж. – 26 130), бул 18,09% көбөйгөн.

1625 иш кайтарылган же 5,27% (2023-ж. – 1585 же 6,07%).

189 иш башка сотко берилген же 0,61% (2023-ж. – 42 же 0,16%).

Жалпы 28 990 иш каралган (2023-ж. – 24 328), бул 2023-жылга салыштырмалуу 19,16% көбөйгөн.

Жаза чарасын колдонуу жөнүндө 27 521 адамга карата 27521 иш каралган же жалпы каралган иштердин санынын 94,93% (2023-ж. – 22 103 адам же 90,85%), анын ичинен:

• башкаруу укугунан ажыратуу – 10 839 же 39,38% (2023-ж. – 8025 же 36,31%);

- айып пул – 7679 же 27,90% (2023-ж. – 7300 же 33,03%);
- камакка алуу – 6180 же 22,46% (2023-ж. – 3579 же 16,19%);
- коомдук иштер – 2709 же 9,84% (2023-ж. – 3148 же 14,24%);
- чет өлкөлүк жарандарды чыгарып жиберүү – 79 же 0,29% (2023-ж. – 7 же 0,03%);
- эскертүү – 35 же 0,13% (2023-ж. – 44 же 0,20%).

Алардын ичинен жоопкерчиликке тартылгандар:

- 24 143 физикалык адам же 87,73%, анын ичинде 2139 аял (2023-ж. – 20 560 же 93,02%, анын ичинде 1385 аял);
- 3314 кызмат адамдары же 12,04% (2023-ж. – 1529 же 6,92%);
- 64 юридикалык жак же 0,23% (2023-ж. – 14 же 0,06%).

Иштин кыскартылганы 1412 иш же 4,87% (2023-ж. – 1308 же 5,38%).

Жазадан бошотуу менен 57 иш же 0,20% (2023-ж. – 47 же 0,19%).

Категориялар боюнча:

Автомототранспорт жана электротранспорт кыймылынын жана аларды эксплуатациялоонун коопсуздугун камсыз кылуу чөйрөсүндөгү башкаруу тартибине каршы укук бузуулар – 13 662 иш же 47,13% (2023-ж. – 12 938 же 53,18%), анын ичинен:

- мас абалындагы айдоочунун транспорт каражатын башкаруусу, мас абалындагы же транспорт каражатын башкарууга укугу жок адамга транспорт каражатын башкарууга берүү (193-бер.) – 13 364 (2023-ж. – 12 153).

Коомдук тартипти камсыз кылуу, курал-жаракты, башка кооптуу предметтерди жана заттарды жүгүртүү, ошондой эле коомдук жана өрт коопсуздугун камсыз кылуу чөйрөсүндөгү башкаруу тартибине каршы укук бузуулар – 5683 иш же 19,60% (2023-ж. – 4636 же 19,06%), анын ичинен:

- майда бейбаштык (126-бер.) – 5093 (2023-ж. – 4030);
- баңгизат каражаттарын же психотроптук заттарды медициналык көрсөтмөлөрү жок колдонуу, коомдук жайларда спирт ичимдиктерин ичүү (127-бер.) – 525 (2023-ж. – 511).

Балдардын кызыкчылыктарына жана үй-бүлө мамилелеринин тартибине каршы укук бузуулар – 4045 иш же 13,95% (2023-ж. – 2613 же 10,74%), анын ичинен:

- үй-бүлөлүк зомбулук (70-бер.) – 3962 (2023-ж. – 2573).

Укук бузуулар жөнүндө иш боюнча ыйгарым укуктуу органдын токтомуна даттанууларды кароо боюнча соттук материалдардын каралышы:

2024-жылы биринчи инстанциянын сотторуна укук  бузуулар жөнүндө иш боюнча ыйгарым укуктуу органдын токтомуна даттанууларды кароо боюнча 1236 материал келип түштү, анын ичинен:

- кайтарылганы 197 материал же 15,94%;
- башка сотко берилгени 10 материал же 0,81%.

Жалпы каралганы 1216 материал (2023-ж. – 891), анын ичинен:

- укук бузуулар жөнүндө токтомду өзгөртүүсүз калтыруу жөнүндө – 506 же 41,61% (2023-ж. – 235 же 26,37%);
- укук бузуулар боюнча токтомду жокко чыгаруу жана өндүрүштөн кыскартуу жөнүндө – 710 же 58,39% (2023-ж. – 656 же 73,63%).

Ыйгарым укуктуу орган тарабынан салынган жаза чарасы:

- айып пул – 1169;
- камакка алуу – 17;
- эскертүү – 13;
- коомдук иштер – 10;
- башкаруу укугунан ажыратуу – 7.

Укук бузуулар жөнүндөгү соттук материалдардын каралышы:

2024-жылы укук бузуулар боюнча 972 соттук материалы келип түштү (2023-ж. – 858), анын ичинен:

• кайтарылганы 78 материал же 8,02% (2023-ж. – 63 же 7,34%);
• башка сотко берилгени 2 материал же 0,21% (2023-ж. – 2 же 0,23%).
Жалпы 878 материал каралган (2023-ж. – 782), бул 12,28% көбөйгөн, анын ичинен:

Мүлктү убактылуу алып коюу 426 материал каралган, бул жалпы каралган иштердин 48,52% түзөт (2023-ж. – 217 же 27,75%), анын ичинен:
• убактылуу алып коюлган мүлктү жок кылуу жөнүндө – 187 материал (2023-ж. – 113);
• убактылуу алып коюлган мүлктү конфискациялоо жөнүндө – 219 материал (2023-ж. – 88);
• убактылуу алып коюлган мүлктү ээсине кайтарып берүү жөнүндө – 20 материал (2023-ж. – 16).
Жаза чарасын өзгөртүү боюнча 452 материал каралган, бул жалпы каралган иштердин 51,48% түзөт (2023-ж. – 565 же 72,25%), анын ичинен:
• 380 материал боюнча сунуш канааттандырылган (2023-ж. – 459);
• 72 материал боюнча сунуш канааттандыруусуз калтырылган (2023-ж. – 106).
(2023-жыды бузуулар жөнүндөгү соттук материалдардын каралганы - 31 сот материалы, жоруктар жөнүндө иштердин каралганы - 6 иш).
Жаңы жана кайтадан ачылган жагдайлар боюнча
2024-жылы 1 соттук материал каралган (2023-ж. – 2), анын ичинен: 1 иш боюнча арыз канааттандыруусуз калтырылган (2023-ж. – 2).

**Жарандык жана экономикалык иштердин, соттук материалдардын I инстанциядагы сотторго келип түшүшү жана каралышы**

Жарандык жана экономикалык иштердин келип түшүшү жана каралышы:
2024-жылы биринчи инстанциянын сотторуна 137 299 доо арыз келип түшкөн, бул 2023-жылга салыштырмалуу 49,26% көбөйгөн (91 986).
11 218 арыз кайтарылды (2023-ж. – 9688), бул 15,79% көбөйгөн.
Соттун буйругун берүү жөнүндө арызды кабыл алуудан баш тартылганы 12 084 (2023-ж. – 5404), бул 123,61% көбөйгөн, башкача айтканда 2 эсе жогору көбөйгөн.
Кемчиликтерди оңдоо мөөнөтү бүткөндүктөн, кыймылсыз калтырылган доо арыздардын кайтарылып берилгени – 5071 (2023-ж. – 4169), бул 21,64% көбөйгөн.
Доо арызды кабыл алуудан баш тартылганы – 817 (2023-ж. – 619), бул 31,99% көбөйгөн.
Башка сотторго берилгени – 897 (2023-ж. – 599), бул 49,75% көбөйгөн.
Бир өндүрүшкө бириктирилгени – 217 (2023-ж. – 177), бул 22,60% көбөйгөн.
Каралып бүткөн иштердин саны 102 438, бул 2023-жылга салыштырмалуу 44,51% көбөйгөн (70 884).
Чечим кабыл алуу менен 48 917 иш каралды (2023-ж. – 41 753), анын ичинен толугу менен канааттандырылганы 40 234 же 82,25% (2023-ж. – 36 494 же 87,40%). Чечим чыгаруу менен каралган иштердин көбөйүшү 7164 ишке же 17,16% көбөйдү.
Соттун буйругу менен чыгарылганы 40 755 иш (2023-ж. – 17 318), бул 135,33% көбөйгөн, башкача айтканда 2 эсе жогору көбөйгөн.
Кароосуз калтырылганы – 11 326 иш (2023-ж. – 10 648), бул 6,37% көбөйгөн.
Өндүрүш токтотулганы – 1440 иш (2023-ж. – 1165), бул 23,61% көбөйгөн.
Процесстик мөөнөттү бузуу менен – 3115 иш же жалпы каралган иштердин санынын 3,04% түздү (2023-ж. – 2722 же 3,84%).
• Жарандык жана экономикалык иштердин негизги категориялары:
• Үй-бүлөлүк талаш-тартыштары - 26 782 иш же жалпы каралып бүткөн иштердин санынын 26,14% (2023-ж. – 24 704 же 34,85%), бул өткөн жылга садыштырмалуу 8,41% көбөйдү, анын ичинен:
• нике бузуу боюнча – 13 245 же үй-бүлөлүк иштердин жалпы санынын 49,45% (2023-ж. – 12 510 же 50,64%);

- алимент өндүрүү боюнча – 10 413 иш же үй-бүлөлүк иштердин жалпы санынын 38,88% (2023-ж. – 9241 же 37,41%).

Карызды өндүрүү жөнүндө - 17 305 иш же 16,89% (2023-ж. – 11 616 же 16,39%), бул 48,98% көбөйдү. Алардын ичинен юридикалык жактар арасындагы чыр-чатактар боюнча – 781 иш (2023-ж. – 944).

Турак жай талаш-тартыштары - 2372 иш же 2,32% (2023-ж. – 2746 же 3,87%), бул 13,62% төмөндөгөн, анын ичинен:

- турак жайдан чыгаруу боюнча 666 иш же турак-жай талаш-тартыштарынын жалпы санынын 28,08% (2023-ж. – 727 же 26,47%).

Бүтүмдү жараксыз деп табуу - 2272 иш же 2,22% (2023-ж. – 2166 же 3,06%), бул 4,89% көбөйдү, анын ичинен юридикалык жактардын ортосундагы талаш-тартышы боюнча – 165 иш (2023-ж. – 228).

Эмгек талаш-тартыштар - 527 иш же 0,51% (2023-ж. – 536 же 0,76%), бул 1,68% төмөндөгөн, анын ичинен:

- жумушуна кайрадан орноштуруу боюнча – 270 иш же эмгек талаш-тартыштарынын жалпы санынын 51,23% (2023-ж. – 286 же 53,36%).

Өзгөчө өндүрүшүндөгү иштер - 7047 иш же 6,88% (2023-ж. – 6843 же 9,65%), бул 2,98% көбөйдү, анын ичинен:

- юридикалык мааниси бар фактыларды аныктоо боюнча – 3712 иш же өзгөчө өндүрүш иштеринин жалпы санынын 52,67% (2023-ж. – 3549 же 51,86%).

Мурас боюнча талаш-тартыштар - 818 иш же 0,80% (2023-ж. – 769 же 1,08%), бул 6,37% көбөйдү.

Башка талаштар - 45 315 иш же 44,24% (2023-ж. – 21 504 же 30,34%).

2024-жылы жарандык иштер боюнча бюджеттин пайдасына өндүрүлгөн мамлекеттик алымдын өлчөмүнүн суммасы 231 087 268 сомду түздү (2023-ж. – 205 026 520), бул 12,71% көбөйдү.

Биринчи инстанциядагы соттор тарабынан каралган 132 742 жарандык иштеринин ичинен 7304 иш экинчи инстанциядагы сотторго даттанылган, бул биринчи инстанциялык сотунда каралган жалпы иштеринин 5,50% түзөт. Экинчи инстанцияда даттанылган иштердин 4468 же 61,17% күчүндө калтырылган.

Биринчи инстанциядагы соттордун кылмыш иштери боюнча сот актыларынын туруктуулугу 97,97% түздү (2023-ж. – 97,89%).

**Жарандык жана экономикалык иштер боюнча соттук материалдардын келип түшүшү жана каралышы**

2024-жылы биринчи инстанциядагы сотторго 24 108 жарандык жана экономикалык иштер боюнча соттук материал келип түштү, бул 2023-жылга салыштырмалуу 16,45% көбөйгөн (20 702), анын ичинен:

Кайтарылганы 3150 материал (2024-ж. – 2468), бул 21,65% көбөйгөн.

Арызды абыл алуудан баш тартылганы 112 материал.

Башка сотко берилгени 16 материал, бул 2023-жылга салыштырмалуу 69,23% төмөндөгөн (52).

Каралганы 21 102 соттук материал, анын ичинен 16 256 материал канааттандырылды (2023-ж. – 17 834, канааттандырылганы 13 484), 2023-жылга салыштырмашуу 18,32% көбөйгөн.

Биринчи инстанциядагы соттор тарабынан каралган жарандык иштер боюнча соттук материалдардын негизги категориялары

Доону камсыз кылуу, аны алмаштыруу жана жокко чыгаруу – 7063 материал же жалпы

каралган материалдардын 33,47%, бул 2023-жылга салыштырмалуу 26,85% көбөйдү (5568 же 31,22%).

Соттук чечимдерди аткарууга байланышкан маселелер боюнча – 790 материал же 3,74%, бул 19,55% төмөндөгөн (982 же 5,51%).

Чечимди аткарууну жылдыруу жана создуу, чечимди аткаруунун ыкмасын жана тартибин өзгөртүү – 605 материал же 2,87%, бул 6,35% төмөндөгөн (646 же 3,62%).

Соттук тапшырмалары боюнча – 525 материал же 2,49%, бул 0,57% көбөйгөн (522 же 2,93%).

**Административдик иштердин жана соттук материалдардын**
**I инстанциядагы сотторго келип түшүшү жана каралышы**

Биринчи инстанциядагы сотторго административдик
иштердин келип түшүшү жана каралышы

2024-жылы биринчи инстанцияданы сотторго 4651 административдик иш келип түшкөн (2023-ж. – 4272), бул өткөн жылга салыштырмалуу 8,87% көбөйгөн.

Кайтарылганы - 1259 арыз же 27,07% (2023-ж. – 1175 же 27,50%), бул 7,15% көбөйгөн.

Доо арызын кабыл алуудан баш тартылганы - 465 же 10% (2023-ж. – 491 же 11,49%), бул 5,30% төмөндөгөн.

Башка сотко берилгени - 28 же 0,60% (2023-ж. – 34 же 0,80%), бул 17,65% төмөндөгөн.

Бир өндүрүшкө бириктирилгени 40 же 0,86% (2023-ж. – 29 же 0,68%), бул 37,93% көбөйгөн.

Каралып бүткөн иштердин саны 2919 иш же 62,76% (2023-ж. – 2861 же 66,97%), бул 2,03% көбөйгөн.

Чечим кабыл алынган иштердин саны 2023 иш болду же жалпы каралып бүткөн иштердин 69,30% түздү (2023-ж. – 1740 же 60,82%), бул 2023-жылга салыштырмалуу16,26% көбөйгөн, анын ичинен:

- канааттандырылганы (толугу менен же жарым-жартылай) 1150 иш же каралып бүткөн иштердин 39,40% (2023-ж. – 863 же 30,16%).
- канааттандыруусуз калтырылганы 873 иш же 29,91% (2023-ж. – 877 иш, 30,65%).

Кароосуз калтырылганы – 547 же 18,74% (2023-ж. - 480 же 16,78%), 13,96% көбөйгөн.

Кыскартылганы - 349 же 11,96% (2023-ж. – 641 же 22,40%), 2023-жылга салыштырмалуу 45,55% төмөндөгөн.

Процесстик мөөнөттү бузуу менен 622 иш каралган же 21,31% түздү (2023-ж. – 1035 же 36,18%), 39,90% төмөндөгөн.

Биринчи инстанциядагы соттор тарабынан каралган административдик иштердин негизги категориялары:

Мамлекеттик бийлик органдарынын, жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдарынын, кызмат адамдарынын ченемдик эмес актыларын, чечимдерин жана аракеттерин талашуу тууралуу – 164 иш же каралып бүткөн иштердин жалпы санынын 5,62% (2023-ж. – 123 же 4,30%), бул 33,33% көбөйгөн.

Мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдарынын, кызмат адамдарынын нормативдик актыларын талашуу тууралуу – 260 иш же 8,91% (2023-ж. – 269 же 9,40%), бул 3,35% төмөндөгөн.

Мамлекеттик бийлик органдарынын, алардын кызмат адамдарынын жана башка органдардын аракеттерин же аракетсиздигин талашуу тууралуу – 1480 иш же 50,70% (2023-ж. – 1501 же 52,46%), бул 1,40% төмөндөгөн.

Башка категориялар – 1015 иш же 34,77% (2023-жылы – 968 иш, 33,83%), бул 4,86% көбөйгөн.

Доо арызын бергенде төлөнгөн мамлекеттик алымдын суммасы 3 028 628 сомду түздү, анын ичинен соттун чечими менен 646 957 сом мамлекетке өндүрүлдү (2023-ж. – доо арызын

бергенде төлөнгөн мамлекеттик алымдын суммасы 3 531 955 сом, анын ичинен соттун чечими менен 646 252 сом мамлекетке өндүрүлгөн).

Биринчи инстанциядагы соттор тарабынан каралган 4711 административдик иштеринин ичинен 1666 иш экинчи инстанциядагы сотторго даттанылган, бул биринчи инстанциялык сотунда каралган жалпы иштеринин 35,36% түзөт. Экинчи инстанцияда даттанылган иштердин 1171 же 70,28% күчүндө калтырылган.

Биринчи инстанциядагы соттордун кылмыш иштери боюнча сот актыларынын туруктуулугу 92,24% түздү (2023-ж. – 92,45%).

Административдик иштер боюнча соттук материалдардын келип түшүшү жана каралышы:

2024-жылы биринчи инстанциядагы сотторго 1324 административдик иштер боюнча соттук материал келип түштү (2023-ж. – 980), бул 2023-жылга салыштырмалуу 35,10% көбөйгөн.

Кайтарылганы – 247 материал же 18,66% (2023-ж. – 194 же 19,80%), бул 27,32% көбөйгөн.

Башка сотко берилгени - 1 материал же 0,08% (2023-ж. – 6 же 0,61%), бул 83,33% төмөндөгөн.

Каралганы - 1087 соттук материал же 82,10% (2023-ж. – 785 же 80,10%), бул 38,47% көбөйгөн, анын ичинен:

- канааттандырылганы – 710 же 65,32% (2023-ж. – 525 же 66,88%);
- канааттандыруусуз калтырылганы – 318 же 29,25% (2023-ж. – 240 же 30,57%);
- кыскартылганы – 3 же 0,28% (2023-ж. – 2 же 0,25%);
- кароосуз калтырылганы – 56 же 5,15% (2023-ж. – 18 же 2,29%).

Административдик иштер боюнча соттук материалдардын негизги категориялары:

- доону камсыз кылуу жөнүндө – 541 материал же жалпы каралган арыздардын 49,77% (2023-ж. – 418 же 53,25%), бул 29,43% көбөйгөн;
- доону камсыз кылууну жокко чыгаруу – 216 материал же 19,87% (2023-ж. – 197 же 25,10%), бул 9,64% көбөйгөн;
- жаңыдан ачылган жагдайлар же жаңы жагдайлар боюнча кайра кароо – 174 материал же 16,01% (2023-ж. – 88 же 11,21%), бул 97,73% көбөйгөн.

**Биринчи инстанциядагы соттордун иш жүктөмү**

| **1 инст. соттору (облус боюнча)** | **2024** | **2023** | **Административдик сот** | **2024** | **2023** |
|---|---|---|---|---|---|
| Бишкек шаары боюнча | 85 | 62,87 | Бишкек шаары | 32,2 | 28,17 |
| Чүй облусу боюнча | 55,5 | 46,79 | Чүй облусу | 23,69 | 22,44 |
| Ош облусу боюнча | 51,5 | 43,13 | Ош облусу | 27,58 | 27,72 |
| Жалал-Абад облусу боюнча | 54,14 | 43,27 | Жалал-Абад облусу | 27,69 | 23,89 |
| Баткен облусу боюнча | 46,68 | 37,86 | Баткен облусу | 9,04 | 11,67 |
| Ысык-Көл облусу боюнча | 59,85 | 55,71 | Ысык-Көл облусу | 16,38 | 16,17 |
| Нарын облусу боюнча | 59,2 | 43,46 | Нарын облусу | 7 | 6,13 |
| Талас облусу боюнча | 42,61 | 39,14 | Талас облусу | 8,71 | 5,63 |

2024-жылы биринчи инстанциядагы соттордун бир судьяга болгон иш жүктөмү орточо эсеп менен республика боюнча айына 62,3 ишти, ал эми административдик соттордо 21,9 ишти түзгөн (2023-ж. – 49,9; административдик соттор – 20,2).

### Соттук иштердин жана соттук материалдардын апелляциялык инстанциядагы сотторго келип түшүшү жана каралышы

Соттук иштердин апелляциялык инстанциядагы сотторго келип түшүүшү:

2024-жылы апелляциялык инстанциядагы сотторго 14 817 иш түштү, бул биринчи инстанциядагы соттор тарабынан каралган иштердин жалпы санынын 8,30% түзгөн (2023-ж. – 12 386 же 9,33%), бул 2023-жылга салыштырганда 19,63% көбөйгөн, анын ичинде:

- кылмыш 2809 иш (2023-ж. – 2803), бул 0,21% көбөйгөн;
- укук бузуулар боюнча 693 иш (2023-ж. – 628), бул 10,35% көбөйгөн;
- жарандык жана экономикалык 9365 иш (2023-ж. – 7009), бул 33,61% көбөйгөн;
- административдик 1950 иш (2023-ж. – 1944), бул 0,31% көбөйгөн;
- (2023-ж. - жоруктар жөнүндөгү 2 иш).

Соттук материалдардын апелляциялык инстанциядагы сотторго келип түшүүшү:

2024-жылы апелляциялык инстанциядагы сотторго 5134 соттук материал түштү, бул биринчи инстанциядагы соттор тарабынан каралган иштердин жалпы санынын 7,49% түздү (2023-ж. – 5909 же 9%), бул 2023-жылга салыштырганда 13,12% төмөндөгөн, анын ичинде:

- кылмыш иштер боюнча 629 материал (2023-ж. – 523), бул 20,27% көбөйгөн;
- жаңы же кайтадан ачылган жагдайлар боюнча 132 материал (2023-ж. – 717), бул 81,59% төмөндөгөн;
- сотко чейинки өндүрүш тартибинде 2705 материал (2023-ж. – 2849), бул 5,05% төмөндөгөн;
- укук бузуулар боюнча 20 материал (2023-ж. – 16), бул 25% көбөйгөн;
- жарандык жана экономикалык иштер боюнча 1426 материал (2023-ж. – 1638), бул 12,94% төмөндөгөн;
- административдик иштер боюнча 222 материал (2023-жылы – 165), бул 34,55% көбөйгөн;
- (2023-ж. – жоруктар жөнүндөгү жаңы же кайтадан ачылган жагдайлар боюнча 1 материал).

Соттук иштердин апелляциялык инстанциядагы соттор тарабынан каралышы:

2024-жылы апелляциялык инстанциядагы сотторго 12 102 иш каралган (2023-ж. – 10 156), бул 2023-жылга салыштырмалуу 19,16% көбөйгөн, анын ичинде:

- кылмыш 2473 иш (2023-ж. – 2476), бул 0,12% төмөндөгөн;
- укук бузуулар боюнча 659 иш (2023-ж. – 577), бул 14,21% көбөйгөн;
- жарандык жана экономикалык 7304 иш (2023-ж. – 5360), бул 36,27% көбөйгөн;
- административдик 1666 иш (2023-ж. – 1740), бул 4,25% төмөндөгөн;
- (2023-жылы – жоруктар жөнүндө 3 иш).

Соттук материалдардын апелляциялык инстанциядагы соттор тарабынан каралышы:

2024-жылы апелляциялык инстанциядагы сотторго 4242 соттук материал каралган (2023-ж. – 4804), бул 2023-жылга салыштырмалуу 11,70% төмөндөгөн, анын ичинде:

- кылмыш иштери боюнча 546 материал (2023-ж. – 477), бул 14,47% көбөйгөн;
- жаңы же кайтадан ачылган жагдайлар боюнча 133 (2023-ж. – 719), бул 81,50% төмөндөгөн;
- сотко чейинки өндүрүш тартибинде 2246 материал (2023-ж. – 2183), бул 2,89% көбөйгөн;

• укук бузуулар боюнча 20 материал (2023-ж. – 14), бул 42,86% көбөйгөн;

• жарандык жана экономикалык иштер боюнча 1117 материал (2023-ж. – 1288), бул 13,28% төмөндөгөн;

• административдик иштер боюнча 180 материал (2023-ж. – 122), бул 47,54% көбөйгөн;

• (2023-жылы – жоруктар жөнүндөгү жаңы же кайтадан ачылган жагдайлар боюнча 1 материал).

**2-инстанциядагы соттор тарабынан апелляциялык тартипте иштерди аймактар боюнча каралышы**

2024-жылы апелляциялык инстанциянын соттору тарабынан 16 344 иш жана соттук материал каралды (2023-ж – 14 960), бул 2023-жылга салыштырмалуу 9,25% көбөйгөн, анын ичинде:

1. **Бишкек шаардык соту** – 6229 иш жана соттук материал же 38,11% (2023-ж. – 5796 же 38,74%), бул 2023-жылга салыштырмалуу 7,47% көбөйгөн.

Иштер – 4069 (2023-ж. – 3575), бул 13,82% көбөйгөн, анын ичинде:

• 908 кылмыш иши (2023-ж. – 838), бул 8,35% көбөйгөн;

• 310 укук бузуулар боюнча иш (2023-ж. – 237), бул 30,80% көбөйгөн;

• 2325 жарандык жана экономикалык иш (2023-ж. – 1906), бул 21,98% көбөйгөн;

• 526 административдик иш (2023-ж. – 593), бул 11,30% төмөндөгөн;

• (2023-жылы - 1 жоруктар жөнүндөгү иш).

Соттук материал – 2160 (2023-ж. – 2221), бул 2,75% төмөндөгөн, анын ичинде:

• 111 кылмыш иштери боюнча материал (2023-ж. – 103), бул 7,77% көбөйгөн;

• 28 материал жаңы же кайтадан ачылган жагдайлар боюнча (2023-ж. – 263), бул 89,35% төмөндөгөн;

• 1476 сотко чейинки өндүрүш тартибинде материал (2023-ж. – 1217), бул 21,28% көбөйгөн;

• 487 жарандык жана экономикалык иштер боюнча материал (2023-ж. – 588), бул 17,18% төмөндөгөн;

• 58 административдик иштер боюнча материал (2023-ж. – 50), бул 16% көбөйгөн.

2. **Ош облустук соту** – 2868 иш жана соттук материал же 17,55% (2023-ж. – 2454 же 16,40%), бул 2023-жылга салыштырмалуу 16,87% көбөйгөн.

Иштер – 2312 (2023-ж. – 1767), бул 30,84% көбөйгөн, анын ичинде:

• 451 кылмыш иши (2023-ж. – 411), бул 9,73% көбөйгөн;

• 96 укук бузуулар боюнча иш (2023-ж. – 72), бул 33,33% көбөйгөн;

• 1373 жарандык жана экономикалык иш (2023-ж. – 963), бул 42,58% көбөйгөн;

• 392 административдик иш (2023-ж. – 321), бул 22,12% көбөйгөн.

Соттук материал – 556 (2023-ж. – 687), бул 19,07% төмөндөгөн, анын ичинде:

• 33 кылмыш иштери боюнча материал;

• 36 жаңы же кайтадан ачылган жагдайлар боюнча материал (2023-ж. – 126), бул 71,43% төмөндөгөн;

• 284 сотко чейинки өндүрүш тартибиндеги материал (2023-ж. – 344), бул 17,44% төмөндөгөн;

• 165 жарандык жана экономикалык иштер боюнча материал (2023-ж. – 196), бул 15,82% төмөндөгөн;

• 38 административдик иштер боюнча материал (2023-ж. – 21), бул 80,95% көбөйгөн.

3. **Чүй облустук соту** – 2550 иш жана соттук материал же 15,60% (2023-ж. – 2754 же 18,41%), бул 2023-жылга салыштырмалуу 7,41% төмөндөгөн.

Иштер – 1882 (2023-ж. – 1838), бул 2,39% көбөйгөн, анын ичинде:

• 479 кылмыш иши (2023-ж. – 571), бул 16,11% төмөндөгөн;

• 71 укук бузуулар боюнча иш (2023-ж. – 99), бул 28,28% төмөндөгөн;

• 1096 жарандык жана экономикалык иш (2023-ж. – 958), бул 14,41% көбөйгөн;
• 236 административдик иш (2023-ж. – 209), бул 12,92% көбөйгөн;
• (2023-жылы - 1 жоруктар жөнүндөгү иш).

Соттук материал – 668 (2023-ж. – 916), бул 27,07% төмөндөгөн, анын ичинде:
• 265 кылмыш иштери боюнча материал (2023-ж. – 282), бул 6,03% төмөндөгөн;
• 27 жаңы жана кайтадан ачылган жагдайлар боюнча материал (2023-ж. – 153), бул 82,35% төмөндөгөн;
• 150 сотко чейинки өндүрүш тартибиндеги материал (2023-ж. – 214), бул 29,91% төмөндөгөн;
• 205 жарандык жана экономикалык иштер боюнча материал (2023-ж. – 241), бул 14,94% төмөндөгөн;
• 21 административдик иштер боюнча материал (2023-ж. – 21);
• (2023-жылы 4 укук бузуулар боюнча материал, 1 жоруктар жөнүндөгү жаңы жана кайтадан ачылган жагдайлар боюнча).

**4. Жалал-Абад облустук соту** – 1610 иш жана соттук материал же 9,85% (2023-ж. – 1782 же 11,91%), бул 2023-жылга салыштырмалуу 9,65% төмөндөгөн.

Иштер – 1259 (2023-ж. – 1313), бул 4,11% төмөндөгөн, анын ичинде:
• 265 кылмыш иши (2023-ж. – 310), бул 14,52% төмөндөгөн;
• 63 укук бузуулар боюнча иш (2023-ж. – 66), бул 4,55% төмөндөгөн;
• 695 жарандык жана экономикалык иш (2023-ж. – 572), бул 21,50% көбөйгөн;
• 236 административдик иш (2023-ж. – 364), бул 35,16% төмөндөгөн;
• (2023-жылы 1 жоруктар жөнүндөгү иши).

Соттук материалдар – 351 (2023-ж. – 469), бул 25,16% төмөндөгөн, анын ичинде:
• 46 кылмыш иштери боюнча материал;
• 19 жаңы жана кайтадан ачылган жагдайлар боюнча материал (2023-ж. – 74), бул 74,32% төмөндөгөн;
• 119 сотко чейинки өндүрүш тартибиндеги материал (2023-ж. – 242), бул 50,83% төмөндөгөн;
• 134 жарандык жана экономикалык иштер боюнча материал (2023-ж. – 131), бул 2,29% көбөйгөн;
• 33 административдик иштер боюнча материал (2023-ж. – 22), бул 50% көбөйгөн.

**5. Ысык-Көл облустук соту** – 1260 иш жана соттук материал же 7,71% (2023-ж. – 1036 же 6,93%), бул 2023-жылга салыштырмалуу 21,62% көбөйгөн.

Иштер – 1025 (2023-ж. – 815), бул 25,77% көбөйгөн, анын ичинде:
• 149 кылмыш иши (2023-ж. – 136), бул 9,56% көбөйгөн;
• 43 укук бузуулар боюнча иш (2023-ж. – 31), бул 38,71% көбөйгөн;
• 693 жарандык жана экономикалык иш (2023-ж. – 523), бул 32,50% көбөйгөн;
• 140 административдик иш (2023-ж. – 125), бул 12% көбөйгөн.

Соттук материалдар – 235 (2023-ж. – 221), бул 6,33% көбөйгөн, анын ичинде:
• 47 кылмыш иштери боюнча материал (2023-ж. – 28), бул 67,86% көбөйгөн;
• 11 жаңы жана кайтадан ачылган жагдайлар боюнча материал (2023-ж. – 48), бул 77,08% төмөндөгөн;
• 91 сотко чейинки өндүрүш тартибиндеги материал (2023-ж. – 72), бул 26,39% көбөйгөн;
• 75 жарандык жана экономикалык иштер боюнча материал (2023-ж. – 71), бул 5,63% көбөйгөн;
• 11 административдик иштер боюнча материал (2023-ж. – 2), бул 450%, башкача айтканда 5,5 эсе көбөйгөн.

**6. Баткен облустук соту** – 534 иш жана соттук материал же 3,27% (2023-ж. – 456 же 3,05%), бул 2023-жылга салыштырмалуу 17,11% көбөйгөн.

Иштер – 416 (2023-ж. – 338), бул 23,08% көбөйгөн, анын ичинде:

- 109 кылмыш иши (2023-ж. – 101), бул 7,92% көбөйгөн;
- 24 укук бузуулар боюнча иш (2023-ж. – 24);
- 219 жарандык жана экономикалык иш (2023-ж. – 163), бул 34,36% көбөйгөн;
- 64 административдик иш (2023-ж. – 50), бул 28% көбөйгөн.

Соттук материалдар – 118 (2023-ж. – 118), анын ичинде:

- 17 кылмыш иштери боюнча материал (2023-ж. – 29), бул 41,38% төмөндөгөн;
- 7 жаңы жана кайтадан ачылган жагдайлар боюнча материал (2023-ж. – 28), бул 75% төмөндөгөн;
- 64 сотко чейинки өндүрүш тартибиндеги материал (2023-ж. – 43), бул 48,84% көбөйгөн;
- 22 жарандык жана экономикалык иштер боюнча материал (2023-ж. – 18), бул 22,22% көбөйгөн;
- 8 административдик иштер боюнча материал.

7. **Нарын облустук соту** – 911 иш жана соттук материалдар же 5,57% (2023-ж. – 346 же 2,31%), бул 2023-жылга салыштырмалуу 163,29% көбөйгөн, башкача айтканда 2,6 эсе көбөйгөн.

Иштер – 825 (2023-ж. – 244), бул 238,11% көбөйгөн, башкача айтканда 3,3 эсе көбөйгөн, анын ичинде:

- 58 кылмыш иши (2023-ж. – 44), бул 31,82% көбөйгөн;
- 18 укук бузуулар боюнча иш (2023-ж. – 14), бул 28,57% көбөйгөн;
- 714 жарандык жана экономикалык иш (2023-ж. – 144), бул 395,83% көбөйгөн, башкача айтканда 4,9 эсе көбөйгөн;
- 35 административдик иш (2023-ж. – 42), бул 16,67% төмөндөгөн.

Соттук материалдар – 86 (2023-ж. – 102), бул 15,69% төмөндөгөн, анын ичинде:

- 17 кылмыш иштери боюнча материал (2023-ж. – 28), бул 39,29% төмөндөгөн;
- 1 жаңы жана кайтадан ачылган жагдайлар боюнча материал (2023-ж. – 15), бул 93,33% төмөндөгөн;
- 43 сотко чейинки өндүрүш тартибиндеги материал (2023-ж. – 26), бул 65,38% көбөйгөн;
- 3 укук бузуулар боюнча материал (2023-ж. – 8), бул 62,50% төмөндөгөн;
- 16 жарандык жана экономикалык иштер боюнча материал (2023-ж. – 20), бул 20% төмөндөгөн;
- 6 административдик иштер боюнча материал (2023-ж. – 5), бул 20% көбөйгөн.

8. **Талас облустук соту** – 382 иш жана соттук материал же 2,34% (2023-ж. – 336 же 2,25%), бул 13,69% көбөйгөн.

Иштер – 314 (2023-ж. – 266), бул 18,05% көбөйгөн, анын ичинде:

- 54 кылмыш иши (2023-ж. – 65), бул 16,92% төмөндөгөн;
- 34 укук бузуулар боюнча иш (2023-ж. – 34);
- 189 жарандык жана экономикалык иш (2023-ж. – 131), бул 44,27% көбөйгөн;
- 37 административдик иш (2023-ж. – 36), бул 2,78% көбөйгөн.

Соттук материалдар – 68 (2023-ж. – 70), бул 2,86% төмөндөгөн, анын ичинде:

- 10 кылмыш иштери боюнча материал (2023-ж. – 7), бул 42,86% көбөйгөн;
- 4 жаңы жана кайтадан ачылган жагдайлар боюнча материал (2023-ж. – 12), бул 66,67% төмөндөгөн;
- 19 сотко чейинки өндүрүш тартибиндеги материал (2023-ж. – 25), бул 24% төмөндөгөн;

• 17 укук бузуулар боюнча материал (2023-ж. – 2), бул 750% көбөйгөн, башкача айтканда 8,5 эсе көбөйгөн;

• 13 жарандык иштер боюнча материал (2023-ж. – 23), бул 43,48% төмөндөгөн;

• 5 административдик иштер боюнча материал (2023-ж. – 1), бул 400% көбөйгөн, башкача айтканда 5 эсе көбөйгөн.

Апелляциялык инстанциядагы соттор тарабынан кылмыш иштердин каралышы:

2024-жылы апелляциялык инстанциянын соттору тарабынан 3248 адамга карата 2473 кылмыш иш каралган, бул 2023-жылга салыштырмалуу 0,12% атөмөндөгөн (2023-ж. - 3173 адамга карата 2476 иш).

Кыргыз Республикасынын КЖПКде көрсөтүлгөн мөөнөтүнөн жогору каралган иштердин саны 302 ишти же жалпы каралган иштердин санынын 12,21% түзгөн (2023-ж. – 426 же 17,21%).

Кайтарылган иштердин саны 299 (2023-жылы – 337), бул 2023-жылга салыштырмалуу 11,28% төмөндөгөн.

Апелляциялык даттануунун жыйынтыгы боюнча биринчи инстанциядагы соттор тарабынан каралган кылмыш иштердин сапаты (адамдар боюнча):

• 1771 адамга карата соттук актысы өзгөртүүсүз калтырылган, бул даттангандардын санынын 54,53% түздү (2023-ж. – 1618 же 50,99%);

• 562 адамга карата соттук актылар жокко чыгарылган, бул 17,30% түздү (2023-ж. – 634 же 19,98%), анын ичинде 45 актоо өкүмдөрү (2023-ж. – 66);

• 914 адамга карата соттук актысы өзгөртүлгөн, бул 28,14% түздү (2023-ж. – 921 же 29,03%), анын ичинде:

▪ жаңы жаза чараларын аныктоо менен – 51 (2023-ж. – 59);

▪ квалификацияны өзгөртпөстөн жаза чарасын төмөндөтүү менен – 29 (2023-ж. – 95);

▪ кылмыштын квалификациясын өзгөртүү менен – 34 (2023-ж. – 71);

▪ башкалар – 800 (2023-ж. – 696).

• Апелляциялык өндүрүштүн кыскартылганы – 1 же 0,03%.

Апелляциялык тартипте каралган кылмыш иштеринин негизги категориялары:

• менчикке каршы кылмыштар – 847 же 34,25% (2023-ж. – 834 же 33,68%), бул 1,56% көбөйгөн;

• ден соолукка жана өмүргө каршы кылмыштар – 304 же 12,29% (2023-ж. – 321 же 12,96%), бул 5,30% төмөндөгөн;

• мамлекеттик жана муниципалдык кызматтык кызыкчылыктарына каршы коррупциялык же башка кылмыштар – 223 же 9,02% (2023-ж. – 274 же 11,07%), бул 18,61% төмөндөгөн;

• коомдук коопсуздукка каршы кылмыштар – 144 же 5,82% (2023-ж. – 136 же 5,49%), бул 5,88% көбөйгөн;

• калктын ден соолугуна жана коомдук адеп-ахлакка каршы кылмыштар боюнча – 289 же 11,69% (2023-ж. – 254 же 10,26%), бул 13,78% көбөйгөн;

• башка кылмыштар – 666 иш же 26,93% (2023-ж. – 657 же 26,53%), бул 2023-жылга салыштырмалуу 1,37% көбөйгөн.

Кылмыш иштер боюнча соттук материалдардын каралышы:

2024-жылы апелляциялык инстанциянын соттору тарабынан 546 соттук материал каралган (2023-ж. - 477), бул 2023-жылга салыштырмалуу 14,47% көбөйдү, анын ичинен: биринчи инстанциядагы соттордун актылары өзгөртүүсүз калтырылганы - 390 материал, бул 71,43% түздү (2023-ж. – 332 же 69,60%).

Жаңы же кайтадан ачылган жагдайлар 133 соттук материал каралган (2023-ж. – 719), бул 2023-жылга салыштырмалуу 81,50% төмөндөгөн, анын ичинен:

- канааттандырылганы – 89 же 66,92% (2023-ж. – 665 же 92,49%);
